## ИСАБЕК ИСАКОВ



# ЖАШ ӨМҮРЛӨР



ИСАБЕК ИСАКОВ

# ЖАШ ӨМҮРЛӨР

ПОВЕСТЬ
ЖАНА
АҢГЕМЕЛЕР

«МЕКТЕП» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ · 1973

И $\frac{733-047}{М\ 452\ (17)-73}$ 106--72

Исаков Исабек

И 85

Жаш өмүрлөр. Повесть жана аңгемелер. Ф., «Мектеп», 1973.

180 бет ил. менен.

16,5 см. 8000 экз. 31 т.

Жыйнактагы аңгемелерде жаш бөбөктөрдү ак ниеттүүлүккө, кыйынчылыктарды жеңе билүүгө, өз крайын сүйүүгө жана үлгүлүү иштерди жарата билүүдөгү аракеттери баяндалат.

**Исаков Исабек**

Юные годы. Повесть и рассказы.

© Издательство «Мектеп» 1973 г.

# ЖАШ ӨМҮРЛӨР

**Повесть**



Мына, кыял деген кызык тура. Баятан бери сабак даярдоочу столунда эртеңки тапшырмаларын бышыктап коюп, окуган китептеринин каармандары менен сырдаш болгон Керим бирде даңктуу конструктор-инженер боло калса, бирде суу алды менен жүрүүчү кемени башкарып, океан, деңиз күчүн адамдардын бактысы, тынчтык турмушу үчүн кызмат кылдырган кереметтүү окумуштуу, бирде атагы ааламга кеткен баатыр колхозчу боло калат. Айтор, ал сан түркүн өнөрдүн баарысын билгиси келет.

— Пионер кыялданыш керек. Ал канчалык кыялданып, ошол самаган кесибине канчалык канат кагып, аракет жасаса аны өздөштүрбөй койбойт.

...Бир күнү вожатый балдар менен эрдик жөнүндө аңгеме өткөрүп жатып ушуларды кобурады.

— Силер бардыгыңар жашсыңар. Гүлүңөр жаңы гана ачылып келе жатат. Жакшы окуп, жакшы иш жөнүндө кыялданып, эмгекти сүйгүлө. Эмгек гана силер кыялданган тилекке, эрдикке жеткирет.

Вожатый эрдик жөнүндө көп мисалдарды айтып берди. Заманында өрт, дайрадан, октон, найзадан коркпой, эл намысы, эл тагдыры үчүн башын сайган адилет баатырлардын эрдиктери, Ата Мекендик согуш учурунда эрдик көрсөткөн жаш баатырлар жөнүндө да токтолду.

...Түнкү каардуу аяз. Көздөрүнөн чаары чыккан немецтик эки желдет жүзүнөн эрдиктин сүрү жайнаган, алсырап туткунга түшкөн жаш кызды ары-бери жыңайлак жетелеп жүрүштү. Кыз денесиндеги көгала тактар, кан тамчыларынын издери алиге кетелек. 50 градустан ашкан суукта жаралуу жаш кыздын дарманы ого бетер кетип, кыйноого түшпөй, ошол замат өлгүсү келет. Бирок немецтик желдеттер кызды куру өлтүрбөй ок-дары, жарак-жабдыктар салынган складды ким өрттөгөнүн билгиси келишет.

— Сен өрттөгөнсүң, чыныңды айт?

— ?

— Эгер чыныңды айтсаң, кудай урсун, коё беребиз.

— Мен силерге эч нерсени айтып бералбайм!

Кыздын тиши тиштерине тийбей, үшүп калтыраган калыбында ушундайча жооп берди.

Анын оозунан башка сөз чыккан жок. Немецтик

офицердин темир тогоолуу, бычак кырындай кайыш куру кыз жонунда дагы ойноду. Кыздын онтологон үнү гана сай сөөктү сыздатып турду.

Эртеси жаш патриот кыз даргага асылмай болду...

Вожатый агай Калкабай кийинки сөзүн үнүн каргылданта чыгарып тамагын жасай, аңгемесин кайрадан улаарда катар олтурган Чынаркүл менен Ыбыш жарыша үн катты.

— Ой, агай, айтып жаткан аңгемеңиздеги кыз-баатыр Зоя Космодемьянская го?!

— Ооба, балдар, Зоя. Анын эрдиги силерге маалым. Ошондой болсо да үлгү катары эскерип жатам.

— Зоя мектепте окуп жүргөн кезинде эле мыкты спортсменка экен.

— Ал жалаң гана «5» деген бааларды алуучу.

— Мыкты спортсмен, жүрөгү өрт үчүн 50 градустан ашкан катуу суукка чыдап жатат да!

Зоянын эрдик өмүрү жөнүндө мыкты билген балдардын жогоркудай үндөрү иретсиз чыгып жатты.

— Валя Котиктин эрдиги жөнүндө ким айтып бере алат. Жаш баатырлар жөнүндө жакшы билет окшойсуңар? — деди вожатый Калкабай балдардын китепти көп окуй тургандыгына ишенгендей.

— Мен айтып берейинчи — деп, ордунан сыпайы турган Чынаркүл, бир аз ойлоно, терезеге көз отун таштап,— Валя Котик көбүнчө партизан кыймылына баатырдык салымын кошкон пионерлерден. Ал немецтик басып алуучулардын ар кандай жерде жайгашкан топторун, курал-жарактарынын санын билип партизандарга маалымат берип турган. Анын эрдигин өзгөчө баалагандыгым — Валя Котик немецтердин бир нече тобун партизандар аңдып жаткан токойго алдап

ээрчитип барып, бардыгын кыргынга учуратып колго түшүрткөндүгүндө.

Чынаркүл Валя Котик жөнүндө кандайча кызыгып окуп калгандыгы жөнүндө чын сырын балдарга төкмөлөп жиберди.

— Бул повестти апам мага 5-классты ийгиликтүү аяктагандыгым үчүн сатып берип, менин балалык өмүрүм Валя Котиктин өмүрүндөй баалуу жана үлгүлүү болорун эскерткен эле. Ошон үчүн мен бул повестти кызыгуу менен окуп чыктым. Валя Котиктин сыйкырдуу эрдик иштерине сыймыктандым.

Вожатый агай балдардын эне жыт сезип, киндик кан тамган жергеси Карагоо айлынын жөнөкөй адамдары, алардын каармандык иштери жөнүндө да кур калтырган жок. Көрсө, Карагоо айлындагы күнүгө эле көрүп-билип жүргөн тааныш ага-эжелердин, ата-энелердин билинбеген эрдик иштери көп экен.

— Силер Керимдин атасынын комсомол кезиндеги кулактар менен кандайча күрөшкөнүн, баарынан да Алтын деген жесир аялды Искендер деген сүйгөн жигитинен ажыратып токолдукка зордоп ала турган Жайсаң молдону закон боюнча жазасын тарттырып, эки жашка эркиндик алып бергендиги эсиңердедир.

— Алтын эне менен Искендер атанын үйүндө да болуп, жаштык кездеги турмуштары жөнүндө ооздорунан укканбыз.

— Ал эми,— деди вожатый балдарды айландыра карап,— биздин айылда билинбеген дагы бир кызык адамыбыз бар. Анын жаштык өмүрү кийинки жаш муундар үчүн өзүнчө бир үлгү, өзүнчө өрнөк.

— Ал ким болду экен? — деди Керим аты-жөнүн билүүгө ашыгып.

Вожатый Керимдин бул суроосуна анча назар салбастан сөзүн улады.

— Балдар, Боз-Секинин тушуна жаңы стандарттуу там салдырган, эмгек үзүрү менен пенсияга чыккан Роза апаңарды жакшы билерсиңер?

— Ооба билебиз, Гүлгаакынын чоң энеси эмеспи,— дешти ичке назик үндөр.

— Ошол Гүлгаакынын чоң энеси Розанын силердей пионер кезинде алган «Ардак белгиси» ордени бар.

Балдар таң калгандай бири-бирине кирпиктерин түрө карашып иретсиз чуулдай кетишти.

— Оой-иий агай, билбейт экенбиз. «Ардак белгиси» орденин кантип алганын айтып берсеңиз?

Вожатый аңгемесин жай баштады.

— 1934-жылдын жаз айында Карагоодогу балдар үйүнүн тарбиялануучулары арасында бир жакшы демилге көтөрүлүп калды.

«Мекенибиздин күч кубатын чыңоого карата колубуздан келген жардамыбызды аябайбыз, Кызыл Аскерлер үчүн кулун, тайларды асырап беребиз...»

Бул демилгени колдогон балдардын ичинде жүзүнөн эндик нур тамган, жука эрин, кырдач мурун, кара каш Роза билегин түрүнө шымаланып сөз сүйлөп, пионер өлкөнүн мыкты жардамчылары экендигин белгилеп келип:

— Мен балдар үйүнө тийиштүү болгон он музоону асырап багамын. Мындан сырткары Кызыл Аскерлер минүү үчүн 5 кулун-тайды асыраймын, адамга мыкты үйүр алдырып, тилин билгендей кылып үйрөтөмүн.

Пионер Роза мына ушундай жыйынтыкка келди. Ал он музоону ойдогудай асыроодо, кулун, тайларды колго үйрөтүүдө жан тынымын алган жок.

Балдар үйүндөгү эртең мененки, түшкү жана кечки тамактануу учурунда артып калган нандын күкүмдөрү, күйүктөрү, табак түбүнө артып калган ботко,

кесме калдыктары, ундун майда кебектери, мөмө жемиштердин калдыктары тайлар менен музоолорго берилип турду.

...Кызык, бир күнү балдар үйүнө танапташ жашаган Бердалы деген ачуулуу абышканын ашканасына Роза баккан музоолордун төртөө кирип келип айтка боорсок жасай турган чарадагы камырын түп көтөрө жеп салышты. Буга аябай ачуусу келип жер тепкилеген Бердалы жалаңдаган бычагын ала жүгүрүп төрт музоону тең мууздап коёрдо, балдар үйүнүн тарбиячылары ажыратып калышты.

— Капырай, улуу күндүн урматына май жыты чыгара турган камырды жеп алганы эмнеси, шумдук. Жанагы томолой жетим калган, кудайдын чийининен чыккан шайтандын шакирти болгон Роза кыздын үйрөткөнү да!

— Мал деген талаадан эле тоюп келсе шүк койчу элек. Бул узабаган кыз... Өз курсагын тойгузуп алуудан мурда музоолордун камын көрүп, ак жүрөк пионер болот, ыя. О кудай бул жаман жөрөлгө ошол жетим кыздын өзүнө эле көрүнсө экен. Атайын айттыкка арнаган камырды...

Балдар үйүндөгү кичинекей Розаны Бердалынын аялы жерден алып көргө, көрдөн алып суута сала каргап-шилеп заар тилин далай агыткан.

— Бердалы ата, аман болсом бир чара камырдын өтөөсүнө чыгармын. Кой десеңиз энемди, каргап-шилебесеңер.

— Каргап-шилейм эле, айттык деген камырды сен үйрөткөн айбандын жеп кетиши эмне деген жакшылык, ботом!

...Арадан бир жыл өткөндө, жаш малчылардын райондук слётунда Роза кыздын баккан музоолору менен тайлары чоң мактоого алынды. Ошентип, слетто

Розага акчалай сыйлык жана грамота тапшырылды. Мындай кубаныч Розанын жүзүн ого бетер албыртып, эмгекке, мал багууга болгон шыгын ого бетер арттырды. Ал сыйлыкка тийген акчасына 5 килограмм набат, тандыр нандар сатып алып Бердалыныкына келди да дасторконунун үстүнө жайнатып койду.

— Бердалы ата, бир кезде менин баккан музоолорум тентектик кылып, сиздердин үйгө кирип келип, ачыткан камырыңарды жеп кетип, аябай уят болгон элем. Таарынычыңарды жазып, мага сыйлыкка тийген акчадан даам татып койгула.

Жайыл дасторконго көңүлү жибип жагалдана түшкөн Бердалынын чечекейи чеч болуп, жарпы жазыла Розага оң батасын берди.

— Омийин балам, бак карап, кыдыр даарысын, мал менен багың ачылсын. Бир кезде сени желкемдин чуңкуру көрбөсүн дечү элем. Эми кек санабайынчы.

Арадан көп күндөр өтпөй эле, февраль айынын экинчи жарымында, Кыргызстандан бир нече бала Москвага пионерлердин бүткүл союздук слетуна жөнөдү. Алардын арасында жаш малдарды шефке алып багууда республикага таанымал болгон демилгечи кыз Роза да бар эле. Ал слетко катышуу менен бирге жаш малдарды кандайча багып асырагандыгы жөнүндө айтып берди. Слеттун акырында анын көкүрөгүнө «Ардак белгиси» ордени тагылды.

Роза айылга келгенде аны карагоолуктар салтанат менен тосуп алышты.

— Кагылайын Роза, сенин абийирдүү болуп чыга келгениңе менин ак батам тийди деп ойлойм. Мындан ары да ишиң оңолсун,— деп алкаган Бердалы.

Ооба, Роза энеңер андан бери далай эмгек сиңирди. Ата Мекендик согуш убагында бригадир, жылкы, уй товар фермасынын башчысы, колхоздун башкармасы

да болуп иштеди. Анын өмүр жолу эчен татаал чыйырларды басып өттү. Ал эжеңер азыр пенсияда. Бир кездердеги пионер кыз, бүгүнкү күндө айлыбыздын атактуу адамы, анын азыркы кыроо чачтары эл бактысы үчүн агарган. Демек, Роза эжеңердин пионер кезиндеги иштери чыныгы эрдик эмей эмне?

Эрдик түгөндүбү. Жок, толуп жатат. Байкап ой жүгүрткөн адамга кадам сайын, ар бир иш сайын эрдик. Жеке эле согуш мезгилинде эмес, тынчтык мезгилде да эрдиктер дайрадай ташкындап жаратылып жатат. Заводдо болотту оргучтатып эриткен жумушчу, фабрикадагы токуучу эжелер, чабан ага, эжелер, адам өмүрү үчүн күрөшкөн врачтар—кыскасы бардык кесиптеги адамдар өз иштери менен эрдик көрсөтүп жатат. Тигине, алардын кээ бирлеринин көкүрөгүндө алтын жылдыздары жаркырайт. Алардын эрдиктери түбөлүк жашай берет.

— Агай! — деп вожатыйдын сөзүн бөлдү, четте олтурган Ыбыштын күрөө тамырлары чыңала, онтолоп сүйлөп,— бая күнү таякем Алтын-Булактагы балдар менен мени күрөштүрүп, баарын көтөрүп урдум. «Ой ээй, сен кара дөөдөй анык эр турбайсыңбы»—деп, мени жерге тийгизбей мактады. Демек, мен да оңой эмес экенмин, ээ!

Ыбыш өзүнүн «эрдигин» ырас айттым дегендей жанындагыларга жүлжүйө карады.

Балдар дуу күлүп жиберишти. Ыбыш башын ары-бери чулгап, жүзүнө каны ойноп, эндиктей кызара түштү.

— «Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат»—деген макалды эсиңе түшүрчү, Ыбыш.

Вожатый да Ыбышка күлүңдөй карады. Анын жылмаюусунан бала көңүлүн калтырбоо, кайрадан анын шыгын көтөрүү белгиси байкалып турду.

— Туура, көтөрүп урганың—күрөшкө болгон шыгыңдын артыкчылыгы. Балким, мыкты балбан, бүткүл дүйнөгө атагың кеткен спортсмен болорсуң. Дагы көнүгүү керек...

Вожатыйдын кийинки сөздөрүнө Ыбыштын жүрөгү жылып, таноолору дердеңдей түштү.

— Бирок,— деди вожатый Ыбыштын көңүлүн бура, сөзүн андан ары улап,— тентектик кылып терезеден секирүү, кыздардын чачын байлаштыруу, кичүүлөрдү ыйлатып, тапшырмаларды аткарбай, жолдошторун коркутуп көчүрүп алуу — «эрдикке» жатпайт... Бул наадандыкка жатат.

Ыбыш башын жерге шылкыйтып, сол бутунун учу менен тактайды чиймелеп мулуя түштү... Мурдагы көрүнүшү жок. Балдар да ага бурулуп карап калышты. Бирге курбалдаш өскөн Ыбыштын азыркы көрүнүшү адам боор ооругандай кой оозунан чөп албаган момундай байкала калды...

Ага чындыгында курбусу Керимдин да боору ачый түштү. «Ыбыш экинчи мындай адепсиздикке барбайт», деп, анын атынан айткысы келди. Бирок андай кайратка даап баралбады. Себеби вожатыйдын «тентектик кылып терезеден секирүү» деген сөзүнөн улам Ыбыштын оң колунун бармагынын үстүндөгү тырык так Керимди да иренжитип жиберди. Ошол терезеден секирүү убагында айнек кыры тилип кетип, Ыбыштын колунан аябай кан агып, бир жумага жакын калем кармай албай ириң тээп, запкы тартканын Керим жакшы билүүчү.

Ыбыш азыр да башын жерге салып жөн туралбай манжаларын ушалаган учурда алиги колдун тырыгы көзгө даана урунуп, 6-класстын, түштүк жакка караган терезесинен Ыбыш баштаган балдар чуру-чуу түшүп, бака-шака секирип жатканы, акыры кайрадан

терезеден ыргып чыгарда Ыбыштын айнекке колун алдырып алып дирилдеп кан акканы, терезе айнегинин быркырап дубал түбүндө жатканы көз алдына тартыла калды.

«Ий, желиң чыгын, жиникиниң сооло түштүбү. Мунун «эрдигин» көр, ой. Муштумун таштай түйүп, далай балдарды коркутуп, үркүтчү элең. Күнөөсү жокторго ызырынчы элең. Билсең ушундай болмоксуң?»

Ыбыштын айылдаш курбусу Тентике да өз ичинен ушундайча табалап жатты. Ал Ыбышты тикирее карап, кабагын бүркөй:

— Өзүн командир шайлап алып бизди коркута берет. Бейбаштык кылбаска убадасын берсин — деди.

Бул учурда Ыбыш Тентикени көзүнүн төбөсү менен карап, кыжыры келе таш алмадай түйүлгөн муштумун алдыртадан көрсөтүп кезеп-кезеп койду.

— Ооба, мени дагы коркутуп коёт. Баягыңды айтайынбы? Агай айткандай аның «эрдикке» жатпайт, адепсиздик «эрдигин» койсун.

— Эрдик деп, ат үркүтүп адамды өлтүрүп коё жаздаганын да жакшы билебиз. Пионер болгондон кийин аны жашырбай эле айткым келет.

Тентикенин талабын арткы партада олтурган ак сөйкөлүү шашыла сүйлөгөн Гүлгаакы да коштоп кетти.

Ырас эле мындан беш ай мурда колхоздо кароолчу болуп иштеген Өмүралы ата биртике майда жандыгынын кезүүсүн кайтарып кеч курун айылга келип калса, жашынбак ойноп жаткан курбалдаш балдардын арасынан Ыбыш бир далайга таптырбайт. Көрсө ал тонун аңтарасынан жамынып, тумагын тескерисинен кийип бети-башын көөлөп берки издеп жүргөндөргө таптырбайм деген максатта эски кампанын бурчунан итче төрт аяктап чыга калганда курсагы салаңдаган кер

тору бээ үркүп, үстүндөгү Өмүралы ата байкоосуздан учуп түшүп, жанбашын кокустатып он беш күн төшөктө жатып айыккан, Ыбыштын ата-энеси баласы үчүн айыпка жыгылышып, кой кезүүсүн эчен ирет кайтарып беришкен.

— Мектебине билдирбей эле койсоңор — деп, өтүнүшкөн Ыбыштын ата-энеси. Бирок айылдаш курбулары үчүн бул сыр эчак белгилүү эле. Ошондуктан Гүлгакы Ыбыштын «эрдигин» тайманбастан эле ортого салып таштады.

Тентектик жагы болсо да курбусу эмеспи. Керим Ыбышка дагы бир ирет көз отун таштап, бир кыйла боор толгоду. Ыбыш топ балдардын арасында сууга түшкөн балапандай үрпөйүп, токтоолук калыбына келип калгандай сезилет. Керим чыдай албай өз ордунан турду да:

— Ырас, бүгүн вожатый агайыбыздын эрдик жөнүндө, аны жараткан каарман адамдар жөнүндөгү кызыктуу аңгемесин угуп, Ыбыштын тентектик мүнөздөрүн, өзүнүн «эрдик» деп ойлогондорун ашкерелеп кеткендигибиз да эң туура иш болду. Менимче, баятан берки айтылгандар Ыбыштын сезимине жетти деп ойлойм. Эми Ыбыштын жакшы жактарын да эске ала кетсек. Ал комузчу, үнү да сонун, өздүк-көркөм чыгармачылык ийримине активдүү катышып, отрядыбызды алга сүрөсө дейм. Ыбыштын дагы бир жакшы жагы — боорукер, ак көңүл.

Ыбыш Керимдин кийинки сөздөрүн дагы айта түшсө дегендей кебетеси өзгөрүп, мойнун койкойто көтөрүп жүзүнө кан чуркай түштү.

— Ыбыш айылдагы кары адамдардын отунун жарып, суусун ташып берип жүргөнүн да көрүп калам. Бир гана...

Керим сөзүнүн аягына чыга электе Ыбыш энеси кирип келгендей эреркеп көз жашын төгүп уңулдап кирди.

— Баардыгы эле мени жектешет. Боорукер экенимди түшүнүшпөйт.

Сулуя эненин тегирменин салдырып берген ким экен, ыя?! — Өмүралы атанын бактарын кимиңер буташып берипсиңер? — Ал дагы бир топ иштин башын айтайын деди эле вожатый сөзүн бөлүп кетти.

— Ооба, ошентип боорукер, ак көңүл болуп, карыларга жардамдашканыңар — азаматтык.

Вожатый эл даңаза кылар эрдик жөнүндө дагы токтолду.

Бул сүйлөшүүдөн кийин Керим да ойлонуп калды... «Чын эле байкап көрсөк ар бир иште эрдик бар тура. Өз учурунда аны жаратуу гана керек турбайбы»...

* * *

Күн кечтеп калган. Керим баятадан бери үй тиричилигине жардам берди.

— Апаке, борщту мен эле жасап жиберейинчи.

— Жок, алдыңа кетейин. Өзүм эле жасайын. Эми сабагыңа олтур. Эртеден берки жардам бергениң деле жетишет.

Апасы уулуна жалооруй карап, ээгинен сылап, маңдайынан чоп эттирди.

— Тестиер тартып калсаң деле, кенедей кезиңдегидей эркелетип өпкүм келет.— Апасынын ичи жылып кетти көрүнөт. Ушинтип кобурады да капуста салынган көк мискейди көтөрүп тамак аш жасоочу бөлмөгө кирди. Анан кантсин... Бир үйдөгү балапан үн чыгар-

ган жалгыз бала — Керим, аны абдан аяйт. Келечекки бакыт-таалайын тилейт. Бирок Керимдин атасынын мүнөзү таптакыр башкача. Ал уулунун ар кандай жумушту көп жасашын, бардыгына көнүгүшүн, колдон келсе көп өнөрдү үйрөнүшүн талап кылат. Керим да атасынын ушул талабын жактырат. Анткени. кызыл жагоо тагынган пионер да! Пионер жаш кезинен эмгекте такшалып, кыйынчылыктарды жеңе билүүгө, чыйрак өсүүгө тийиш.

Керим эртеңки сабактарын бышыктап бүтөрү менен борщ да даяр болуп тамактанышты. Ал кечки тамактан кийин сыртка чыкты. Батыш тараптан соккон жел этек-жеңди желбиретип улам катуулайт. «Баягы күнү бүркөлүп турду эле эми шамалдап ачылмай болду» деди өзүнчө кобурап. Тигил колхоз клубун көздөй кеткен электр линиясынын алтын нур чачыраткан айнектери кандайдыр күңүрт күйгөнсүйт.

Керимдердин үйү Боз-Чаптын этегиндеги дөңсөчө жерде, көчөнүн баш жагында болучу. Төмөн карай шоссе жолду жээктеп тоо булагы күүсүн чалып, жайыкышы шылдырап агат. Анын комуз күүсүндөй болгон шылдыр үнүн ар дайым тыңшагысы келет. Ал булак кышкысын тоңбойт. Булак аккан арык жээктери кемирилип жарча болуп кетпес үчүн атайын жантайма кыр чыгарылып таштар төшөлгөн. Өткөн жылдары тигилген күмүш кабык теректер көк тиреп өсүп айыл көркүн чыгарып турат. Бай теректердин четин бойлой кеткен аллейичи... Ал өткөн жылы колхоз жаштарынын күчү менен асфальтталган. Бир аз жаан себелеп өткөндөн кийин таза абада серүүндөп бассаң, жаркыраган асфальт ыракат сезилет. Керим ушул асфальтка чейин келди. Түнкү муздак желге денеси бир аз чыйрыккансыды. Айланада күндөгүдөй эки-экиден кобурашып баскан улан-кыздар көрүнбөйт. Шаттуу

күлкүлөрүн чыгарып шаңдуу оюн курган учкул кыял балдар да жок. Кыязы бүгүн тигил колхоз клубунда оюн-шоок, жаңы фильм жок болсо керек. Болбосо айылдын борбордук көчөсү күндө бул маалда опур-топур болуп кетүүчү.

Батыш тараптан соккон өзөн сыдырымы бир аз басаңдап, тээ алыскы мейкиндиктер, шаңкайган Ала-Тоолор заматтын ортосунда кабагы бүркөлүп уюлгуган кара булутту жамына калды. Жазгы көктөмдүн жыты бир башкача. Жер жарыла, түркүн көк чөптөр жыбырап, бак-дарактар бүчүр жарып, суулар ташып айтор, табигат дүйнөсү мээримдүү жаз менен кайрадан жаралгансыйт. Жыл мезгилинин көктөм айы өз көркү, өз сый-урматы менен жан-жаныбарга сүйкүмдүү болгонсуйт.

Жаз мээрими азыр да Керимдин кыялын кытыгылап алыска-алыска учурду. Ал кыялында тажрыйба участогунда, колхоздун канаттуулар фермасында мыкты иштеди, жемиш бактарынан жаңы сорт жаратып, канаттуулар фермасындагы инкубатордон чыгарылган 100 жөжөнү чыгашасыз асырап Москвага — Эл Чарбасынын Жетишкендиктеринин Көргөзмөсүнө да бара калды... Пионер болсо да эмгек даңкын чыгарган орденден төшүнө тагынды.

Мына ушундай таттуу кыялдын деңизинде каалгый сүзүп, кадамын ылдамдата үйүн көздөй басты. Уюлгуган кара булут оттуу кылычтарын жарк-журк эттирип ойноктотуп замбиректин үнүндөй дабышы кулакты тундурат. Боз-Чаптын ичин жаңыртат. Чагылган жарк-журк эткен сайын айлана ак сүткө бөлөнүп кайрадан кара көшөгөнү тартына калат.

Асман мончогу себелей баштады. Керим эшиктин алдына жеткенде кара тукаба кемселин желбегей жамынып турган апасы каадасынча сүйлөнө баштады.

— Ыя балакетиңди алайын, түн кезип кайда жүрөсүң. Жатып уктабайсыңбы.

— Ары-бери басып дем алдым. Көңүл сергиттим. Ден соолукка кубат кошуп, өмүрдү узартат, апа.

Уулунун берген жообу апа көңүлүн жубатты көрүнөт, үйгө киргенде унчукпай калды.

Керим керебетине келип, жатууга камданып, өтүгүн чечери менен терезенин тушу дүбүрттөп атчан адам келип калды. Сырткы каалганы камчы сабы менен карсылдатып:

— Күлсүн эжеке, сүйүнчү! Гүлай эжем эгиз төрөдү.

Керимдин апасы эшикти көздөй атып чыкты.

— Болсун айланайын, оозуңа май, ак сар башыл!..

Керим өтүгүн кайрадан кие сала сыртка делбектеп чыга калганда, апасы сүйүнгөнүнө чыдабай кичүү таякеси Рыспекти атынан эңшере тартып бетинен өөп жатыптыр. Анан кантсин, эзели барылдаган бала үнүн укпай жүрүп эгиздүү болгон сиңдиси үчүн кубаныч толкуну тоодой боло түшпөдүбү. Керимдин апасы шашканынан кара бөртмө жоолугу желкесине түшүп кеткенин байкаган жок.

— Кудайым берет деген ушул. Айланайын кудай! — Үйгө карбаластап кирип гардеробдун суурмасындагы кара сумкасынан 10 сом алып чыгып Рысбекке бере салды.

— Мына сүйүнчүң, секет!

Рысбек дабыраган жаандан коруна, ат тизгинин оң жагына бура, каракүл жакасын желкесине карай түрүп сөзгө аралашты.

— Эжеке, уулуңуз Керим экөөңөрдү жездем эртең тезирээк келсин деди. Анын үстүнө короодогу койлору кызуу төлдөп, үй оокатына каралаша турган киши жок болуп турат.

— Баралы, айланайын, баралы!

Керимдин тажездеси менен таэжеси көп жылдан бери колхоздун коюн багып чабан болуп иштешет. Ийгиликтери жаман эмес, үч жылдан бери мыкты көрсөткүчкө ээ болуп эл оозунда айтылып жүрөт.

Быйылкы жазда койлорун кыштоодо, айылдын баш жагындагы сарайда төлдөтүп калган. Бир үйдүн ортосунда эрмек кылар бала жок эле. Эми чүрпөлүү болушту. Болгондо да эгиз!

* * *

Керим апасы экөө шашылыш келатты. Керимдин көз алдына өткөн жылы жаз айында болгон бир окуя элестеп алды. Анда таяжеси бир аз ноокастап калып, Керим жалгыз бой калган тажездесине кол кабыш кылып жүрдү. Жазгы каникул учуру болучу. Керим туут сарайына жакын жерде жайылган койлордун алдын имерип, короону көздөй айдаарда аябай чидерип толготуп жаткан ак төбөл боз соолукка туш болду.

— Бечарай, аман-эсен тууса экен!—Керим ушинтти да тажездесинин үйрөтүүсү боюнча башы, эки алдыңкы буттары салаңдап чыккан козуну ичке манжа колдору менен сүйөй тартып алды. Ак төбөл там-туң кыбыраган козусунун чарайнасын мекирене жалап, жан талашып турду да кайрадан чиренип толгоо тартып экинчи эгиз козусун таштады. Малга жаңы гана аралашып көнүп калган Керим ак төбөл кой экинчи козунун чарайнасын жалап жатканда «Эмчек үрптөрүн чыгарайын, болбосо козулары желим чычкак болуп өлүп калышат» деп, ак төбөлдү желинге муштагылап саай баштады.

Желимдей каткан үрптөрүн чыгарды. Ак төбөл кой эгиздерине тегерене айланчыктап, улам-улам ме-

киренип, анан дагы бир ирет толгоо тартып жатып калды.

— Кудай урду... Ак төбөл эми өлүп калат го,— деп ойлоду, Керим аябай эси чыгып. Бирок анын коркуу сезими кубаныч менен бүттү. Ак төбөл үчүнчү козусун тууду. Козуларды суукка үшүтпөй телчиктирип эмизип, атайын жылуу баштыктарга салып тумчуктурбай сарайга алып келген Керим үйгө чуркап кирип муну айтты,

— Тажезде, сүйүнчү, ак төбөл үч козу тууду. Желининин үрптөрүн чыгарып, козуларын чала тоют эмиздим.

— Чүш... акырын балам... Үч козу деп кыйкырба. Кудай берейин десе, ошентип үчтөн да тууйт.

— Кой үчтөн туушун биринчи көрүшүм.

— Чүшш... Көп кыйкырба... Эмесе экинчи, үчүнчү жолу да көрөсүң, аманчылык болсо... Багуусу жарашса, тоюту мыкты болсо соолуктар үчтөн да тууйт.

Ошол өткөн жылы тажездесинин алган төлү жүзүнө жүз элүү бир козудан айланып, колхоз боюнча алдыңкы орунду ээледи. Сыйлык алып, сыймыкка бөлөндү.

Баятан бери ушуларды элестетип келаткан Керим: «Таежем эгиз гана эмес, сразы эле үчтү төрөп койсо кандай кызык болор эле. Оо, анда Карагоо ичине дүңк эле дей түшмөк»... деп да ой жүгүрттү.

Керимдин, өзгөчө апасынын сүйүнүчүн айтпа! Бир тууган сиңдиси дегенде ичкен аягын жерге койгон адаты бар. Жети бир тууганда өлүп олтуруп, эже-сиңди гана калган. Алардын ынтымагы чың, бири-бирине болгон боорукерлиги, кичи пейилдигин айтпа... Уздук ишмердиги эл оозунда... Жакшынын сыңары катары айтылып жүрөт. «Күлсүн тигип берген ичик», «Гүлай

тигип берген кемсел» дешип, кайсы бирөөлөр кийген кийимдеринин жарашыктуу формун мактоого алышат.

— Каап,— деди Керимдин апасы бир нерсени унуткандай,— шашып жатып алиги чечектен сурабай калган турбаймынбы.

— Эмнени?

Керим апасына шашыла суроо берди.

— Таяжең балким тигил төрөт үйүндөдүр. Жаанда убара болбой, ошол төрөт үйүнө эле барбай...

— А киши өз үйүндө эле. Толгоосу жеңил болуп өз үйүнөн төрөсө керек.

Бул сөзду Керим айтарын айтып алып, апасынын көзүнчө ыңгайсыздана түштү. Же мурун таэжесиникине барып көрүп келсечи... «Оо, эси жогум, десе, бул эмне дегениң... энесинин көзүнчө ошентип да сүйлөйбү?»

Апасынын унчукпай мукактана түшкөнү жогорку жемени бетке чаба айткандай сезилди. «Ай ушул менин байкабастыгым... Ушундай ээликмемди кантип токтотом»... Керим өз ичинен ушундайча күбүрөп алды.

— Болуптур, үйүнө эле бара көрөлүчү,— деди апасы бир топко дейре үн катпай келип кадамын ылдамдата.

Жаан мурдагысынан күчөп кийимдер шөлбүрөй түштү. Алар сарайга жетип келишти. Керимдин «А киши өз үйүндө эле...» дегени оозуна сала берди болуп төп келди. Таяжеси эгиз ымыркайларынын катарында башына катар-катар жаздык койдуруп төшөктө экен. Ортодогу меште таш көмүрдөй табы бар койдун көңү жалындап күйүп, бөлмө ичи жылуу. Мештин оң жагында дасторкон жайылып түрлүү конфеттер, көмөчказан пандар, тарелка-тарелка майлар салынып чай

ичилүүдө. Керимдин апасы пальтосун чечип төргө өтөр менен четте отурган эки аялдын үнү жарыша чыкты.

— Ой, ботом, көрүндүгүн бергин.— Көк жоолукчаны тура калып тиги жаңы төрөлгөн эгиздерди калкалай калды.

— Уулуң экөөңөрдөн балдардын көрүндүгүнө козу доолап алам. Булар силердин эле балдарыңар.

— Болуптур, айтканың мойнумда болсун.

Керимдин апасы балдардын бетин ачып мурундарынан чымчып өптү да:

— Боосу бек болуп, өмүрлүү болушсун. Кудайым көзгө көрсөткөн соң, жер жүзүндө тирүү жүрсө болду,— деди.

Аркы-беркини кобурашып олтуруп, күн кечтеп калыптыр. Сарайдагы сакмалчылар биринен сала бири үйгө кирип колдорун ысык мешке кактап:

Буюрса бүгүнкү төлдөр жаман эмес. Эгиздер көп!— деп кобурашат.

Бир кезде Керимдин тажездеси үйгө шашып кирип келди.

— Керим садага, төркү үйдөгү кийим илгичте турган боз плашымды алып чыга калчы. Өткөн жылы биздин колхоздо монтёр болуп иштеген Ыбырай келип калыптыр. Аны менен сарайга орнотулган электр карагайларынын зымдарын байлаштыра коёлу.

— Ооба ошенткиле, жаанда сарайыңар жаркырап турганы жакшы. Анын үстүнө койлоруңар кызуу төлдөп жатпайбы. Жаш туулган козуларды караңгыда тумчуктуруп албагыла,— деди Керимдин апасы да алдын ала камкордук кылгандай.

Керим тажездесине боз плащын алып берип өзү да сыртка кошо чыкты.

— Сен фонарикти жарык кылып турчу, Керим.

Ыбырай байкең карагайга чыгып электр зымдарын туташтыра койсун.

Тигил электр зымдары эшик алдынан өткөн жогорку вольттуу линиядан сарай жакка туташтырылмак экен. Ыбырай когтасы жок болгондуктан карагайга узун шаты менен жеңил эле чыгып барды. Шатыны Керим менен тажездеси кыймылдатпай кармап турушту. Ыбырай заряды бар биринчи зымды эптүүлүк менен бекем байлады да эми экинчисине кирише баштады. Бул убакта жаан бир аз күчөп келди. Тигил карагай башында тырбалаңдап жүргөн Ыбырай гана эмес, жерде тургандар да көлмөдөн чыга калгандай шөмтүрөдү.

— Мына аз калды. Бир аздан кийин сарайдын аймагы алтын нурга бөлөнөт. Жаш төлдөрдүн бирин да тумчуктурбай, аман сактайбыз,— деди Ыбырай карагайга ык сала, буттарын шатыга бекем коюп.

Чындыгында эле коркунуч. Нымдуулук... Жаан... Ал эми өз ишине берилип көнүккөн Ыбырайда коркунуч сезими байкалбайт.

Бир маалда зымдар да туташтырылды. Лампочка жарк дей түштү. Сарайдын айланасы алтын нурга бөлөнүп Ильич шамынын нурлары тигил үйдөгү жаңы төрөлгөн эгиз балдардын дүйнөгө жаңы келишин куттуктагандай сүттөй нуру төгүлүп турду.

Бирок кырсыкты кайдан дей турган эмес. Ыбырай төмөн карай түшөмүн деген ойдо буттарын шатыга ыкшап козголтту. (Бул убакта колундагы ток өткөрбөөчү резина мээлейин төмөн карай ыргытып жиберген эле). Ал электр зымдарына 30 сантиметрдей жакын турган болучу. Көнөктөгөн жаан коюн-колтугун аралап, денеси чыйрыккансыды окшойт, сол колу менен карагайды кармап, оң колу менен кабагына түшө калган шапкесин оңдоого аракет жасады.

Мына ушул учурда Ыбырайдын оң колу жана суу шапкеси ток өтүп жаткан электр зымына кандайдыр тийип кетти да бийик карагайдагы шатыдан тоодон кулаган таштай учуп түштү. Бул көрүнүш көздү ачып-жумганча болду. Жерге катуу күч менен тийгендиктен Ыбырайда өң алаттан эч нерсе жок. Атайын бирөө демин кыстара өпкө-боорун куушуруп таштагансып кыймылы жок сулк жатты. Эл чогула калды.

— Ой, электр тогу тийгенде жерге көмө коёт дешчү эмес беле?!.— Четирээк жактан кандайдыр бир аялдын үнү угулду.

— Антүүгө болбойт.

Керим шашыла ушул жоопту айтты да тажездеси менен бирдикте Ыбырайдын сүрүлүп айрылган жаагын таңып жиберди.

— О, кокуй, эмне шумдук болуп кетти!

Сакманчы болуп иштеген Ыбырайдын колуктусу айлананы жаңырта чаңырды.

— Кандай балакеттүү зымга асылдың эле, кокуй!

— Кыйкырык-чууну көтөрбөгүлө. Эс алдырып тез жардам берүү керек.

Керим мектептеги санитардык кружоктон үйрөнүп алган алгачкы медициналык жардамын көрсөтүүгө шашылды. Ыбырайдын жүрөгүнүн бир аз гана согушу болбосо, дем алуусу дым. Ошондуктан адегенде колдорун кыймылга келтирип жасалма дем алдырып турушту. Бирок Ыбырай ошол замат эле кыймылга келе койгон жок.

— Апа, үйдө ак даки болсо алып келе коюңузчу?

— Аны эмне кыласың?

Керимдин апасы шашыла ушинтти да үйдү карай чуркады. Заматтын ортосунда даки даяр болду.

— Үйгө алып кирбейлиби?

— Жок, жаан басылып калды, сыртта бир аз эс

алсын,— деди Керимдин тажездеси. Анын бул оюна тигилер макул болгон жок. Ыбырай аганы төрт кишилеп үйгө көтөрүп киргизишти: ысык үйдүн бир терезесинин кичинекей форточкасын ачып коюшту. Андан салкын жел согуп турду. Керим апасы алып келе калган ак дакини Ыбырайдын оозуна эки кабаттап койду да үйлөй баштады. Бул дем алдыруунун медициналык бир түрү эле.

— Ой, доктурга киши чаптырбасак болбойт го,— деди кимдир бирөө шашыла.

— Мен эле бара коёюн. Акырындык менен минтип үйлөп тургула,— деди Керим кыймылын беркилерге туурап көрсөтүп.

Керимдин ордуна тажездеси олтура калып чекесиндеги мончоктогон терин шыпыра бак-бак этти.

— Садага болоюн Керим, тим эле доктур турбайбы?!

— Мектептен, мугалимдеринен үйрөнгөн да!

Ушул сөздөргө аралаш Керим үстү саман менен жабылган сарайдагы кер торуга кандайча жетип келгенин өзү да байкабай калды. Кер тору ээри менен турган экен. Шып ыргып минди да, удаа-удаа камчы уруп төмөн карай чуу койду.

Шашканда жолдун кандай экендигине да караган жок. Ат туягынан от жалындарын чагылта, оозун коё берип колхоздун кеңсаларына жетип келди да ооруканага, дежурный врачка телефон чалды. Кайрадан атка минип бер жакка бастырарында төмөн жактагы бая көрүнгөн үч караан да келип калды. Алардын бирөө Керимдин атасы, экинчиси — агроном, үчүнчүсү—зоотехник экен. Райондук кеңешмеден кеч чыгышкан көрүнөт. Керимдин атасы баласын көрүп чочуп кетти.

— Уулум, эмне кылып жүрөсүң?

Керим болгон окуяны толук айтып берди. Тигилер баштарын чайкашып жарыша сөз катышты.

— Иши кылып тирүүбү?

— Тирүү. Жасалма дем алдырып жатабыз.

Алар да желе-жорто жетип барышты.

— Азыр докторлор келип калат,— деди Керимдин атасы.

Салый аттуу аял Ыбырайдын жанына айланчыктап келип үнүн кейиштүү чыгарды.

— Бул ырысы жок Ыбырай бала чакасына тээк болуп жүргөндө...

— Гүлай эгиз төрөп сүйүнүп олтурсак, муну укканда эсибиз ооп шалдайып калбадыкпы.

— Эч нерсе эмес. Бардыгы ордуна келет. Ыбырай да сакайып кетет.

— О кудай, ошондой эле болсун. Жамандык кара түн менен кошо кетсин. Куюшкандуу кудайым жакшылыгын эле уласын. Жакшылык берсин.

Салый жакасын кармана, балапанын издеген кыргоолдой ары-бери чебелектейт. Көрсө а киши Ыбырайдын бир ата өткөн жакын эжелеринин бири болот экен.

Арадан көп убакыт өтпөй кызыл крест белгиси бар «Тез жардам» да келип калды. Анын ичинен ак халат кийген санитарка кыз, тажрыйбалуу башкы врач Эсей чыга калып электр тогунан запкыланган Ыбырайдын жүрөгүн тыңшап, кол тамырын кармап көрүп:

— Баятадан бери ырас дем алдырып турган экенсиңер. Эми токтоосуз машинага салгыла, ооруканага алып кетебиз. Дарылоону талап кылат,— деди чеçкиндүүлүк менен.

Кызыл крест белгиси бар, «Тез жардам» машинасы өлүк жандай абалда калган Ыбырайды салып төмөн карай зымырады.

Тигил карагай башында жаркырап турган электр шамы бал-бал этип: «Эл мүлкү, эл жыргалы үчүн камкордук көргөн жакшы адамдар бизде көп. Тигил Ыбырай да ошондой адамдардын бири» дегенсип, алтын нурларын- алыска таратып турду. Ал эми кездеше калган кырсыкка бөгөт болуп, аз да болсо билген жардамын Ыбырай агасына көрсөткөнүнө Керим да сыймыктана түштү. Балким, бул иши кичине болсо да чыныгы адамкерчиликтин жышаанасы болуп жүрбөсүн!

* * *

Там боорунда илинген календарь баракчалары бир нече жолу жыртылды. Учкул күндөр эчен жаңылыктарды алып келип жатты. Электр тогунан запкы көргөн Ыбырай ооруканадан сакайып калды. Ага Керим атасы менен кошулуп эки жолу барып, ал-абалын сурап келди. Биринчи жолукканда көздөрүн жайната, Керимге кадала карап эриндерин күбүрөтүп бетинен сүйдү да:

— Керим, сага эмне деп алкыш айтаарымды билбей турам. Өмүрүмө аралжы болуп жанымды сактап калыпсың, садага рахмат, тайманбай жасаган аракетиңе!

— Эч нерсе эмес, байке. Ал менин жөнөкөй гана пионердик милдетим эмеспи,— деди Керим бир аз жылмая, анын үстүндөгү көгүш халатына, бутундагы боз тапочкасына айланта көз чаптырып,— сиз жүрөгүңүздөн чыккан чыныгы алкышты врачтарга айтыңыз, келечек өмүрүңүзгө чыныгы аралжы болушкан ошолор.

Ыбырай «туура айтасың» дегендей башын ийкеңдеткенде, ак кагаздай өңүнүн күрөө тамырлары көгүш тартып турду.

— Кошуңуз байке, дагы келип турам. Зерикпеңиз, колуңуздагы китепти окуңуз! — Керим ага «Кыргыз эл жомоктору» деген китепти ала барган эле. Ыбырай Керимге колун бир-эки булгалап, оорукананы айланта курчаган байса дубалдын дарбазасынан чыгып кеткенче көзүн албай карап турду. Анын мындайча көпкө карап турушунда көлкүгөн кандай сырлар бар экендигин кичинекей Керим биле албады...

* * *

Бир күнү мектепте металл сыныктарын жыйноо боюнча беш күндүк жарыяланып калды. Мунун мурунку күнү дружина боюнча жаш авиомоделисттердин экинчи жолку мелдеши өтүп, мында Керим жасаган кыймылга келүүчү модел алыска учуу жагынан биринчи орунду ээлеген. Ошондогу кубанычты айтпа... Мына, балдар бийик дөң алдындагы кенен жайык спорттук аянтчага чогула баштады. Кызыл жагоочондор менен бирдикте жылдыздуу бөбөктөр да тойпоңтойпоң этип секире аралашып жүрөт. Алар да көңүлдүү сүйлөшөт. Авиомоделизм боюнча үйрөткөн физика сабагынын мугалими Түкөш агай мелдешке чыккан балдарды бир кылка катарга тургузду да моделдерди тартип боюнча бирден учурууну талап кылды.

— Моделдердин учуу аралыгы — 250 метр! — деди Түкөш агай мелдешке катышуучуларга.

Финиш аяктаган жерде Гүлгаакы баштаган үч төрт бала жүрөт. Аларга моделдердин учуу ылдамдыгын текшерип туруу милдети тапшырылган. Бир кезде команда да берилип биринчи кезекте турган Үсөн пружинаны ыжылдата толгоп акыркы чегине жеткенде коё берди эле, ак канат модел асманга атылып барып,

кайрадан жай калкып төмөн карай сызды. Ал асманга атылып барып кайрадан төмөн түшкөндө кандайдыр үнү басаңдап, канаттары эки жагына термелип барып түштү.

— 200 метр, ылдамдыгы — 3 мүнөт ! — деп кыйкырышты финиште тургандар.

Экинчи, үчүнчү, бешинчи моделдер да учурулуп, араң гана 150 метр аралыкка барып жатышты. Эмки кезек Керимге келди. Ал боорунда кызыл жылдызы бар көгүш канат эки баскычтуу моделинин арткы пружинасын бурай берди да акырына келгенде батыш тарапка жантайта кармап коё берди. Көгүш канат модел асманда зырылдаган үн чыгарып, ылдый карай ылдамдыкта кайып учуп жерге жумшак барып конду.

— Алыстык аралыгы — 253 метр, ылдамдыгы--3 минута! — деп кыйкырды Гүлгаакы үнүнүн бардыгынча Керимдин ийгилигине ыраазы болгондой. Дружинанын туу көтөргөн линейкасы алдында мелдештин жыйынтыгы чыгарылып, вожатый Керимге кагазга оролгон китептерди сый кылып берди. Авиомодель жасоо боюнча пионер-инструктор деген наам алгандыгын да жарыя кылды.

— Дагы бир кубанарлык иш! — деди улуу пионер вожатый мойнуна тагынган кызыл жагоосунун учун төмөн карай сылап, Керим жаш авиомоделист гана эмес, ал кыйынчылыктардан коркпогон, адамгерчиликти сүйгөн тартиптүү бала. Жакында ал өзү жашаган «Жылдыз» колхозундагы монтер болуп иштеген жигит Ыбырайдын өмүрүн сактоодо мыкты жардам берген.

Балдар «бул кандайча окуя» деген сыяктуу бир аз дүргүй түштү. Кай бирөө эңкее калып катарда турган Керимди кароого аракет кылышат. Вожатыйдын эскертүүсүнөн кийин алар жымжырт боло калышты.

Вожатый колундагы көк конверттен бир барак кагазды сууруп чыгып үнүн жасап окуй баштады. Катта монтер Ыбырайдын өлүм алдында калган учуру, андан кимдер кутултканы, Керимдей балдарды тарбиялап жаткан пионер уюмуна чыныгы алкыш айтылгандыгы кыскача баяндалыптыр. Кат окулуп бүтөөр менен:

— Керим азамат!

— Ал жаман сары ошондой болучу!

— Вот, пионердик поступка!

Мындай кобурлар даана угулуп турду. Керимдин эки бети албырып, жүрөгү элеп-желеп согуп турду. Тигил алкыш айтылып жазылган катка бир чети сыймыктанса, бир чети ыңгайсызданды. «Андай кырсыктар кез келсе, ага жол бербөө ар бир эле адамдын, анын ичинде кызыл жагоо тагынган биздей балдардын милдети эмеспи», — деди өз ичинен ой көлүнө батып. Бирок анын бул ойлорун вожатыйдын кийинки сөздөрү бөлүп кетти.

— Балдар, мындан төрт ай мурда «Эрдик түгөндүбү?» — деген темада дружинанын сборун өткөргөнбүз. Андагы аңгемеде эрдик силердин ар бир ишиңерде, ал гана эмес баскан жолуңарда пайда болорун айткан элек. Мына, Керим ошол эрдиктин бир түрүн кайталаган. Бул майда иш эмес. Бул пионердик чечкиндүүлүк. Кыйынчылыктан коркпостук.— Вожатый Керимди мактоого ала айтып келип, отряд советинин председатели кылып шайлоого сунушун киргизди. Анткени, отряд советинин мурдагы председатели отличник Сайнанын ата-энеси башка ишке которулгандыгына байланыштуу Фрунзеге көчүп кеткен болучу. Сайнанын балдар менен коштошоордогу төмөнкүдөй сөздөрү алардын кулагына күнү бүгүнкүдөй угулуп турат. Ал мына булар:

— Балдар, кат жазышып туралы да! Эми силерди мен аябай сагынам го. Себеби, бир үй-бүлөнүн балдарындай ынтымактуу болуп, бири-бирибиздин сырыбызды билишип калдык ээ. Ыбыш, өзгөчө сен таарынбасаң, отряд советинин председатели катары жеме сөздөрүм тийип калдыбы деп ойлойм. Эгер андай болсо кечирип кой. Кечирим сурайм.

— Менин оңолушум үчүн камкордук көргөнүңдү кантип жаман көрөйүн — деген Ыбыш.

Керимди отряд советинин председатели кылып шайлоо туурасында азыркы вожатыйдын сунушунан улам анын катарында олтурган Ыбыштын өңү өзгөрүп, Керимди жактырбагандай көзүн сүзүлтө карап, бирдеме сүйлөй тургандай, тамагын жасай күрсүнүп, кайрадан тим болуп калды. Баягыда «Ыбыштын эрдиги» жөнүндө айткан вожатыйдын какшыгы ага бычактай тийсе керек. Ошондон бери тилин тикенектей жанганын, муштумун мурунга такаганын коюп калган. Кийинки мезгилдерде арифметика сабагынан «4» деген бааларды алуучу. Көрсө арифметикадан берилген тапшырмаларды өз күчү менен чыгарбай «алма быш, Оозума түш» кылып, кошунасы Кубаттын дептеринен көчүрүп алуучу тура. Анын мындай «жеңил» эмгеги өткөн аптада болгон «Эмгек — бул бакыт» деп, аталган отряддын сборунда катуу сынга алынган.

— Сага өзүбүз жардам берели, Ыбыш! Көчүрүп алуучу адатыңды кой, мындан ары.

— Силер мага антип жагынбай эле койгула!

— Биз «бардыгы бирөө үчүн, бирөө бардыгы үчүн» деген талапта турабыз, кежирликти коюш керек. Отряддагы балдар классты артка тартканыңа чыдай албайт.

Кежирленген Ыбыш мында да айлакерленип:

— Керек болсо мен Нарындагы таякемдикине ке-

тип ошол жактан окусам силерден кутуламбы? Мынча эле өгөйлөй берсеңер ошентем.

— Бизди антип коркутпагын. Окуганың өзүң үчүн! — деген Керим анын кежирлигине кыжыры келе кесе сүйлөп.

Акыры көпчүлүк коёбу, Ыбыш өз кемчилигин мойнуна алып «Жакшы иштердин жандоочусу» аттуу ардактуу наам үчүн курбулары сыяктуу ат салыша тургандыгын айткан болучу.

Мына эми андан бери бир топ убакыт өтсө да Керимдин сөзүн кек сактап калган көрүнөт. Керимди отряд советинин председателдигине шайлап, бүт класс кол көтөргөндө Ыбыштын эки колу күйүп калгансып партанын китеп салгычында турду. Бирок Керим аны кек сактаган жок. Отряд советинин председатели кылып шайлап олтурган соң ишти биринчи күндөн тартып эле колго алууну ойлоду. Ал бир гана Ыбыштын бетке карабай оронддоп тийген кыялынан айбыгат. Аны «Өзүм менен кантип ынтымакташтыра алам. Кандай тапшырма берсем» деп, вожатый менен да акылдашып көрдү. Вожатый аны мектептин коомдук иштерине кызыктырып тартууну айтты.

Керим ага пионердик тапшырма катары мектеп китепканасындагы айрым мукабасы жыртылган китептерди желимдеп ремонттоп келүүнү айткан. Ал пионердик бул ишке катышпастан, звено вожатыйдын да тилин албай, моюн толгоп басып кете бериптир. Эртеси Керим андан эмне үчүн звено вожатыйын тоотпогонун, ага кайдыгер кол шилтеп кете бергенин балдардын алдында айтып уяткарды.

— Биздин отрядда пионердик тапшырмасы жок бир да пионер болбосун деп сүйлөшкөнүбүз эсиңден чыгып кеттиби?

— Колдорун сыя кылып, чачынын өскөнүн көр!

— Эгер тартибин оңдобосо пионердик кызыл жагоосун алып коёбуз. Анан пионермин деп басып көрсүнчү.

Отряддагы балдардын аны тегеректеп биринен сала бири минтип жемелеши тигил Ыбышты тажатып, куйкасын куруштурду көрүнөт. Ал колдорун жогору көтөрө коюп, муштумдарын таштай түйө төшүн койгулады.

— Мени силер көралбастык менен басынтып жатасыңар! Дагы айтамын: минтсеңер Нарындагы таякемдикине кетип калам!

Ал ушинтип ызалуу кыйкырды да ыйлай турган кебетеленип, сыртка чыкты. Артынан Керим да жөнөдү. Ал түз эле жаңы курулган мектеп устаканасынын артына келип токтоду да эки колун чөнтөгүнө сала, башын шылкыйтып ойлонгон мүнөздө жер тиктеди. Айланада эч ким жок эле.

— Ыбыш, сени биз оңолсун, алдыңкы балдардын катарына кошулсун деп жатабыз.

Керимдин мындай дегенинен улам ал ага жалт бир карап алды да бир нерсе айтуучудай жакындап келди.

— Керим, жүрүчү быякка. Экөөбүз өзүбүзчө сүйлөшөлү.

Ыбыш Керимди оң колдон алып, ачуусу келгендей алга карай дегдеңдете жетеледи. «Мында бир сыр, бир маанилүү иш бар го», деген ой менен ал жетектеген жакка Керим тартынбай басты. «Ээндетип келип тепкилеп койбосун...» деген коркуу сезими да ойго келбей койгон жок. Бирок коркондо эмне, балдардын ыркына көнүп ийиксе болду. Класс ардактуу наамды жеңип алып «Керимдин отряды алдыңкы класс» делип, макталса экен деген ойлор канат талпынтты.

Ыбыш Керимди мектептин тажрыйба участогун тоскон ноолунун жанына ээрчитип келди да өңүн өз-

гөртүп, тишин кычыратып, турмуштан кечкен немече алка жакадан алды.

— Сен эмнеге эле мынча дердеңдейсиң? Же башкарманын баласы...

Ыбыш сөзүнүн аягына чыкпай үнү калтаарып, жакадан үч-төрт жолу өзүн карай силкип-силкип алды. Керим да жөн туруп калган жок. Олбурлуу немени жанталаша жакадан алып бой тиреше калды. Бирок былчылдашууга дити барган жок.

Ыбыш Керимди муштум менен коркутуп алам десе керек. Жакасын куушуруп өзүнө ыктай тарта, көздөрүн айланта карады.

— Байкап жүр бала, экинчи мага бирдеме десең. мына бу муштум менен мурдуңду жарып таштайм.

Ал таштай түйгөн муштумун Керимдин мурдуна такап жанып-жанып койду.

— Ыбыш, мен сага кастык менен айтып жаткан жерим жок. Жеке өзүмдүн ишим эмес, отряддын иши үчүн күйүп-жанып айтып жатам. Анткени, мен отряддын председателимин. Айтууга акым бар.

Керим үнүн жоон чыгара бак-бак этти. Бир убакта физкультура сабагынын мугалими Дардаш алардын маңдайынан чыга калды.

— Ой, силер эмнеге эле корозчо чокушуп калгансыңар?!

— Жөн эле агай, өзүбүзчө эле.

Керим чыр эмнеден башталганын айтпай жер карап мулуя жоон берди. Анын жанындагы Ыбыш тил каткан жок. Тымтырс боло түштү.

— Жөн эле болсо класска киргиле. Сабакка кирүүгө коңгуроо кагылбадыбы. Азыр физкультура сабагы башталат. Алар желе чуркап мектепке кириштি. Болгон окуя жөнүндө Керим мугалимге билдирген жок.

Ал Ыбыштын өзү менен сүйлөшкүсү келди. Акыркы сабактан чыгууга коңгуроо кагылары менен Керим китебин жыйгыча тигил Ыбыш мурда дыр койду. Кыязы директорго же вожатыйга алып барат деп ойлосо керек. Керимдин анте турган деле ою жок эле. Анын жакадан алып коркутканын кек санабай, жакшылап сүйлөшүп мектептеги комузчулар ансамблине катыш деп айтайын деген. Анын комузчулук өнөрү бар эмес беле. Балким, курбусунун жылуу кеңешине жүрөгү жибип, көңүлү эргип жүрбөсүн деген ой Керимдин сезимин бийлеп алган. Бирок алар эртеси класстан жолугушту...

— Ыбыш, мени чыныгы жолдоштукка санасаң, бүгүндөн баштап мүнөзүңдү өзгөртчү. Жакшы жолдош болчу?

Керимдин бул өтүнүчүн Ыбыш мурдагы мамилелерине караганда бир аз жылуу кабыл алды.

— Кана, эмне кыл дейсиң, Керим. Бардыгы эле жакшы болсо деген ниетим бар...

Ал эки колун жая ачылып сүйлөшүүгө өттү.

— Сен бүгүндөн баштап өздүк-көркөм чыгармачылык боюнча мектептик кароого даярдан. Сөзсүз биринчиликти аласың. Мен сага ишенем! — деди Керим.

— Бул сунушуң другой дело. Буга мен макулмун. Ал эми шылдың кылгансып жыртылган китептерди желимде дейсиң... Анын үстүнө Гүлгаакылар мага каткырып күлүп. Ошон үчүн...

Ал моюн толгогонунун сыры эмнеде экенин эми чечилип айтты.

— Мага үстөмдөп эле асыла бербей жумшак мамиле кылып жүргүлө, Керим. Кароого даярдык көрө баштайын. Бирок бул жөнүндө балдарга эч нерсе деп айтпай эле койсоң. Иштин натыйжасы өзү көрсөтөр,— деди.

Керим Ыбыштын кароого катышуусу туурасында балдарга эч нерсе деп айтпоого убада берди.

Ыбыш сабактарынан «2» албоого аракет кылып кароого да мыкты даярдыктарды көрдү. Болжогон күн да келип жетти. Мектептин кенен залында өздүк-көркөм чыгармачылыктын кароосу жүрүп жатты. Керимдин отрядындагы Гүлгаакы, Чынаркүл баштаган кыздар тобу «Кыргыз бийин» аткарып беришип олтургандарды ыраазы кылышты.

— Керим, силердин отрядда мындан башка чыгып ырдоочу балдар жок го,— деди конферансье кыз.

— Бар, биздин Ыбыш эки номер аткарат,— деди Керим шашыла.

— Ой, койчу анын коллектив менен бирдикте атайлап даярдык көрүп жүргөнүн байкаган жокпуз го?

— Ал өзүнчө даярдык көрүп жүргөн, азыр байкайсыздар.

Ыбыш ак көйнөк, кызыл жагоочон, башына төбөсү тик саймалуу топу кийип, комузун жантайта көтөрүп сахнага чыга келди. Ал сахна тарапка чыгар менен бир аз сүрдөп, мостоюңку тартты да кайрадан калп деле болсо жылмайыңкы, ыржыйып, көрүүчүлөргө жагалданып мээримдүү көрүнгүсү келди. Тигил залда олтургандардын кайсы бирөөлөрү сахнага чыгып келген Ыбышты тааный коюшуп:

— Ыбыш качантан бери ырчы болуп калган, ыя?

— Оо, ал кыйын ырдайт. Өткөн жылы «Сагындымды» ырдаганда далайлардын көз жашын төголотткон.

— Ыбыш «Шыңгыраманы» да шаңдуу айдатат.— Мына ушундай кобурлар жаңырып жатканда Ыбыш коңур үнү менен комуз күүсүн коштоого ала «Сагындымды» жай, созолонто, назик баштады.

Айдоодо жүргөн алыскы
Атамды эстеп сагындым...

Ыр аткарылып жатканда атактуу демократ-революционер акын Токтогулдун уулу атасын эстеп сагынганы, өзгөчө булактай ташкындаган комуз күүлөрүн эңсегени, балалык кусалыктын аябай күч алгандыгы, атасынын айдоодон аман-эсен келишине болгон тилек учкундары жанып турду. Зал ичи тынчтыкта мемиреп Ыбышка кулак тосушат.

Ырас ырдын жалпы мазмуну бир аз кайгылуу, бирок кайраттуулукту даңазалайт. Ырдын аяккы муундарын комуз күүсү да өз ыгы менен жарашыктуу коштоого алат. Ыр аякталар менен залда олтургандар дүңгүрөтө кол чаап тактайды тепкилеп жиберишти:

— Үнү сонун экен, атаганат!

— Анык артист чыкчу неме го бул сербегей чач!

— Биздин Ыбыш азамат!

— Бейбаштыгы гана болбосо... Мында бугуп жаткан талант бар окшойт!

Ыбыш экинчи номерин — атасынан мыктылап үйрөнүп алган «Төтөн шыңгыраманы» боз жоргодой айдатты. Комуз күүсү теребелди шаңдантып, уккандарды уютуп, көңүл шаттыгын көтөрдү.

— Бали, өзүн тарбиялай билсе чоң комузчу боло турган.

— Жолдоштор, биздин Ыбыш комузду да мыкты чертет. «Төтөн шыңгыраманы» ийине келтире аткарды.

Мындай алкоолор жюри мүчөлөрүн да кубандырып, Ыбыш мектептик кароодо биринчиликти ээлеп отряддын сыймыгын жогору көтөрүп койду. Буга класстагы балдар да жетине албай калышты.

* * *

Керимдин отрядындагы пионердик иштер бир аз жандана баштады. Ыбыш да сабактарынан мурдагыга караганда жетишип, өз намысын сезип окуп калды. Бир күнү вожатый агай Калкабай пионер бөлмөсүнө Керимди чакырып алып: — Албетте, сага чоң ишенич болгондуктан айтып жатам. Дружинанын председатели Жумаштын коомдук тапшырмалары көп экен. Анын үстүнө ал 10-класста окуп жатат. Дружинанын көп кырдуу иши ага тоскоол болбой койбойт. Ошондуктан сени отряддын председателдигинен дружинанын председателдигине шайлоо жөнүндө макулдаштык. Бул ишти алып кете аласыңбы? — деп суроолуу карады.

— Өзүңүз жардам берсеңиз алып кетүүгө даярмын,— деди Керим ишеничтүүлүк менен.

Ошентип, Керимди бир чоң сбордо дружина советинин председатели кылып шайлап коюшту. Бирок бул эң жооптуу иш. Сергек болуп уюмдун ишин чыңап, пионер активдери менен көбүрөөк кеңешип, тапшырмаларды берип, аларды өз убагында талап кылуу зарыл.

Классташ курбулары анын председатель болуп шайланышын куттукташып колун кысып жатышты. Ыбыш да балдарды жөөлөй келип, үнүн жоон чыгарды:

— Керим, куттуктайм! Атаң колхоздун председатели, өзүң мектепте дружинанын председатели болдуң. Оңой сыймык эмес, куттуктайм!

— Баса, сен отряддын председатели эмес белең. Сенин ордуңа кимди шайлайбыз? — деди Гүлгаакы кичинекей блокнотун барактай.

— Алдыңкы, үлгүлүү балдардын бирөөнү шайлап алабыз,— деди Керим.

Эртеси класста көпкө созулбаган жыйналыш болуп, анда отряд советинин председателин шайлоо иши каралды.

— Керим көрсөтсүн. Ал тапшырманы мыкты аткара ала турган туруктуу балдарды билет да! — дешти кайсы бир балдар, ооздорун чормойто.

— Ооба, ошентсин...

Классташ курбуларынын мындай талаптарынан улам Керим эмнени айтаарын билбей бир аз мукактана түштү...

Керим сөзүнүн аягына чыга электе айтайын деген оюн четте турган Ыбыш бөлүп кетти да, бапалактай үн катты:

— Көрсөт дегенден кийин өзүң айта бербейсиңби?

— Ыбыш туура айтат. Класста ким кандай экендигин беш колуңдай билесиң — дешти, балдар чуу көтөрө.

Керим бир аз үн катпай балдарды карап калды. Класс ичи тымтырс боло түштү. «Окуунун алдыңкысынан, пионердик тапшырмаларды аткара билген балдардан көрсөтсөң бизди көрсөтөөрсүң» дегенсип Сайракүл менен Гүлгаакы берки алдыңкы катарда зымпыйышат.

— Балдар,— деди Керим курбуларына бир сыйра көз чаптырып,— отряд советинин председателдигине Ыбышты көрсөткүм келет. Ал ишеничти актай алат деп ойлоймун...

Керимдин сунушун жактырбагандай класс ичи дуу дей түштү.

— Оо, отличник окубаса кантип председатель болсун.

— Ыбыш орой, пионердик тапшырмаларды аткара албайт.

— Сабактарынан «3» деген баалары көп.

Бир топ балдар Керимдин сунушуна кошулгандай Ыбышты жактай чыгышты.

— Кызык, силер адамды баалай албайт экенсиңер. Өгүнкү кароодо Ыбыш мыкты ырдап намысыңарды алып бербегенде мен алып бердимби. Ыбышты эле шайлайлы. Дагы оңолот.

— Ыбыш арифметика сабагынан мурдагыга караганда оңолуп эле калды.

— Анын шайырдык өнөрүн унутпайлы. Бир жагынан комузчу. Отрядды көңүлдүү алып жүрө алат.

Балдардын ортосундагы мындай талаш-тартыштан улам алардын иретсиз чуусун баса, вожатый сөз алып сүйлөдү.

— Керим тигил Ыбышты максатсыз эле отряд советинин председателдигине көрсөтүп жаткан жери жок. Мында бир сыр бар. Ал сыр — Ыбышка болгон чоң ишеним... Келечегин ойлоо Ыбыш өзүн тартиптүү кармап, милдетине жоопттуулук менен караса, алдыңкы активисттерден болоруна шек жок.

Балдар вожатыйдын сөзүнө ык сала бир аз уюй калышты. Ыбыш болсо эндиктей тамылжып, өзүнө өзү түшүнбөгөн сымак жанындагыларга таңдана карайт. «Чын эле, мени отряд советинин председателдигине көрсөткөндөй ага татыктуу белем. Жок, бул мени сынагандык... Пионердик тапшырманы берип, аны кандай аткара турганымды текшергендик... Кокус шайланып калсам..?» деп терең ойлордун толкунунда.

— Шайлансын, бирок...

Класстагылардын мына ушундай талабы астында Ыбыш отряд советинин председателдигине көрсөтүлдү.

Отряддын жаңы председатели алгачкы күндө эле ишти өзүнөн баштады. Чачын алдырып, мойну-башын таза жуунуп, жагоосун оңдоно байлап, атырдан да себинип алыптыр. Класстагылардын кай бирөө:

— Ыбыш кыздай болуп жасанып келиптир дешсе,— кай бир курбулары:

— Ал абдан туура кылган. Өзүнүн жооптуулугун сезген да!—дешет.

Күндөр өтө берди. Ыбышта да көп өзгөрүүлөр болду. Отряддагы жумуштарды тыкандык менен жүргүзө баштады. Үйүндө самоорго отун жарып бер десе көжөлүп моюн толгогон баланын элпектигин айтпа...

Кай бир мезгилдерде анын үйүнө бара калсаң эшиктин алдындагы чоң дөңгөчтө тердеп-кургап, балталап жыгач жарып жатканын, же короодогу күрөң торпогуна чөп салып, сугарып, же үйүнүн тегерегин акыр-чикирден арылтып тазалап жатканын көрөсүң...

Эне жүрөгүн уулунун эмгекке болгон мына ушундай элпектиги ого бетер элжиретип, ага ыраазы болгон сезими ташкындай берди.

Отрядда да иш көңүлдүү боло баштады. Класстын ар бир терезеси кадимки сулуу жазды элестетип, кызыл-тазыл гүлдөргө толуп кеткен.

Мындай гүл өстүрүү демилгесин Ыбыш колго алган. Ал алгачкы күндөрү ишти эмнеден баштарын билбей башы маң болуп бир топ убара чегип кыйналды.

— Мен отряд советинин председатели болуп иштебейм. «Арифметикадан «2»иңди оңдоп алып анан бизге чорчоңдо» деген тикенек тилдердин жаагы басылбай койду. Сабак гана окуймун.

Ыбыш мына ушундай шылтоого жамына калып, иштен тажаган, отряд советинин председатели болуудан баш тарткан күндөрү да болгон. Бирок Керим ага

ар кандй жолдоштук кеңеш айтып, пионердик иштерди кызыктуу формада жүргүзүүгө, арифметика сабагынан жетишип кетүүгө көмөктөштү.

Акыры ал бардыгына жетишип, көнүгүп кетти. Отряддагы балдардын намысы да оңой эмес экен. «Ар бир бала ишсиз, кур алакан жүрбөсүн. Окуудан тышкары пионердик пайдалуу жумуштун бирөөнү аткаруу керек» деген талап коюлган.

Ушинтип, класстагы айрым кол өнөрчүлөр модель макет жасашса,саймачылар көз жоосун алган кооз саймаларды бүткөрүштү. Шайырдыкка шыгы барлар да жөн туруп калган жок. Жылдыздуу бөбөктөргө вожатый болушуп, кызыктуу ырлардан, ар түркүн бийлерден, оюндардан үйрөтө баштады. Бул ишке Ыбыш түздөн-түз өзү катышты. Ал эми достук кат алышуу да токтогон жок. Балдар ар кандай белектер жана орус тилинде жазылган каттарды алышып, пионер бөлмөсүндө атайын достук бурчту уюштурушту.

— Керим, чынымды айтсам пионердик иштерге аябай кызыгып калдым. Өгүнү «Нан столго кантип келди» деген темадагы сбор өтө кызыктуу болуп, колхоздун алдыңкы дыйканы Зарылбек аганын аңгемеси баарыбыздын көңүлүбүздү уюткан эле. Эми байкеси— деди Керимге жагына,— «Даамдуу бекен» деген темадагы сборду өткөрүүгө көмөктөш?

Ыбыштын ишке чыныгы берилип калгандыгы «Эми байкеси» деген сөзүнөн да байкалып калды.

— Жарайт, сборду өткөрүүгө жардамдашайын. Эртеңге чейин анын мазмунун, формасын ойлоштуруп көрөлү,— деди Керим.

Эртеси мектепке келери менен Керим жана Ыбыш экөө баш кошо калды.

— Ойлонушуп көрдүңбү?

— Ооба.

— А өзүңчү?

— Түндө бир кыйлага олтуруп кыргыздын улуттук тамактарынын баардыгын тизмелеп чыктым. Буга атам да жардамдашты,— деди Ыбыш мойнун бир жагына кыйшайта.— Айтор, жаңы союлган эттин өзүнөн эле толгон тамактар жасалат экен.

— Кана, санап көрчү? — деди Керим манжаларын жазып, аны кайрадан жумуп эсептөөгө кам уруп.

Ыбыш колтугун кере, көңүлдүү түрдө бирден санап айта баштады.

— Жөргөм, майчучук, быжы, куйрук-боор, куйкалаган баш, куурдак, жаркөп, беш бармак, кесме... Ии дагы кайсылар эле? — деди аягын таппай ойлоно.— Иши кылып кыргыздын тамактары бир кыйла экен. Баса, суусундуктарын унутуп жаткан турбаймынбы. Ыбыш билегин түрүнө аларды да санап чыкты.—Бозо, күрүч жарма, курут жарма, сүзмө, ала дөң, кара дөң — айтор, дагы-дагы бир тобу бар.

— Ыбыш, менимче биздин сбордун максаты улуттук тамактардын бардыгын эле тизмелеп олтуруу эмес. Класстагы балдарды тамак жасоого көнүктүрүү. Мисалы, үй кесмесин жасоо, манту же пирожки, беляши бышыруу, борщ же беш бармак даярдоо. Анын сапатын, даамын көрүп баа берүү. Кыскасы, иш жүзүндө байкоо, ал жөнүндө өз ара аңгемелешүү, адистин кеңештерин угуу,— деди Керим.

— Оо, анда көп иш го...

Ыбыш кабагын чытып, эки бөйрөгүн таяна калды.

— Албетте, антмейинче сбордун мааниси чечилбейт!

— Айий,— деди Ыбыш өткөндөгү бир окуяны азыркы сүйлөшүүдөн улам эстегендей,— билер бекенсиң, баягы жылкы экөөбүздүн токойго токоч бышырып баштаң жасаганыбызды.

Ал окуя Керимдин да эсине кылт этип түшө калды. Чын эле, ошондо Ыбыш экөө токойго барып баштаңабыз деп бири ун, бири эт чыгарып, табак, туз, камыр жайгыч тактай, ширенке алып өйүзгү токойго барышкан. Жаңы эле күлала болуп бир жак капталы күйүп бышкан эттүү көмөчтү оттон шиш менен сууруп чыгып, ары-бери оодара үйлөп ооз тие турган болгондо токойчу Чодон келип калган. Ал папиросун бурулдата тартып, ээрине кыйшая олтуруп алып, «штраф саламын, токойду атайын өрттөгө келген акмак балдар экенсиңер» деп, эстерин оодара акт жазып жемелегени күнү бүгүнкүдөй эстеринде.

— Силерди анык селсаяк, үйүнөн тентиген балдар деп пионер газетине да жазып жиберем. Жашым улгайып калса да алардын активдүү кабарчысы болом. Мына документим — деп сырты кызыл күбөлүгүн чөнтөгүнөн сууруп көрсөткөн.

— Айланайын Чодон байке, мындан ары токоюңузга басып келсек бутубуз сынсын, кудай урсун. Ойноп эле келип калдык эле.

— От менен да киши ойнойбу.

— Биртике баштаң жасайбыз деп...

— Ии, ата көрүлөр десе, үйүңөрдөн эле баштаңбайсыңарбыр.

— Талааныкы таттуу болот турбайбы.

Керим шыдыр жооп кайтарды.

— Давай, отту суу сээп өчүргүлө да анан карааныңарды көрсөтпөй жоголгула,— деген Чодон акырында тигил экөөнү.

Андан бери арадан далай убакыттар өтсө да сбор болор алдында Керим менен Ыбыш экөө өткөндөгү ошол окуяны эстерине салышты.

...«Даамдуу бекен» деген сборду өткөрүүдөн мурда интернаттын кухнясында тамак бышырууга уруксат

алышты да балдарга тапшырма берилди. Кай бирөө картошка, ун,май алып келүүгө убада берсе, Ыбыш өзү эт алып келмей болду. Бардыгы акылдашып туруп, беляши жана пирожки даярдоону макул табышты. Эртеси ишке кызуу киришишти. Гүлгакы шашып камыр жаюу менен алек. Ыбыш болсо билектерин түрүп, алжапкыч тартынып, башында ак кездемеден жасалган ашпозчунун шапкесин чокчойто кийип алыптыр. Ал көзүнөн мончоктогон жаш куюлтуп пияз туурап жатат. Сайракүл картошка аарчуу милдетин аткарууда. Айтор, эки звеного бөлүнгөн балдар пирожки жана беляши жасоо аракетине мыктылап киришүүдө. Арадан бир саат өтпөй эки чаранын бирөөндө жайнаган пирожки, экинчисинде беляши даяр болду.

— Эми даамын көрөлү,— деди вожатый бир беляшини тарелкага салып ооз тие баштап,— бах, даамы сонун экен! Тузу, пиязы эти — бардыгы бап келиптир.

— А биздин пирожкини деле байкасаңыз!

Интернаттын ашпозчусу Анархан апа Ыбыштын колунан алган пирожкинин даамын татып көрдү да:

— Силер анык эле мастер турбайсыңарбы. Картошка кошулуп жасалган пирожкиңерди адам жеп эле тургандай экен,— деди жүзүнөн нур төгүлүп.

Мындан соң ар кандай тамактарды жасоонун тартиптери, кулинария иштери боюнча интернаттын ашпозчусу Анархан көп мисалдарды келтирип айтып берди. Кайсы бир балдардын тамак жасай албагандыгына да токтолду.

— Мен боорсок жасаганды билем!

— А мен болсом айранды уютуп, жарманы бурулдатып ачытам...

— Үйдө апам менен бирдикте лагманды чоюп жасай алам.

— Биз колу жөндөмсүз балдардан эмеспиз. Бүт классыбыз, отрядыбыз боюнча кулинариялык ишти мыкты өздөштүрүүнү колго алабыз. Пионер бардыгын үйрөнүү керек — деп, чурулдашты сбордогулар.

— Бүгүнкү пирожки менен беляши даамдуу жасалыптырбы? — деген суроого:

— Даамдуу экен! — дешти жеп, татып көргөндөр өз иштерине ыраазы болушуп.

Мындан кийин «Кандайча кооз кийинүү керек?» «Достук деген эмне?» деген темаларда сборлор өткөрүлүп, отряддагы балдар кийимди таза кийинүү, чыныгы достукту кандайча түшүнүү керек экендигин билип алышты. Мунун бардыгы отрядда иш жандуу экендигин белгилеп, отряддын кадыр-баркын жогору көтөрдү. Анын ичинде отряд советинин председатели Ыбыштын золобосун да көтөрдү.

Бир күнү Керим вожатыйдан жаңы тапшырма алып пионер бөлмөсүнөн чыгып келатса алдынан Ыбыш жолугуп калды. Анын мурдунун үстү чыбырчыктап тердеп алыптыр. Калпагын ала койду эле төбөсүнөн буу асманга көтөрүлүп турду. Бир жактан шашып келаткандай кебетеси бар.

— Кайда энтигип алгансың, Ыбыш?

— Вожатый агайга.

— Эмне маселе менен?

— Машина сурап...

— Машина?..— Керимдин күлкүсү келе суроолуу карады.— Бир жакка көчөсүңөрбү?

— Кээде эле мыжып калмай адатың бар, же тамашаң экени белгисиз, же чының экени белгисиз. Бизге машина керек. Эгер кыйын болсоң машина тап.— Ыбыш маанилүү ишке жаны ачыгандай колдорун жая, көз кыйыгын Керимди көздөй таштады.

— Мына кызык, эмне кыласың?

— Чогулган металл сыныктарын алып келбейбизби. № 2 звенонун балдары тигил Шамендин боюнан трактордун сынган дөңгөлөгүн, чөп чапчу машинанын айрым бөлүктөрүн таап алыптыр. Аны машинасыз алып келүү кыйын.

— Мектептин машинасы жаңы парта, доскаларды алып келүү үчүн Фрунзеге кетип калбадыбы. Машина үчүн вожатыйды кыйнаганың болбос. Өзүбүз эле табалы.

Ыбыш мындай сунушка макул болду да Керимди такымдап ээрчип алды.

— Баса, атаң колхоздун башкармасы эмеспи, шоферлорунун бирөөнө айтып койсо эле... Машина даяр!

Алакандарын шак чапкылап, улактай так секирген Ыбыштын жүзүндө кубаныч нуру пайда боло калды.

— Кол араба менен жеткирүүгө болбойбу?

— Эгер андай болсо, машина издебейт элем да.

— Биздин № 1 отряддын пионерлери № 2 отряд менен металл жыйноо боюнча мелдешке чыкканын билбейсиңби? Бул мелдеште кызыл желекчени жеңип алууга тийишпиз. Биздин отряддагы балдар бул ишти жеңил-желпи гана көрбөй атайын жүрүшкө чыгышты. Колхоз сарайынын жанына, Шамендин боюна, кырманга металл сыныктарын үйүштү. Үйүлгөн металл сыныктары 3 тоннадан ашып кетти. Анан кантип ...

Ыбыш эриндерин бүлкүлдөтүп, сөзүнүн аягына чыкпай бак-бак этти.

Экөө бир азга үн катпай келатышты.

— Таптым! — деди Керим бир кезде үнүн көтөрүңкү чыгарып,— атама барбай эле коёлу. Шакир аганы билесиңби?

Ыбыш адатынча башын сол жакка кыйшайта мойнун созуп, өз алдынча бир аз ойлонгондой тымтырс боло түштү да, анан боюн түзөй алдыга бир кадам шилтеп, тамагын жасап:

— Ии, ырас эстетпедиңби, ал Шакир ага жок дей койбос! Бир орунда жөн туралбай сүйүнгөнүнөн тойпоң-тойпоң этип секирип койду. Анан кантсин, Ыбышты көп курбулары «качан келип калар экен» деп күтүп турбайбы.

Алар түз эле Шакирдин үйүн көздөй бурулушту. Айдаган машинасы үйүнүн алдында турганын көрүп төбөлөрү көккө жете түштү. «Атайлап келгенибизге жараша машинасын берер бекен» деген түпөйүл ой экөөнүн көөдөнүн тиреп баратты. Ал ооруканынын жүк ташуучу машинасын айдачу. Мындан үч ай мурун кузовасынан ашыра таш көмүр салып, шашылыш түрдө ооруканага келатып Шамендин күрткүсүнөн чыгалбай калыптыр. Машинанын күү-күү эткен дабышы алыска-алыска угулуп, арткы дөңгөлөктөр көзгө илешпей чимирилип, ылай муздарды серпинди күүсү менен пулеметтун огундай алыска чачыратат. Аңгыча Ыбыш менен Керим лом темир жана кетмен, күрөк алып барып, күрткүгө майда таштардан төшөшүп, шоферго жардам берип жатып, машинасын күрткүдөн чыгарышкан.

— Айланайындар, алтын балдар турбайсыңарбы. Эми ооруканадагы кесел адамдар суукта үшүбөйт. Отун өз убагында жеткирилип, мештер кызарып күйөт. Силердин ак ниет жардамыңарга чын жүрөктөн ыраазымын. Силерге менин да пайдам тийип калар!—деген эле Шакир кайра-кайра алкыш айтып. Анда тигил экөө: — Шкир байке, бул биздин пионердик милдет!—дешкен.

Ооба, андан бери арадан бир топ күндөр өттү. «А балким, бизди унутуп койду бекен?» — деген ойго да келишти эки курбу.

Бирок алардын ою тескерисинен чыкты. Шакир унутмак турсун үйүнөн орун бере, олтургучтарын алдырып, кубанычтуулук менен кучак жая тосуп алды.

— Адам адамга дос деген кеп бар эмеспи, балдар. Мен жакшылыкка жакшылык кылышым керек. Силер атайлап келип калган соң айтканыңарды орундатып берүүгө тийишмин.

Шакир балдарга бир чыныдан чай бергизгенден кийин эки бети алмадай жайнаган аялы Сайраканга имериле карады.

— Бул солдаттарга баягы көбүгү ташыган шампанскийден бирден алып келе сал.

Бул сөздөн улам Ыбыш менен Керим бири-бирине табышмактуу карап калды. Аңгыча баягы «шампан» да келди.

Мелт-калт эткен сыр аяктын үстү көбүрүп-жабырып Ыбыштын колуна тийди. Ал суусап турганбы, сүт кошулуп аппак болуп баржактаган бир кесе ачкылды заматтын ортосунда сыр аяктын түбүнө түшүрө жутту. Экинчи аяк Керимге келди эле ичкиси келип турса да теңине келип токтоду. «Капырай, булар өзөрүп калганбы. Аяк түбүнө эчтеке койбой шимиришет да» деген ой тигил кызыл жүз жеңенин оюна кетпесин дегендей максатта болду окшойт. Бирок болбой жатып кайрадан жуткурушту.

— Жигит киши тамакты батыра ичип, эмгекте шайдоот жүрүү керек.

Шакир аганын мындай кеби Керимди ийине жеткен кайыштай чыйралтып жиберди. Ал сыр аяктагы максымды кайрадан аягына жеткире шимирди.

— Жүргүлө эми,— деди Шакир ага ордунан тура

карбаластай,— тапкан металл-кенчиңерди шкөлүңөргө жеткире коёюн.

Алар машинага олтуруп алып Шамендин боюна, сарайга бат эле келишти. Ал жердеги Ыбыштын отрядындагы балдар жыйган металл сыныктары жүктөлгөндөн кийин машина Ыбыштын үйүнүн алдына келип токтоду. Ыбыш машинадан ыргып түшүп теректин түбүнө үймөктөп койгон темирлерди бирден көтөрүп келе баштады. Керим да, шофер да жардамга келди. Терек жанында дөшү окшогон темир, анан калай челек калган эле. Аларды Керим жаңыдан көтөрүп аларда Ыбыштардын кошунасы Садык бүкчүңдөй басып анын жанына келди да таягынын учу менен укуй көрсөттү.

— Ой, береги менин кетмен-чалгы таптап дөшү ордуна урунган темиримди кайда алып баратасыңар?

— Мектепке. Ыбыш жыйган темирлер эмеспи,— деди Керим боорундагы кучактаган металл сыныктарын жерге таштап жатып.

— Керексиз экен деп мен жыйдым эле, чоң ата. Кечирип коюңуз, эскертип койбогонума.

Ыбыш күнөөлүү адамдардай башын жерге шылкыйтып жайынча жооп кайтарды.

Садык колундагы таягы менен калай челекти козгоп оодарыштырды да, колуна чок кармап алгандай секирди.

— Ыя, кокуй, бул менин бая күнү жоголуп кеткен түкүргүчүм го?

Шофер Садык карыянын жанына келип кепке аралаша кетти.

Ал, береги темирлер болот эритүүчү казандарда кайрадан бороктоп кайнап, жаңы машиналар, балта, керкилер, ар кандай чоюн идиштер, үй буюмдары жасала тургандыгын айтып келип:

— Ээй аксакал, баланын көңүлүн калтырбаңыз?!

— Ой, калтырбай калайын, сурап албайбы?!

Садык карыянын сакалы селт-селт этип, бели бирде түзөлө, бирде ийиле калды.

— Балалык кылган да.

Ыбыш жерде жаткан темирди кош колдоп көтөрдү да Садык карыяныкын көздөй басты. Бирок карыя Ыбышты токтотуп, мектепке алып кетүүсүн эскертти.

— Рахмат, чоң ата, мектептик заводдон сиздин кетмен таптоочу дөшүңүздү башкача жаңы формада жасап келип беребиз.

Ыбыш ушундайча жооп берди.

Машина зыр коюп мектепке бат эле келди. Металл сыныктары түшүрүлүп, таразага өлчөндү. Ыбыштын отрядынын тизмесинин тушуна 1700 килограмм деген жазуу, ал эми № 2 отряддын тизмесинин тушуна 600 килограмм деген жазуулар түштү. Ошентип, металл жыйноо боюнча мелдештин бир жумалыгынын жыйынтыгы чыгарылды. Кызыл желекче Ыбыштарга ыйгарылды.

* * *

Күндөрдүн биринде вожатый менен Керим ээрчишип алып колхоздун уй сарайына барышты. Бул күнү Керим башкарган дружинадагы жаш малчылар клубунун мүчөлөрү кышта шефке алып баккан торпокторун колхоз фермасына өткөрүп бермек. Мына, жүндөрү кундуздай жылт-жылт эткен торпоктордун жондору билинбейт.

Бир кездеги арык торпоктор азыр башкача көрүнүштө. Ноопастарды элестетет. Бардыгы сергилең, көздөрү жылдыздай жайнап, бири-бирин аңдыша сүзгүлө-

шөт. Бирок өчөшкөндөй сүзгүлөшүү эмес, жаңы чыгып келаткан бармак башындай мүйүздөр акырын гана чолушса болгону. Куйруктарын шыйпаңдата, баштарын жерге сунумуш болуп, жондорун күн нуруна тосо баккан ээлери — кичинекей достору — балдарды «кандай тамак берер экен?» — дегендей аңдып карашат.

— «Жылдыз» келегой, кел ылдам, «Жылдыз!»

Мындай тааныш үн угулар замат жүндөрү жалтылдаган кара кашка торпок четте турган кызыл жагоочон балага акырын басып келип, сырткы пальтосунун этек-жеңин, өңүрлөрүн, анан чөнтөктөрүн жыттагылайт. Оозуна салып эрмектөөгө эч нерсе таппады көрүнөт, ачуусу келген өңдүү тиги досун сүзгүлөмүш болот.

— Кой, «Жылдыз» таарынба, оройлонбо.

Торпокту шефке алып баккан Ыймаке анын мойнунан кучактап, акырын сылап эркелетти. «Жылдыз» Ыймакеге ык сала, мойнун алга созуп, жонун сылаганга сүйөнүп кыймылсыз туруп калды.

— Таразага алып кел! — Колхоздун башкы зоотехниги Ыймакеге ушинтти.— Канча килограмм семирткениңди байкайлычы.

Кара кашка торпок таразага тартылып, салмагы чыгарылды.

— Азаматсың, Ыймаке бул торпокту шефке алганыңда 63 килограмм болучу. Эми жүз он!

Башкы зоотехник колундагы кичинекей блокнотуна тигиле бирдемелерди жазып койду.

— «Алтын туяк», Эми сенин кезегиң.

— «Тик мүйүз», таразага өзүң эле келе гой.

Кызыл жагоо тагынган мотурайган балдардын мындай үндөрү кубанычтуу угулат. Башкы зоотехник ар бир торпокту таразага тарткан сайын аны баккан

малсаак кызыл жагоочонго чын жүрөктөн алкыш айтат ...

Мына, эмки кезек «жакшы иштердин жандоочусу» — деген наамды жаңыдан жеңип алган отряддын председатели Ыбышка келди. Ал да өз колхозунан бир торпокту шефке алган. Баккан торпогуна «Сүт көл» деп ат коюп алыптыр. Албетте, бул «Сүт көл» деген атты Ыбыш баккан күрөң торпок чоңойгондо актаар. Ал чака-чака сүт берип саанчынын даңкын далайга таратаар. Ыбыш ошон үчүн баккан торпогунун келечегине карап «Сүт көл» деп атап койгондугунун жөнү бар.

Ыбыш чөнтөгүнөн бир сындырым нанды алып чыгып алаканына майдалап үбөлөдү да көкүрөк башын жыттагылаган «Сүт көлгө» жедирип жатты. «Сүт көл» дегеле болбойт. Көөдөй тумшугун кайкалата созуп, эриндерин бүлк-бүлк эттире оозундагы нандын шире даамын алып кемирүүдө. Ыбыштын колундагы нанды жеп болгодон кийин анын кызыл жагоосун, бети-башын жыттагылап, куйругун шыйпаңдатып, толорсугун чапкылап турду. Ыбыш оң колу менен «Сүт көлдүн» мойнунан кыса, сол колу менен тумшугун жогору көтөрүп бетине тийгизди эле торпок ага кошо сүйөнгөнсүп, бышылдап дем ала ынак досундай жанаша калды.

Баарыдан да секирип ойногонучу! Ыбыш окчун боло калып колдорун карсылдата, күлмүң-күлмүң этип бийлей койсо, тигил «Сүт көл» да аны туурап секирип-секирип койду. Муну көргөндөр күлкү үндөрүн узатып жатты.

Керимдин фото аппараты бар эле. Аны менен дружинадагы жакшы иштерди фотостенда кылып чыгаруу үчүн тарта коючу. Вожатый агай Калкабай тигил жаш малчылардын ишине ыраазы болгондой көрүнүштө. Ал бир кезде эки колунун манжаларын шакекче кыла

коюп, көзүнө такады да Керимге карап жылмайды. Бул: «Сүрөткө тартпайсыңбы?» — деген ишарат эле. Керим «Зениттин» лентасын бурай койду да берки чет жакка чыга, белин ие олтура калып, «чык», «чык» эттире үн чыгарып, Ыбыштын торпогун кучактай күлүп турган учурун тартып калды.

— Ыбыш шефке алган «Сүт көл» да 120 килограммдан ашып кетти. Ыракмат, силердин кол кабышыңарга, балдар. Колхоз силердин эмгегиңерди кантип унутсун.— Колхоздун башкы зоотехниги бак-бак этип балдарга ыраазы болуу сезимин чын жүрөктөн билдирип жатты.

— Бир тууган колхозубузга кол кабыш кылууну дагы уланта беребиз!

Вожатыйдын бул сөзү мектеп менен колхозду мурдагыдан да жакындаштыруунун, терең байланыштын күбөсү болгонсуду.

Колхоздун уй сарайынан тарагандан кийин балдар үй-үйлөрүнө кайтышты. Вожатый, Ыбыш жана Керим болуп колхоз кырманынын алдындагы жалгыз аяк жол менен төмөн карай түшүп келатышты.

Алар Ыбыштын байсалап соккон огородунун башына келип калганда ал бир нерсе айтуучудай тынчсызданып, улам-улам Керимди карап тайсалдады. Бир маалда аны чыканакка укуп артка тартты да кулагына шыбырады:

— Агайга айтууга оозум барбай турат?

— Эмнени айтмак элең?

— Мен өзүңдөн үйрөнүп, өзүңдүн кеңешиң боюнча «Пионер» аттуу космос кораблинин макетин жасап жатпаймынбы. Ошону көрө кетсе.

— Эң жакшы болот, айталык.

Балдардын суроосуна вожатый жок дебеди.

Огородду айланып, Ыбыштыкына келишти. Сары

белдемчесин кыпчылта буунуп, анжиян маасы кийип, ак жоолук салынган энеси Сурма кол машинасын чырылдата тигип олтурган экен.

— А, жаман Ыбышымдын вожатыйы турбайбы. Келегой, төргө өткүлө — деп, шырдак үстүндө жаткан жип-шууларын жыйнай ийкемдүү кыймылдады.

— Апа, убара болбой ишиңизге олтура бериңиз.

— Жок, алдыңа кетейин, жаман Ыбышымдын агайы биздин үйдөн бир чөөгүн чай ичип, даам татып кетпесе уят эмеспи... Эмеле тыз этет.

Эне электр плитасын сайып, анын үстүнө жалтылдаган жез чөөгүндү коё салды. Вожатый жана Керим ортоңку бөлмөдөгү бурчта коюлган жайык столдун үстүндөгү планета аралык космос кораблинин макетин таң калуу менен карап жатты. Модель жасоо боюнча китептерди окуп, мектептеги ийримге катышып, кызыгып жүргөн Ыбышта бир кеп бар экен. «Пионердин» тумшугу көктү карап стартка даяр тургандай көрктүү. Көгүш түс сыр менен сырдалган. «Кораблдин» астыңкы жана үстүңкү беттерине кызыл жылдыздын сүрөтүн тартып коюптур. Вожатый толкундануу менен:

— Молодец Ыбыш. Мына, сенин береги космос «кораблиң» көп эмгекти талап кылгандыгы, Керим курбуңдун көп жардамы тийгендиги көрүнүп турат. Ошондой эле жаш пионердин романтикалык кыялын чагылтып жатат,— деди.

— Агай, окумуштуулардын айтуусуна караганда Марста турмуш болот дейт го?!

— Ошондой божомолдоолор бар. Анын сырларын силер ачасыңар. Ал үчүн азыртадан жакшы окуп, көп кырдуу өнөрдү үйрөнө билүү керек.

Вожатый тигил Ыбыштын сабак даярдоочу орунун, түзүп алган күндөлүк режимин, сабактарынын расписаниесин көрүп өзгөчө кубанды.

«Үйдөгү ирееттүүлүгү мындай экен. Түзүк окуп жаткандыгы ушул да!» — деген ойлорго келди. Анын көз алдына өткөндөгү иштер элестебей койгон жок.

Ызгаардуу кыш... Кар калың түшүп бети-колду тызылдатат. Ыбыштын энеси кара көрпө ичигин кийип, боз бөртмө жоолугун оозуна таңа салынып алыптыр.

Окуу бөлүмүнүн башчысы Салыйкага сөөмөйүн кезеп үнүн ачуу чыгарат.

— Силер сельсоветтин баласы деп менин уулумду көралбай жатасыңар... Эмнеге эле менин балама асылып калдыңар? Эзели жумуш жасатып, тил тийгизбеген жалгызымды бушайманга түшүрүп... Жанагы эсеп маалимиңер эшигибизди жыртты... Кайда жүрөт ал...

— Ата-эне баласын үйүндө тартиптүүлүккө, эмгекти сүйүүгө үйрөтүү керек. Ошон үчүн сизди чакырып отурабыз.

— Окубагандар деле күн көрүп жүрөт. Баламды окутпай койсом жаныңар тынабы?

Бирөө байлап койгондон бетер улам итене жулунуп, улам күчөнө бакылдап, ээ-жаа бербей эшикти тарс эттирип жаап жолуна түшкөн. Акыры отряддагы балдар уулуна жардам берип, анын жакшы окушу үчүн камкордук көрүүнүн натыйжасында мурдагы мүнөздөрүн өзгөртүп, отряд советинин председатели болуп шайланганына эне жетине албай кубанып, өпкө-боорун чаап жалынган.

Акылыңардан айланайындар, кечирип койгула. Мен келесоо түшүнбөстүк кылып... Баламды эркеликке көндүргөн турбаймынбы? Эми ээнбаштык кылуу деген жок. Окуусунан келер менен эс алып, тамактанып, үй-жумуштарына жардам берет. Баарыдан да тамак бышырганычы, үйдүн тактайларын күзгүдөй

жаркыратып жууганычы. Койчу, жыргатып гана таштады, бизди.

Мына, андан бери көп убакыт өттү. Ыбыш сергек, зээндүү жана элпек бала болду. Аны мектеп, үй-бүлө гана эмес, айылдагылар ооздорунан түшүрбөй кеп кылышат: «Ой, Ыбыштагы баягы орой мүнөздөр жок. Жибектей созулган элпек бала болуптур»— дешип кубана турган.

«Демек, ар бир балада ар кандай мүнөз. Ага жараша мамиле кылып тарбиялоо керек.Тарбия — бул өмүр жолдору. Анын жолдору ар дайым таасирдүү болууга тийиш»...

Маңдайы жарык, карагат көз, кырдач мурун, сары чийкил, маңдай тиштери бир аз ачыла берген Калкабай агай жогоркудай ойлорго батып ары-бери басты. Аңгыча буусун көккө бүркүп кайнаган чай да келди. Ыбыштын апасы эпилдей кыймылдап май, нан, каймак, конфет, куруттарын жайнатты.

— Апа, сиз мейман болуп олтуруңуз. Чайды мен эле куяйын.

Ыбыш шып тура калып жез чайнекти өзүнө тартты ...

— Жо-ок, балакетиңди алайын, өзүм эле—деп, сөзүн улады Ыбыштын апасы кызыл гүлдүү чай чынысын жогору көтөрүп,— чын-чынына келгенде бул кетирекейди абышка экөөбүз бузуп коё жаздаппыз. «Баланы башынан» деген кеп бар эмеспи. Угуп турсаңар...

Ыбыштын апасы уулу тарапты карап башын ийкеңдетти:

— Чынбы балам, мен калыстык сөзүмдү айтып жатамбы... Ыбыш эски жаратын ырбатып алгандай өзүн ыңгайсыз сезип башын жерге сала үн катты.

— Апа, койсоңузчу, өткөндү эскербей. Ал жөнүндө агайлар билишет. «Жаш муун» аттуу дубал газета-

га өз кемчиликтерим, жолдошторумдун камкордугу жөнүндө атайын чоң макала да жазгам. Бирок мен...

Ыбыш сөзүнүн аягына чыкпай бурула Керимди карады. Анын мындай көз карашында кандайдыр бир сыр жаткансыды... Чайнектен чайын куюп бер жакка узата берди.

— Классташ курбуларымдын жардамы үчүн аларга чын жүрөктөн алкыш... Аларга мен милдеттүүмүн...

— Ошон үчүн жакшы оку, айланайын. Баласы жакшы өссө, ата-эне көңүлү курсант эмеспи. Ким эле өз баласын жаман болсун десин. Ыбышка кай бир күндөрү тилим да, колум да тийип калды окшойт, кагылайындар.

Эне бир нерсени эстегендей жылмайып күлдү. Ал күлгөндө маңдайкы күмүш тиши жаркырап, жүзү сулуу тартып турду.

— Жалкоолук кара жерге кирсин, кагылайындар. Адамды бактысыздыкка алып барат эмеспи. Береги Ыбыш өткөн жылдары эринчектигинен жаңы сатып алган кийиз чокоюн өрттөп алган.

— Өрттөп алып... кандайча?

Вожатый чочуган түрдө карады. Бул окуяны угууга Керим да ынтызар болду.

— Бир күнү кар жаап, жер ылайлап калган. Ыбыштын кийген чокою суу болуп кургаткысы келет да, сыртка чыгып жайгандан эринип, эшикти кулачтап туруп тамак бышыруучу кичине үйдүн үстүнө ыргытыптыр. А күнү мен таш көмүрдөй болгон кой көңдөн очокко толтура калап, чоң казан менен бир шак кайнатып жаңыдан эле чыгарган элем. Ыбыш бир чокоюн ыргыткан кезде мордун так төбөсүнөн төмөн карай очокко кайра кулап түшүп, жалындап күйүп, кызыл чокко айланыптыр. Силерден жашырып

эмне кылам. Муну мен мындан ары жаман адаттардан арылсын деп айтып жатпайымбы, катыгүн!

Ыбыштын апасы узун боюн жапыз кыла ийилип сүйлөдү.

— О апа, ишенип коюңуз. Эми андай болбойт да!

Ыбыш үнүн созо, бирде вожатыйды, бирде Керимди карап жылмайыңкы түрдө ачыла жооп кайтарды.

Баарлашып олтуруп чай да ичилди. Мындан соң вожатый жогору үйүн көздөй кетти. Ыбыш менен Керим экөө Садык карыяныкын карай шашыла келатышты. Экөөндө тымызын сыр бардай сезилет. Керимдин колунда көк сыр менен боёлгон кичинекей сандыкча — көмүркөй, ал эми Ыбыштын колунда болсо кагазга бапестеп оролгон дөшү бар. Буларды баягыда металл сыныктарын жыйнап мектепке жеткиргенден кийин, Ыбыш менен Керим атайын сүйлөшүп өз демилгелери менен жасаган эле. Ошондогу алардын эмгек аракеттери азыр да көз алдыларына тартылып баратты.

...Керим анда мектептин устаканасындагы кичинекей электр араада тактайды тегиздеп тилип жаткан болучу. Сырттан 20 сантиметрдей келген төрт чарчы темирди колуна кармаган Ыбыш боргулданып тердеп кирип келди да:

— Керим, шаберди көрдүңбү? — деди.

Гүүлдөп чаңырган электр арааның үнүнөн улам Ыбыштын «Шаберди көрдүңбү?» деген суроосун «Сабырды көрдүңбү?» дегендей укту да:

— Сабыр жездеси менен Кош-Дөбөгө кетти,—деди Керим.

Ыбыш Керимге жакындай басып келди да кулагынын тушуна:

— Сабырды эмес, шаберди айтып жатам! — деп кыйкырды.

— Шаберди...

Чындыгында Керим бул аспаптын атын биринчи, угушу. Ага анча тааныш эместей сезилди. Ыбышка карап ийиндерин куушурду. Ыбыш устакананын төркү бөлмөсүнө кирип барып андан өзү каалаган шаберди алып чыгып, Керимдин катарындагы карагай дөңгөчтүн үстүнө койду да, аны ийинден тартып:

— Муну шабер деп аташат. Мындан ары билип алгының — деп, кырдуу мизи бар аспапты көрсөттү.

Керим тактайды электр араасынан чыгарды да фуганок менен үстүн жылмалап сүрө баштады. Кочкор мүйүздөнгөн аппак чамындылар төмөн карай, Керимдин бутун көздөй кулап түшүп таарынды жыты каңылжарга бур этет. Ыбышта да тыным жок. Колундагы төрт чарчы темирди терезе жакка орнотулган чакан станоктун тиштерине кыпчыта салып анын төрт кырын жумуру кылып жонуу менен алек. Бир кезде алиги төрт чарчы темирдин үстүңкү бети тегизделип, бир жак учу урчуктуу формага айланып кадимки дөшү пайда болду.

— Керим биздин мектептин маркасын да жазып коёюн, ээ.

— Албетте, адресибиз көрсөтүлбөсө болбойт да!

Ыбыштын ийкемдүү колундагы шабердин курч мизи заматтын ортосунда ЛМЗ деген жазууну пайда кылды. Өз ишине болгон темпти Керим да ылдамдата баштады. Бооруна тагынган териден жасалган алжапкычтын чөнтөгүнөн алган кызыл карандаш менен алиги сүрүлгөн тактайга белги уруп өлчөп чийди да курч кол араа менен тегиз кесип чыкты. Мына эми, элүүнчү мыктар менен кесинди тактайларды улам шыкаалап өлчөп уруп бири-бирине жымыйта бекитип жатты... Эки далынын ортосу терге чөмүлө түштү. Керим

жасап жаткан кичинекей сандыкчаны утурлап караган Ыбыш кулагында кыстарылган карандашты шып илип ала коюп алиги сандыкчанын капкагы бекитилүүчү шарнирдин ордун белгилей салды.

— Керим, мен сага жардамдашып жиберейин.

— Жок, өзүмдүн эркиме эле койсоң, Ыбыш. Шашылбай жасайын.

Ыбыш Керимдин өтүнүчүн орундатып өз жайына койду. Бирок чыдай алган жок. Шарнирлерди кадоого, сандыкчанын капкагын бекитүүгө кол кабыш кылды. Акыры сандыкча да тыпыйып жасалып бүттү.

— Эми көк сыр менен тегиз, кандыра сырдоо керек. Ошондо көркүнө чыгат,— деди Ыбыш.

Эртеси Керим апасынан консерванын калай челегине бир аз көк сыр сурап алып келди да алиги сандыкчанын бир жак боорунан ЛМЗ деген жазуунун ордун калтырып башкасын тегиз сырдап чыкты. Муну Ыбыш анча жактыра бербеди.

— Керим, тил алсаң бул жазуунун ордун деле сырдап кой да кургаган кезде ак сыр менен ЛМЗ ны (Ленин мектебинин заводу) коороп жаз.

Иш Ыбыш айткандай болду. Ошентип, Садык атага берүүчү белек бир топ түйшүктөр менен бүттү. Эки курбу жасаган дөшү менен сандыкчаны кимге берүү жөнүндө класстагы балдарга айтышкан деле жок. Бул иш экөөнүн өз ичинде гана калды.

Алар белектерди көтөрүп Садык карыянын короосуна киргенде ал киши күн чубактап олтурган экен. Эки курбу мурда салам айтышты. Садык карыя алик алды. Сөздү биринчи Ыбыш баштады.

— Чоң ата, сизге ушуну белек кылып алып келдик. Өгүнү убада бербедик беле?

Карыянын эски дөшүсү эсинен чыгып кетсе керек.

— Ыя, торпоктор десе, өгүнкүңөр эмнеңер эле? — деди.

— Дөшүчү?

Ыбыш экөө жарыша айтты.

— Ээ, айбандар десе. Темирди менден карызга алдыңар беле? Жөн эле айтып койсо...

Садык карыя бир жак капталында «ЛМЗ» деген жазуусу бар дөшүнү оодарыштыра карап:

— Канчага сатып алдыңар? — деди насыбайын жерге чыйт эттирип түкүрө.

Ыбыш өзүнчө жылмайып, Керимден мурда жооп кайтарды.

— Мектептин устаканасы бар эмеспи. Ошондо жасадым.

— Кой, калп айтпа. Береги заводдуку го, дүкөндүкү го!

Садык карыя татынакай дөшүгө дагы бир сыйра көз жүгүрттү да, желбегей жамынган чепкенин кымырынды. Ыраазы болуу сезими жүзүнөн байкалып турду.

— Садык чоң ата,— деди Керим анын көңүлүн бура үн катып,— сиз тынымы жок эмгекчил киши экенсиз. Ыбыш жасап берген дөшүнү, балка өгөөңүздү майда-чуйда мык-сыкты салып жүрсүн деп, ушул сандыкча — көмүркөйдү сизге атайын жасап тартуулап олтурам. Эстеликке алып жүрүңүз.

Садык ата ордунан тура калып эки колун жая, сакалын жайкалта батасын берип калды.

— Теңир жалгасын, кагылайын балдарым. Эзели жамандык көрбөгүлө. Мактебиңерден бактылуу өскүлө, оомийин...

Эки курбу Садык чоң атага мектепте окуу менен бирге темир, жыгач усталыкты, шофердукту, өтүкчүлүктү өздөштүрүп жаткандыгы жөнүндө айтып берди. Карыя бул ишке аябай кубанды да:

—Адам блот деген ушул, жөлөктөрүм. Адамга алтымыш өнөр аздык кылат. Ошентип, бардыгын үйрөнө бергиле. Өнөр ачкычы өзүңөрдүн колуңарда. Илим бешиги болгон мактебиңер өнөр канатына мингизип алып алыска, каалаган максатыңарга талпынтат.

Садык карыянын бул акыл сөздөрү курбулардын көңүлүнө терең уюп тургансыды.

Карыя балдарды болбой жатып үйүнө ээрчитип кирди да байбичесине бапестетип, көк мискейге уютуп койгон айрандан бир чай чыныдан куйдуруп берип өжөрлүк менен ичирди да:

— Эми барагойгула, шашып турат окшойсуңар,— деди.

* * *

Эки курбу Садык карыяныкынан чыгып үн катпай келатышты. Ыбыш Керимге бир нерсе айтчудай колтуктап алды. Кай бир кезде анын ушундай адаты бар эле.

— Керим!

Ыбыштын көздөрү ойноктоп, үнү каргылдана Керимди сыга кучактады.

— Кечирип кой досум, өткөн-кеткенди. Чыныгы ак ниет, чыныгы дос экениңди эми гана түшүндүм...

Ыбыштын мындай кечирим сурашынан улам баягыдагы өңү бузулуп, муштумун Керимдин мурдуна такаганы көз алдына элестей калды.

— Эч нерсе эмес, баары кечиримдүү. Мен кекчил эмесмин. Пионер жакшы жолдош болуу керек.

— Ушундай деп айтаарыңды билгем. Жүрү, бүгүн кино көрүп алалы. Колхоз клубуна «Менин досум Колька» деген жаңы фильм келиптир.—Ыбыш Керимди колтуктаган калыбында колхоз клубун көздөй кеткен аллея тарапка бурду. Алар көңүлдүү сүйлөшүп баратты.

* * *

Батыш тараптан сокkon жазгы жел терек баштарын шуудуратат. Өмүралы чоң атанын эшигинин алдындагы мамыда байлануу аттар турат. Бирин-экин шаша баскан ак жоолукчан аялдар кездеше калган айылдаштарынан таңдайларын так эттире, шыпшынып сурай калышат.

— Бечара, баласы эс алып калдыбы?

— Ким билет көгөрүп-татарып эле жатат. Өмүралы карыя боздоп ыйласа, көргөндүн жаны кейий турган.

— Жаш баланы ээн коё беришеби?

— Байкашпай калса керек. Жанакы келини Сайраканды ээрчиген турбайбы.

Эшик алдындагы котологон эл ушундайча кобурашат.

— Ой, эмнеге жарданасыңар. Кустуруп жибергиле.

— Башын төмөн каратып кустурдук. Эми бир аз эс алсын дедик.

— Одеалга салып чайкадыңарбы?— Чүйлүсү билинер-билинбес салаңдаган жалпак мурун, ак калпакчан, кара мурут жигит элди аралай бак-бак этти.

— Жок, карангүн. Анысын кайдан билдик. Жан арга издеген шашма жаныбыз анте албадык.

— Ой, топтолушпай куруп калгыла. Алып чык одеалды.

Аңгыча үйдөн көк-жашыл түстөгү гүлдүү одеал да алынып келинди.

— Баланы одеалга сала койгула.— Көзүнүн жашын көл кылган Өмүралы карыя небереси Насыкени калтыраган алсыз колдору менен акырын өйдө көтөрүп көк одеалга салды.

Кызыл жүз баланын каны качып, эрди көгөрүп,

көздөрү киртийип, жашылданып, жүрөгү алсыз согуп, үнсүз жалдырайт. Өмүралы карыянын небересине болгон боор толгоосу барган сайын күчөп, таш жара үшкүрүнүп, баланын маңдайынан сылай айланчыктайт. Одеалдын эки учунан кош колдоп кармаган эки жигит кичинекей Насыкенин башын төмөн каратып салмак менен ары-бери чайкап терметишти. Насыкенин оозумурдунан көлкүлдөгөн боз суу удаа-удаа шар эте түштү.

— Ох, кудай ай, дагы кусса экен, эс алып калат.

— Айланайын кылыч мурун акем, ак жолтой болуп кайдан келип калды эле.

— Көптү көргөн киши билет да!

— Дагы чайкай көргүлө.

Эки жигитти тегеректеген чал-кемпирлер, келинкесектер тигил жан серек жаткан баладан чоң үмүткөр өңдүү ага аянычтуу тигилишет.

— Жанагы тилин безеген кем ээк Сайракан артын бир карабаптыр го.

— Артын караса, баланы көрүп калмак да! Анда мындай болмок эмес.

— Көп кобурабай балага тынчтык бергиле. Жүрөгү түрс-түрс согуп, тамыры кага баштады.

Жанагы кылыч мурун, кара мурут жигит колдорун жая, үнүн көтөрүңкү таштап, Насыкеге бөйпөлөктөй калды.

Өмүралы карыя чепкенин желбегей жамынып, эки кулагын манжалары менен кармалап, үнү каргылдана чыкты.

— Карыган кезимде как баш кылба, кудай. Жалгызымдан калган туякты эсен коё көр.

Өмүралы карыянын чекист болуп иштеп жүргөн жалгыз баласы Сатар өткөн жылы кургак учук оорусунан а дүйнөгө кеткен. Ал эми бүгүн болсо жалгыз

уулунан калган небереси Насыке минтип өлүм алдында турат.

— Ана-пына деп чуулдагандын эмне кереги бар. Кичинекей Насыкенин тилсиз жоодон аман-эсен калышына кошунасы Ыбыш себепкер болгон экен. Ал анык баатыр бала турбайбы.

Алиги сөзмөр жигит кийими суу болуп шөмтүрөп, чөлкейген жээрде бээни жетелеген четтеги Ыбышты колу менен жаңсап көрсөттү.

— Өмүрү узун болсун, кагылайындын!

— Баланы көрүп калган кыраакылыгын айтсаң!...

— Ошентип себепкер болгон да!

Жети жашка жаңыдан кадам койгон Насыке эс алган сайын берки четтеги Ыбышка алкыш жаадырылат. Көрсө окуя мындайча болуптур.:

Насыкенин энеси Сайракандын төркүндөрү Кара-Суунун өйүзүндөгү аралда эле. Ал кандайдыр бир жумуш менен ат токунуп минип аралга жөнөп калат. Сайракан суудан жаңыдан кечерде артынан безилдеп ээрчиген Насыке жеңелеп кыйкырып (чоң энесин апа дечү) өтүүгө аракеттенет.

— Мен деле барам, мен деле барам!

Мына ушинтип, кыйкырган Насыкенин үнүн суунун шарынан укпаган ойлуу Сайракан сапарын чегип кете берет. Атка учкаштырып же өңөрттүрүп, бир айылдан экинчи айылга барууну жакшы көргөн Насыке суу жээгине келди да жер тепкилеп кыйкырып өжөрлөндү. Бирок анын үнү жеңесине угулбай, тиги узап кете берди. Сайраканга жете албай жүрөгү күйгөн бала ботинкасын ары-бери чечине коюп кара суунун кечмелигинен оңой эле өттү. Эми чоң сайдын шар аккан суусуна келип калды. Айлананы караса эч ким көрүнбөйт. Жеңесинин карааны калың чырканактуу имерилиштен көрүнбөй калды.

«Таятамдыкына өзүм эле барам. Жеңеме жетип ага таарынам. Ии, карап эле турсаң»...

Өзүнчө сүйлөп, кыялданган Насыке жанында чоң атасы тургандай мурчуюп, тигил самын таштуу шар аккан сууну тикирее карайт. Кара суудан оңой эле кечкен Насыкеге сайдын суусу деле кеп эместей көрүндү.

Чындыгында эле жөө адамдар да кечип өтүп жүрүшчү.

Бирок кичинекейлер үчүн анын күчү бир кыйла эмеспи. Шыйбылчактан өйдө тизеге жетип жондонуп аккан шар суу ылайланып кирген убакта атчандар да өтө албай айгайлашат. А азыр болсо, күчүндө эмес, тайыз, ылайлап кире элек. Насыке ишти тезинен чечти, Ал азыр эле чечкен ботинкасынын боолорун байлаштырып ийнине арта салды да шымынын багалегин тизесине чейин түрүп сууга кирди. Кечмеликтин туурасы бир кыйла алыс эле. Ал кечип келатат. Кечмеликтин ортосуна да жетип калды. Эми бир аз кайраттанса эле өйүзгө өтөт.

Мына ал үч-төрт жолу кадам таштады. Ботинка түшүп кетпесин дегенсип улам тыканыраак кармап кайраттанат. Кырсыкты кайдан дей турган эмес. Насыкеде коркуу сезими пайда боло калды. Жүрөгү опколжуп башы тегерене баштады. Мас болгон адамдай термелип самын таштардан эки жолу тайгылып кетти да, ийининдеги ботинка колунан ыргып, суунун шары менен төмөн карай сүңгүдү. Аны кармоого аракеттенип талпынды эле сууга бет маңдайынан көмөлөнө түштү.

— Апа-ке, ии-ии!..

Коркуп тура калган Насыке апкарыган түрдө үнүнүн бардыгынча, күчүнүн жетишинче бакырып-бакырып алды. Тили жок жоо аны имерилиштеги айланпа-

ны көздөй сүрдү. Мына, Насыке майда чырпыктар өскөн жарлуу жээктеги айланпага кирди да шак эле жээкти көздөй сүрүлө түштү. Оозу, мурдуна суу кирип дарманы кеткен бөбөк тумчуга, дагы бир жолу жээкти көздөй талпынды эле оң колуна кызыл түстүү жаш чырпык урунуп аны кармай, тереңге бир сүңгүп кайрадан сорок дей түштү. Жан талашып оң колу чырпыкта карышып улам чөмүлүп, кайра баягыдай эле сорок этип чыга калат.

Так ушул маалда өйүздөгү токойдон күрөң уйдун жаңы туулган музоосун өңөрүп келаткан Ыбыш чырпыктуу жээктеги көк ирим айланпаны көзү чалып, анда-санда өрдөктөй үн чыгарган жандык — бала экенин биле койду. Өңгүрөгөн музоосун шашылыш түрдө көк майсаңга түшүрө салды да айланпаны көздөй жээрде менен кирди.

Адегенде жээрде да бир аз тайсалдады. Бирок удаа-удаа такымга тийген камчы жээрдени бир орунга тургузбады.

Кош таноолорун дердеңдете бышкырынып, көлмөнү күр-шар эткизе жиреп кирди. Коркуу сезимин билбеген Ыбыш жээрдени камыштуу жээкке чейин бойлотту да, Насыкенин күрмөсүнөн мыкчый кармап өзүн көздөй чирене тартты.

— Насыке, садага, чырпыктан колуңду коё бер!

Тилсиз жоодон жабыр тарткан алсыз Насыкеден үн чыккан жок. Ыбыш шашып калды, бардык кайратын жыйып, баланы өзүнө дагы тартты. Чырпыкка колу карышып калган Насыке өмүрүнө аралжы болуп келген Ыбыштын жардамын адегенде сезген жок. Ээрди көздөй эңшере тарткандан «Насыкелеп» кыйкыргандан улам ал аттын жалын көздөй колдорун сербеңдете жан талашып кармоого аракеттенди. Ушул учурда ыкчыл Ыбыш кичинекей Насыкенин башын төмөн

карата ээрге улактай өңөрүп, жээрденин тизгинин сол жакка тарта жээкти көздөй темине чыкты.

Чындыгында Ыбыш атка чыйрак бала эле. Ал торпокко, тайга желимдей чаптала минүүчү. Айылдагы өз теңдүү курбулары менен тай-кунандарды жарыштырып, аны чабуууда Ыбыштан ашкан чыйрак бала жок. Анын атасы да мыкты саяпкер аталып, даңкы далайга кеткен.

Ошентип, атка жүрүү ыкчылдыгын Ыбыш көп түйшүк менен үйрөнгөн. Далай жолу тай үйрөтүп, андан жыгылган. Бирок бир жолку окуя анын эсинен кетпейт. Айылдагы Касым акенин эшеги Ыбыштардын огородуна кирип кетет. Ачуусу келген Ыбыш эшекти огороддон кууп чыгып, ноктолоп кармап алып, жазайын бермекчи болот. Окуууга баралек кошуна турган мадыра баш балдарды Касым акенин көк эшегине балапандай чөжүрөтө мингизип алып ары-бери кыдыңдата оюн курушат. Эң акырында Ыбыштын оюна бир өнөр кылт этип түшө калат да, күлкүлөрү ташкан кичинекейлерге мындай сунушту айтып калат.

— Кана эмесе балдар, мен силерге бир кызык оюнду көрсөтөйүн.

— Кандай оюн, Ыбыш байке, батыраак көрсөтсөңүз?

Колхоздун бала бакчасынан тарбия алып жүрүшкөн кичинекейлер үндөрүн коңгуроодой чыгарышып бирде Ыбышка, бирде тер басып солуктаган эшекке көз жүгүртүшөт.

Ыбыш эшектин жонуна салынган эски капты шып ала койду да анын ичине чай чыныдай таштардан шагырата салып белинен бекем бууду. Анан салмактап көрдү да: «бир пудга жетет» деп өзүнчө кобурады.

— Жүргүлө, муну тээтиги арыктын кырына коюп келели.

Бөбөктөр болсо мойтоңдошо чуркашып, Ыбыш агасынын айтканын заматта орундатышты. Ыбыш көк эшекке так секирип минди да, көк тал чыбык менен чандырга чапкылап, эки буту менен боорго койгулап, кайра-кайра «хы-хылап» кыйкырып азыркы коюлган таш салынган капты көкбөрү катарында илип кетүүгө баратат. Бирок эшек кашаңданып жай жүрүш менен келатты.

— Балдар, чаап айдагыла, көрсөң мунун кашаңдыгын.

Ыбыш агасын командир сыяктуу сезишкен бөбөктөр карап турсунбу. Көк эшекти койгулакка алышып дыргаяктата кууп жөнөштү. Эшек үстүндөгү Ыбыш ийиндери солкулдап каткырып баратат.

— Көчүккө сайгыла, балдар! Көчүккө!

— Жонун ысыта чапкыла!

Ыбыштан мындай буйрук болор менен бөбөктөрдүн арасынан кимдир бирөө колундагы шиш таягы менен көк эшекти көчүккө сайгылап калбаспы. Эшектин жаны ачып кетти көрүнөт, арткы туяктарын асмандата удаасы менен эки ирет мөңкүдү. Атка чыйрак Ыбыш байкабастан каткырып баратып топ ыргыткандай учуп түштү. Жерге катуу тийгендиктен, көзүнөн от чагылышып сол жак капшыты ташка сүрүлө тийди. Жыгылган ордунан көпкө туралбай далайда барып эсин жыйды. Сол колунун үстүнкү булчуң эти катуу ооруксуп, адегенде анча этибарга албады. Бирок үйүнө келгенден кийин жанын жай таптырбады. Чөгөлөп отуруп алып көз мончогун далай айдатты. Кокуйлап өкүрдү.

— Эшектен, торпоктон жыгылган өтө жаман, балам. Кайсы бир карыялар эшек туягын, торпок мүйү-

зүн, жылкы жалын төшөйт деп айтышат. Анын сыңарындай Касым акенин көк эшеги сага туягын төшөгөн да!

Ушул окуядан кийин Ыбыш эшекке мингенин койду. Коркуп калыптыр... Кокустаган колунун айынан үйүндө он күнчө жатып араң сакайды. Баары бир эшектен корксо да атка минип аны чапкылоодон тажабайт. Ал Насыкени суудан коркпостон алып чыкпадыбы. Бул сапат — анын атка жүрүүдөгү мурдагы мыкты чыйрактыгынан эле. Ага Насыкенин чоң атасы жалынып-жалбарып алкыш айтканынын себеби да ушул. Арадан жарым ай өткөн. Ыбыштын төшүнө «орден» тагылды. Ал «сууга чөгүп бараткaнды сактап калгандыгы үчүн медалы» эле. Айылдаштары, чогуу өскөн курбулары Ыбышты тегеректешип:

— Медалың куттуу болсун, Ыбыш. Өмүр жолуңда дагы көп даңктуу иш жасап Ленин орденин алгын бардыр,— дешти. Бул тилектерге Ыбыш чын жүрөктөн кубанып келечек жөнүндө ой жүгүртчү болду.

* * *

Карагоо айлынын түндүк тарабы кара тоолор менен курчалып бири-бирине кыналышып жатат. Тээтиги бийик чокулары жай айларында башкача түргө келип, жашыл көйнөк кийип алат. Гүл жыттары каңылжарыңды өрдөп, кооз жарашыгы бөтөнчө артылат. Ал эми берки кара тоолорго эзели кар жатпайт. Кыш айларында кар түшө калса күн нуруна бат эле эрип кетмей адаты бар. Анткени, бул кара тоо күңгөйлүү бетте. Чын эле ушул күңгөйлүү бет — Кара-Тоонун көрүнүшү кара, шагыл таш болгону менен аска түптөрүн жарып чыккан чөптөрү адамды таң калтырып, койлор аралаcа көрүнбөй калат. Кышкысын малга жайлуу, күнөстүү келип тоо этегине орношкон асыл тукум кой

өстүрүү совхозунун чабандарына жайлоодой сезилет. Ушул Кара-Тоонун чыгыш жаккы тумшугу Кубакынын белинен башталып, салаа-салаа болуп тармактана кырданат да, батыш тарабы Орток тоосу менен аяктайт. Андан беркиси атактуу Сарала-Саз жайлоосу. Ушул жайлоодо быйылкы жайкы каникулда райондук пионер лагери ачылып, 60 бала дем ала баштады. Жайлоодогу пионердик лагерь кооз жерге орношкон. Карагоо өрөөнүн жарып өткөн Арал суусу жашыл токойду аралап Чыгыш тарапты көздөй жардан жарга урунуп, тентек толкундарын бири-бирине миништире шаркырап агып жатат. Ал эми Кургак-Үкөк, Туз тоолорунун жайкы мөңгүлөрү эриген кезде суу өзөнгө батпай, токойду, чөп чабыктарды, арпа айдалган аянтчаларды жайпап кетмей адаты бар.

— Жарыктык Карагоо суусунун касиети барбы дейм. Түбүнөн таштары көрүнүп акканы менен өтө эле терең. Анча-мынча чабал унаа менен кечүүгө болбойт. Көмөлөтүп агызып кетет.

— Совет өкмөтүнүн акылынан айланса болот. Ушул кутургандай мөңкүп аккан сууну жүгөндөп электростанциясын куруп койду.

— Көчө, үйлөрүбүздө жарык шамдарыбыз жайнап көңүл-черибиз жазылып калбадыбы!

— Тууган жердин тоо, суулары алтын деген ушул да!

Айылдын кийинки жыйырма жыл ичиндеги түп тамырынан берки өзгөрүшүн, какыр жерлердин кулпуруп, гүлгө айлангандыгын, жаңы көчө, жаңы үйлөрдүн өскөндүгүн кай бирөөлөр кеп кыла калганда тигил Карагоо суусу, ага курулган тоо түбүндөгү шаңкайган ГЭС жөнүндө жогоркудай даңазалап айтпай коюшпайт.

Сарала-Саз жайлоосундагы каникул күндөрү кө-

ңулдуу өтүп жатты. Мектептегидей эле өздүк-көркөм чыгармачылык, бий, жаш авиомоделисттер, судомоделисттер, сүрөтчүлөр ийримдери ойдогудай иштеди.

— Бир тууган крайды үйрөнүү боюнча үч күндүк саякатка чыгабыз. Маршрутубуз: Сарала-Саз,— Ак-Жар—Күйгөн-Көпүрө.

Лагердин начальниги узун бойлуу, бетинде сепкили бар, чап жаак, кара тору келген Жайнак деген агай эле. Ал катарда турган балдарга жогоркудай сунушту жарыялар замат эле:

— Эх, жер көрүп жыргайт экенбиз!

— Коёндун бөжөктөрүнөн кармап келебиз!

— Карагоо токоюнун кыргоолдору көп. Пырпырап учкан кезин сүрөткө тартып алабыз.

Ар бир бала өзүнүн сүймөнчүктүү ишине кыял эргитишип, улактай так секиришип ойноктогондор аз эмес. Ошентип, жүрүш сапары башталды.

Жүрүшкө чыккан балдар Күйгөн-Көпүрөгө жакындап калышкан. Алардын чаалыгып, чарчагандыктары жүздөрүнөн билинип турду.

— Ой, Ыбыш, жакшы эле чыйрак көрүнчү элең. Ындының өчө түшкөн го!

Бирге окуган Ажар Ыбышка тийиштик кылып жогоркудай сөз катыштырды эле, ал колун шилтеп койду. Бул кол шилтөөдө «Ыбыш, азыр өз күчүндө эле» дегендей терең сыр жаткансыды.

Ошентип, Күйгөн — Көпүрөгө да келишти. Заматтын ортосунда чатырлар тигилип, күрүч сорполор чакаларда буулана баштады.

— Жайнак агай,—деди Ажар ойлуу түрдө,— эмне үчүн көпүрө өрттөнүп кеткен?

— Кеп мына ушунда, балдар. Бүгүн мыктылап дем алгыла. Эртең таң атар менен Күйгөн-Көпүрө жөнүндө чоң аңгеме курабыз. Ушул айылдын эки заман-

ды башынан кечирген карыяларынын бири, биздин Карагоодон чыккан чекист Сатар агайыңардын атасы Өмүралыны чакырабыз. Ал Күйгөн-Көпүрө жөнүндө, өз башынан өткөргөн турмушу тууралуу бизге айтып берет.

— Баса, агай,— деди Ыбыш таманы менен чок басып алгандай чочуп,— биздин «Жылдыздагы» Өмүралы чоң атаны айтып жатасызбы?

— Ооба, ал киши башынан далайды өткөргөн карыялардан эмеспи. Уулу да чек ара кызматында жүрүп көп эрдик көрсөткөн.

— Мына кызык, өз айлыбыздагы эң мыкты адамдардын баатырдык иштерин байкабай жүргөнүбүздү көрчү.

— Байкап, үйрөнүү керек, балдар. Өткөндөрдү мыкты билмейинче, жаңы турмушту куруу ишинде чоң ийгиликтерди жаратуу кыйынга турат. Азыркы балкыган бакыт-таалайыбыз, көлдөй ташкындаган берекебиз «алма быш, оозума түш» болуп, өзү эле келе койгон жок. Ал далай азаттык күрөштөр, кан төгүүлөрдүн натыйжасында гана келди.

Жайнак агайдын бул сөздөрү балдарды ой көлүнүн тереңине алып кеткендей болду.

* * *

Жашыл токой... Шаркырап аккан тоо суусунун жээги. Көлөкө... Өңчөй жаш пионерлердин арасында Өмүралы карыя аңгеме куруп, бакылдоодо. Чоң атасынын тизесине олтуруп алган Насыке да өзүнөн улуу ага-эжелерин туурап, аңгемени берилип тыңшоодо. Ал балыкча оозун ачып алыптыр. Ардактуу пионер Өмүралы карыянын мойнундагы кызыл жагоо эки бетинин анар сыяктуу кызгылт чогуна окшош. Карыя

айтып жаткан аңгемесине ыраазы болгондой өзүн көңүлдүү, шаттуу жана жеңил сезет.

— Ошентип, балдар, менин өмүрүм эски жана жаңы доордун күбөсү болду. Балалык өмүрүмдүн эсте калган элестеринен бирди айтып берейин. Анан Күйгөн-Көпүрө жөнүндө кезеги менен келебиз.

...Анда азыркыдай кенен нан кайда... Мен ушул Насыкедей жети жаштан сегизге карап калган кезим— деп, сөзүн баштады карыя. Ал алгачкы сөзүн нан туурасында айтканда берки четте Ыбыштын катарында олтурган Жөкүнүн бүткөн бою дүр этип, өңү кумсарыңкы тарта түштү. Анткени, ал эртең мененки тамакта борщун ичип жатып «каткан нан экен. Муну ит да жебейт. Карачы күйүгүн... Менин бөлкөгө аппетитим тартпайт. Үйдөн дандырдын ак нанына — лепешкага көнүп калыптырмын» деп, бир аз катыңкы тарткан нанга караган эмес. Жөкүнүн нанга болгон мамилесине кыжыры келип:

— Нан жок болсо көрөр элем, дандырдын нанын сага ким табат эле. Бардыгына азыртадан көнүү керек,— деген Керим.

— Нан жөнүндө сенин ишиң болбосун, Керим.

— Ишим болот. Бардыгынан нан улук. Нанды кадырлай билүүбүз зарыл. Согуш убагында нандын каарын тарткандар жөнүндө көп эле угуп жүрбөйбүзбү.

— Керим туура айтат.

— Чындыгында баарынан нан улук, нанды кесир кылбай жүр! — Нан туурасында бир топ курбулары Жөкүнү ортого алышып, жогоркудай ойлорун айтышкан. «Өмүралы ата да мени кыпчып кетпегей эле. Сөзүн эмне үчүн нандан баштады экен» деп, Жөкү өзүнчө бушайманга түшүп, өңү өзгөрүп кеткенинин жөнү ушундайча эле. Бирок Өмүралы карыя Жөкү жөнүндө айтпады. Аңгемесин өзү жөнүндө улай берди.

— Атам төшөктө солуп ооруп жатат. Күрт-күрт жөтөлсө жаман алачыкты көтөрүп кетчүдөй болот. Алачыгыбыздын туш тарабынан бороон ызылдап, ортодогу жыртык кара казанга от табы жакшы жетпей түтүнгө быкшыйт.

— Апаке, түтүнгө көзүм толуп ачышып кетти,— дедим мен жеңи чор болгон чапанымдын этеги менен көлкүлдөгөн көз жашымды сүрүп.

— Алда алдыңа кетейин ай, эмне айла кылайын. Атаң да минтип ноокастап жатпайбы. Кымыранды бышыра койсом болот эле.

Ал ошол замат сыртка чыга калды да, тезекке жабылган эски сокмо чийди, тамтыгы кеткен чаарала капты, күнгө чор болуп катып калган эски талпакты алачыктын жыртыктарына калканчыктап коюп, сыртта жаткан союлдар менен тиретимиш болду. Баары бир мындан анча айла болгон жок. Кулакты тундура шуулдаган бороон улам күчөп, жаман алачыкты көтөрүп кетүүчүдөй солкулдатат. Жакасы кир жуурканды жамынган атам дагы ыкшып жөтөлдү.

— Ай, байкуш абышка ай, оорулуу жаның менен шыргалаң сууну кечпей эле койбойсуңбу?

Апам казандагы көк кашка кымыранды чарага көтөрүп куюп жатып ушундайча кобурады. Анан ал жыртык чыгдандын ичинен бир жак капшыты жарылып кеткен түптүү кара аякты алып чыкты да, ысык кымыранды куюп атама сунду. Оорулуу атам ырамалык калтыраган арык колдору менен энем сунган аякты араң кармады да:

— Байбиче, жүрөгүмө барбай турат, кантем?—деп жалдырады.

— Эптеп ичегөр. Жумуруңда эчтеке жок, куруп жатат окшойсуң.

— Кайратым жыйып көрөйүн.

Атам аякты алсыз колдору менен арaң көтөрүп кылкылдата бир, эки жутумуш болду. Бирок анча жарыткан жок. Кайрадан төшөккө башын коюп, өзүнчө кайрат келтиргенсип, мындай деди:

— Ой, кудай, ушул жан кейиткен, казаны какшыган теңсиз турмуштун келемтеси бир күнү чыгар. Үмүттү өчүрбө, кудай! Ушул оорудан эсен сакайсам, көөдөй түндү кучагына алган каргыш турмуш менен алп уруша, акыры адилет заман курулса, анан кичинекей Өмүралымдын убай урматын көрсөм... Аял алса...

Бул тилектерди кайран атам алсыз үнү менен айткан сайын апамдын да зээни кейип, жоолугунун учу менен көз жашын сүртөт да, түтүндүү күйгөн чычаланы улам илгери козгоп ичкертет. Менин көз алдымда ошол түтүндүү күйгөн чычала, алсыз атамдын, ыраматылык энемдин элеси азыр да келе калат.

— А атаңыз оорусунан айыгып кеттиби, чоң ата?

Баятан бери окуяга терең берилип, жаны ачып, боору ооруп, өзүнчө кейиште олтурган Керим ушинтип сурап калды. Анан ал Өмүралы атага улам ык сала жакындап олтурду.

— Азыр айтамын, айланайын.— Карыя ата аңгемесин улай берди.— Атам Айдар деген байга малай болуп жүрчү. Анын Бөрүбаш, Түлкүбай, Арстаналы деген балдары боло турган. Атам күндүк оокат үчүн өгүз минип алып алардын уйларын кайтарчу. Бир жолу, кыш айларынын бороондуу күндөрүнүн биринде Айдар байдын желини толуп, тууруна аз калган эки окшош күрөң уюу жоголуп кетти.

Алар ар жыл сайын качып барып туучу экен. Өткөн жылдары да Чолок-Белдин карагайлуу черинен таап алышыптыр. Бирок биреөнүн музоосун карышкыр жеп кетет. Буга ачуусу келген бай:

— Менин касиеттүү малымдын тукумун үзмөй болдуң, байлык токтобогон томаяк...— деп атайын акысын бербей коёт. Аны музоосунун акысы үчүн барымтага кармайт. Кырсыкты кайдан дей турган эмес... Ошентип, атам энем экөөбүздү аш, оокаттан кем кылбай күнүмдүк турмуш үчүн зөөкүр Айдарда жалданып иштеп жүргөндө баягы качып тууучу күрөң уйлардын бирөө дагы жоголуп кетет. Энем уйларды кайтарып калып, атам жокту издеп чыгат. Далай чытырман токойлорду аңтарат. Бирок күрөң уй табылбайт. Кара өгүздү кыбыратып мингиче, жөө басып жоголгон малды батыраак табууну эңсеген байкуш атам шыргалаң болуп калган Жылгындуунун суусун бут какшатып далай ирет кечет. Киндикке чейин жаба берген Жылгындуунун суусун кечип жүрүп күрөң уйду араң табат. Ал күбүргө түшүп кетиптир, музоосунун тарпы гана калыптыр. Көрсө мындай жаманчылыкта ого бетер күч алган карышкыр жаш музоону жара тартып кетиптир. Атам уйду издеп жүрүп чарчап-чаалыгып араңдан зорго үйгө келсе, Айдар аны аябай сабайт.

— Мен карышкырга кой кайтартат болгон турбаймынбы!..

Асыл малымдын тукумун сен соолтуп ак жолума, кара күлдү төгүп жатасың. Бул жөрөлгө өзүңдөй томаяк кескилерге көрүнсүн. Күрөң уй жаш музоосу менен өлүп калганча, өзүң өлүп кетсең табам канмак, томаяк.

Айдар ушундай уу тилдерин ачыта, атамды жигиттерине эси оогончо сабатты. Башы, көзү кызыл жаян болгон атамды жан соогалап жатып апам бошотуп алды. Бул запкыдан улам атам төшөктө жер кучактап жатып калды. Мурдагы кургак учук, кызыл жүгүрүк оорусу күчөп акыры арадан жарым ай өтпөй

кайран атам жарык дүйнө менен биротоло коштошту. Ал а дүйнөгө кетип бара жатып:

— Кагылайын жалгыз туягым, аман-эсен чоңойсоң жакшылыкка колуң жетер. Ошондо Айдардан ата кайгысы, эне кейиши болгон өчүңдү ала көр.

Атам ушул сөздөрдү айтаары менен кирпиктери бири-бирине чаптала үзүлүп кете берди. Энем аны баса жыгылып боздоп ыйлады. Ага кошулуп мен да чаңырдым. Жаман алачыктан чыккан жаш бала, жесир аялдын зор кайгысын эч ким укпады. Тар капчыгай, ары-бери чабуулдаган кара булуттар, шарылдап аккан Жылгындуунун суусу гана угуп, аны алыска алып кетип жатты.

— А сиздерге, кимдер камкордук көрүп, кимдер бакты? Андан аркы турмушуңар эмне болду?

Өмүралы карыяга балдардан мурда озунуп Керим ушундай суроо берип калды.

— Эптеп өлбөстүн күнүн көрүп, жебестин ашын жедик. Мен Айдардын козу-улагын, музоолорун кайтарчу болдум. Энем Айдардын оту менен кирип, күлү менен чыкты. Бирок баары бир оокатка жарыбадык. Мен боорумду көтөрүп чоңоюп он бештен он алтыга карап калдым. Бир күнү энем мени атайын чакырып келип жанына олтургузуп алды да:

— Уулум, менин таянар тоом, медер кылар кубатым сен. Өзүңдөн башка менин бактым жок. Тигил зөөкүр Айдар мени токолдукка...

Энем андан ары сөзүн айталбай жашып кетти. Мен бир азга айланчыктай мойнунан кучактап, аны кейитпөөгө, кайрат берүүгө аракеттендим. Өзүм да жашып кеттим. Жер астын-үстүн боло түштү.

— Качабыз!...— дедим энеме чыйрала сүйлөп,— качанкыга чейин ушинтип жүрөбүз.

— Каякка?..

Энем көлдөгөн жашын жука эрдинен ылдый сүрө мага суроолуу карады.

— Баягыда биз карагай жүктөшүп берген Жоро деген орустукуна.

— Анын батырбаса кантебиз, же кыргыз болбосо?

— Кыргыз болбосо да батырат. Мен Жорого мындан жарым ай мурда карагайлуу бетте кой жайып жүрүп кезиккем. Ал мени таанып калыптыр. Карагайларын жүктөшүп жардам бердим. Атамды да жакшы билет экен.

Ал менин далымдан таптап:

— Эй, сари бала, кааласаң менге кел. Телега айдап, тарт,— деп эскерген.— Ошол Жорого кетебиз, апа.

Ушул сүйлөшүүдөн кийин апам араңдан-зорго менин кеңешиме макул болду.

Айдар байга биздин кетип калуубуз жөнүндө эч шек билдирбей, малай болгон акыбызды сурап апам барып келди. Эртеси күнү эле Айдар жайдары мүнөздө биздин жаман алачыкка кундуз жака ичигин жамынып, көөкөр тумшук өтүгү менен басып келип сырттан:

— Ыя, Бүбүкан, үйдөсүңбү, бери чыкчы? — деди.

Апам экөөбүз сыртка чыга калдык.

— Кулак сизде,— деди апам саамай чачтарын жоолугуна кымтый.

— Үч айдан берки акыңарга жалпак тору менен сарала кунаажынды алгыла. Жалпак тору Өмүралыга мингич, ал эми сарала кунаажын тукум болсун,— деп мээримдүү кытмырлык менен сүйлөдү.

— Ыракмат Айдаке, жакшылыгыңызга,— деди апам башын жерге сала.

Айдардын амалын ошол замат түшүндүм да чыдап туралбай:

— Жалпак торуңдун да, сарала кунаажыныңдын да кереги жок. Биздин башыбызды бошоткун. Өзүбүзчө оокат кылабыз! — деп алдыга атырыла чыктым. Айдар ачуусуна чыдабай калтаарып кетти.

— Итке телинген акмакты көр а. Мен керек болсо энеңди токолдукка зордуктап гана алмакмын — деп, силкине бакылдады.

Апам тескери карап боор толгой сыздап ыйлады.

— Олда таш боор теңсиздик ай!

Айдар мени куурайча көрбөй, түз эле апама обдулуп келди да аны оң колдон алып дегдеңдете жетелемей болду.

— Жүрү, мен эриңдин кара жерге көмүлөрүн, өзүңдүн жесир калааруңды гана күтүп жүргөм. Сендей асыл зат ургаачылар кембагалдын теңи эмес!

Апамды Айдар кучагына кыса тартты. Бирок апам ага боорун бербеди. Айдардын жылаандай кебетесинен ичиркене мени көздөй жан талаша серпилди. Бычакка жарынуучудай ыза бугум кайнап турган жаным Айдарга секирип жетип апама тийген оң колунун чыналагынын үстүн кырча тиштеп алдым.

— Коё бер апамды!

— Мына сага!

Айдардын шадылуу жайык алаканынын издери сол жаагыма тура калды. Көзүмдөн от чагыла түштү. Экинчи жолу кайрылып ичке тепти эле чалкамдан кеттим.

— Канкор, тийбе балама!

— Куба канчык десе, сага көргүлүктү көрсөтө албасам... Айдар атым эле өчсүн. Урядник болбой калайын.

Төмөнкү айылдын манаптары ак өргөсүнө меймаңга келип түшкөнүн жаңы гана байкаган Айдар куйрук

жүнүн жулдурган итче өз журтун көздөй арышын кере ыза болуу менен басты...

Апам мени кучактай жыгылып, бооруна кыса тартып шолоктоду...

Биз бул окуядан кийин Айдардан бир тыйын аласабызды албай, таякемдин жардамы менен түн жамынып Жоронукуна келдик. Жоронун аялы да анча-мынча кыргызча билген, жөн билги боорукер аял экен. Күйөөсү биз жөнүндө орусчалап айткандан кийин биздин жүдөө кебете-кепширибизге бир сыйра көз жүгүртүп чыкты да:

— Пойдемте сюда,— деп төрт айнек терезеси бар, каалгасы түштүк тарапты караган кичинекей бөлмөгө ээрчитип келди. Анда эки жыгач керебет турган экен. Тактай керебетти биринчи көргөн энем экөөбүз оозубузду ачып таң калып карап турдук.

— Силер ушул квитке турасыңдар.— Ал ушинтти да, анан мага карап:

— Сен телега айдаса болот, энең хозяйка — деди.

Чынында эле Жоро, анын аялы бизди мээримдүү тосуп алышты. Мен араба айдап, чөп, отун тартуучу болдум. Энем болсо Жоронун аялынын тапшырган ишин аткарат. Кирлерин жуушат, бөлкө бышырат, мончосун ысытат, тамак даярдоого жардам беришет. Кыскасы — Жоронукуна келгени тынчып калдык. Бирок кыргыз аттуулар бизден жаа бою качышчу болду.

— Булар капыр... Орус динине кошулуп чочконун этин жешет экен. Булар менен жөн гана сүйлөшүп кою да макүрөөлүккө жатат.

Ырас Жоронун эки чоң чочкосу боло турган. Алар жыл сайын тууп торопойлору көбөйүп туруучу. Бирок аларды кайрадан сатып, согумга сою — Жорого адат-

ка айланган эле. Бул иштерге мен өзүм да аралашчумун. Менин мындай тайманбастык адатымды жактырган Жоро:

— Молодец сен, Өмүралы! — деп далыга чаап коё турган. Биз Жоронун колунда төрт жылдан ашыгыраак убакыт туруп калдык. Төртүнчү жыл болгондо энем байкуш дүйнөдөн кайтты. Ак кепиндеп, аруу жууп кыргызча койдук.

— Капа болбо, Өмүкө! Сага колукту алып берүү жагын да ойлонуштуруп жатам,— деди Жоро бир күнү мага.

Ошентип баягы тааныш Жоро жана анын аялы чын-чынына келгенде бир тууган адамдарымдай ынак, жакын болуп кетти...

Анча-мынча орус тилин үйрөнүп калдым. Булчуңдарым буржуюп, кабырга эттерим толо баштады. Ар кандай ишке көнүктүм. Өзгөчө жыгач устачылык мага абдан жагат.

...Күндөрдүн биринде жаңы кабар айыл ичин жарып жиберди. Падыша тактан кулап, жаңы заман курулат экен. Кедей-кембагалдардын күнү тууп, зулумдар жер үстүнөн күм-жам болот экен. Кара таман кедейлердин эң жакын досу — Ленин акыйкат үчүн, теңдик үчүн, азаттык үчүн байрак көтөрүп элди күрөшкө чакырып жатат.

Бул жаңылыкка башка жалчылар сыяктуу мен да аябай уюп, Ленин деген адамдын атын биринчи ирет кайталап толкундап айттым. Аңгыча «ичкерден больчайбектердин азаттык аскерлери келе жатат. Алар байларды муундуруп, жардыларга жардамын берүүдө» деген уламыштар да тарай баштады.

Мындай кабарды уккан Айдар сыяктуу зулумдардын жүрөгү түшүп, заманасы куурула баштады.

Кийин мен да Кызыл Аскер тарабына өттүм. Ленин деген сөз жан жүрөгүмө кубат бергенсип, тоодой бел, кайратымдай сезип жүрдүм.

...Эсимде. Күз жалбырагы шагырап түшүп жаткан мезгил эле. Колхозго ушул Карагоо өрөөнүнөн биринчилерден болуп кирген, партиялык ячейканы уюштуруучулардын бири, партиянын мүчөсү Каргабай Дербиш уулун чоң түп дарак бутагына төбөсүнөн жер карата асып, мууздап, көздөрүн чукуп, оозуна арабча жазылган төмөнкүдөй катты кептеп кетишкен:

«Силерге окшогон большевиктер биздин колдон ушинтип мууздала берет. Колхоз уюштурууну азыртадан токтоткула». Каргабай ушул Карагоо айылында Кеңеш өкмөтүнүн кызыл байрагын колуна желбирете кармап, буурул жорго менен айылдын бир башынан кирип аягына түп көтөрө чыга:

— Кеңеш өкмөтү кең бактың. Колхоздошуп бакыт тапкын! — деп жар салып чыккандыгы алиге дейре жүрөктүн толтосунда.

— О, кымбаттуу агайын, туугандар! Мыкаачылар менен жан аябай күрөшүүнү ар бириңер үйрөнө билгиле, жаңы замандын таалай үрөнүн өстүрүү ыйык милдетиңер!

Ошентип,ички душманга каршы атайын отряд түзүлдү. Ага ичкерден келген Роман деген орус жигити жетекчилик кылды... Бул отрядга мен да кошулдум.

...Туз тоолорунун алдында эң катуу салгылашуу болду. Басмачы зөөкүрлөр береги Кара-Тоону көздөй качышты. Мында Айдар жана анын балдары Бөрүбаш, Түлкүбай да бар эле.

— Жолдоштор,— деди Роман дөңгө сайылган желбиреген Кызыл Туунун алдында шандана сүйлөп,— жаңы замандын пролетардык бийлиги жан аябас кү-

рөштөр менен гана келерин жакшы билесиздер. Эмесе азыр кандуу чабуулга өтөбүз.

Биздин отряд экиге бөлүнүүгө тийиш. Антпесек басмачылардын алдын тороп, айласын кетирип, кыйроого учуратуу кыйын. Командир Роман жетекчилик кылган негизги күч Ак-Жардагы бекинип жаткан душмандарды ойрондоого жөнөштү. Анын катарында мен да бар элем. Ал эми экинчи бөлүк көпүрө алдындагы калың токойго бекинишкен душмандарга бет алышты.

Баракелде, Романдын минген кара кашкасы башын койкоңдото, учуп кетүүчүдөй ыргыштайт. Көзгө бараандуу көрүнүп, жал куйругу төгүлө алчактайт. Топ аргымактардын арасынан мышыкча тик атылып чыга калат да, ооздукту тарткан сайын соккон шамалга жал-куйругу дирилдеп, тоодон алыс секирүүчүдөй элирет.

Биздин бөлүк өзүнчө салтанат менен баратты. Кызыл байрак тоо желине желбиреп отрядга баатырдык көрк берип, ар бир жүрөктү азаттык жеңишине чакыргансыйт. Ак-Жарга бир жарым чакырымдай калганда атышуу башталды.

— Бир кадам артка чегинбөөгө буйрук беремин. Менден артта калбагыла. Душманды жарга камоо керек. Алар бекинип жаткан жерге эпчилдик менен кирүүгө тийишпиз! Маңдайында кызыл жылдыз тагылган булгаары шапкесин оңдоно кийген Роман мына ушундайча бак-бак этти.

Ак-Жар алдындагы аймакка Ала-Тоонун сур булуту чөгүп калгансып, ат туяктарынан созулган чаң улам күч ала берди. Тарса-тарс, күрсө-күрс атылган мылтык үндөрү кулак тундурат. Калп айткан менен болобу, Романдын жанында бараткан төрт жоокер, туу алып жүрүүчү чаңга аралаш көмөлөнүп жан беришти. Бирок тууну Роман жерге калтырбай, көз ачып-жум-

ганча илип алып алдыга озду. Романдын артынан коюу чаңга аралаш кылыч миздерин жаркылдатып, жеңиш деп ураан чакырып, тигил душмандарды түз эле жарга куушурдук. Роман тапанчасы менен атып келе жатат. Басмачылардын бешөө дыр коюп качып беришти. Калгандары менен бетме-бет кармашууга туура келди. Мына, кылыч миздери бири-бирине тийгенде шарт-шурт этип, учкун от жаркылдап, аргымактар типтик секиришет.

Ой чиркин, ошондогу Романдын көздөрүнүн жалын болуп жанганын айтпа... Ар бир баш кесерге туш келер замат аттан оодара чабат.

Бир кезде Романдын сол колуна ок жаңылды да бир жак өңүрүн кан жууп жиберди. Биз эки жоокер жаралуу колун ак тайпы менен ары-бери таңып жибердик.

— Романды ким жарадар кылды?

Жоокерлердин арасынан кимдир бирөөнүн өзгөчөлөнүп чыккан үнү даана угулду. Катуу салгылаш болуп жаткан Ак-Жардын үстүндө дүкүйүп өскөн эки түп жапайы дарак бар эле. Ал эки түп жапайы талдын ар жагындагы ойдуңда бири-бирине чиркелише байланган аттар жер чапчып үркүп жүрүшөт. Аны байкай койдум да, алиги жапайы талдан шек санап аңдый карап калдым. Калың бутактардын арасына жармашып эки зөөкүр олтурат. Алардын бирөө сакал-мурутун апсыйта коё берген Айдар экен. Мени анча байкашкан жок. Арт жагынан аңдып келатам. Алар да жан талашып атуу менен алек. Бир оокумда беш атарымды так Айдардын жүрөгүнө мээледим да басып калдым. Айдар төмөн кулап оор денеси бугу мүйүздөнгөн бутактарга илине, жерге кулап түштү. Мылтык экинчи ирет тарс эткенде жер жара кыйкырган Бөрүбаштын кан жөткүргөн үнү угулду.

Далайлардын канын ичкен Түлкүбай жана башка төрт басмачы туткунга түшүп, колдору артына байланып, өздөрү минген аттарына бекем таңылды.

— Өмүралы, буларды Күйгөн-Көпүрөгө чейин эки жигит менен өзүң алып келесиң.

— Жок, мен сиз менен кошо барам, сиз менен кошо өлөм.

Романдын жаралуу болгон сол колун кайрадан жаңыртып таңып жатып ушундайча кескин түрдө жооп бердим.

— Алдыда далай коркунучтар бар, Өмүке! Сак бол!

— Жаңы заман үчүн өлүмгө башым тартуу. Жоо артынан кубалайм. Ата өчүн аламын...

Акыры Роман колун бир шилтеп башын чайкады да, туткундарды эки жигитке дайындап, калган жоокерлер менен көпүрөнү көздөй атырылды. Арасында мен да бар элем...

Өмүралы чоң ата мына ушул кармашуулар жөнүндө өңүн өзгөртө, колдорун шилтегилеп айтып жатты. Анын мындай кыймылынан душманга болгон жек көрүү сезими курчуп, ыза булагы ташкындап тургансыды.

— Мына күрпүлдөп аккан Карагоо суусуна аземдеп курулган көпүрөгө жакындап калдык. Биздин отряддан бөлүнүп чыккан экинчи топ чытырман токойго бекинген душманга кыргыйдай тийип, ар кайсы бадал түптөрүнө чилдей таратып, далайын жерге сулатышкан экен. Биз Кара-Суунун берки өйүзүнө жеткенибизде:

— Жолдоштор! Көпүрө өрттөнүп жатат,—деп кыйкырды жоокерлердин арасынан кимдир бирөө.

— Басмачылар аркы өйүздөн от койсо керек.

— Өрттү тезинен өчүрүү керек!

Роман баштаган төрт жоокер көпүрөнү көздөй чаң ызгытып жетип келди. Мылтык тарсылдап атылат. Карагоо ичи ызы-чууга кош жаңырып, кыйкырык үндөр басылбайт.

— Жоокерлер, менин артымдан... аркы өйүзгө тезирээк!

Бийик кара аскага курулган көпүрөнүн түндүк тарабында от жалыны асманга атылып, боз түтүн батышка салаалайт. Романдын артынан көпүрөнүн үстүнөн күйүп жаткан өрттү аралап атчан жоокерлердин бир даары өтүп кетти. Мына жыйырма биринчи, жыйырма экинчи жоокер баратат... Аркы өйүзгө чыгарына эки метрдей эле калды... Бирок чатырап күйгөн карагайлар турууштук бералбай алиги эки атчан кызыл жалын менен кошо иримди көздөй кулады да кайра чыга албады. Беш жылдыздуу чокчогой тумактары гана суу үстүндө калкып калды.

— Аткыла, каракчылардын бири да тирүү калбасын!

Аскага жашынып алган басмачыларга өгүздөй таштын далдасында туруп, жаралуу сол колуна карабай тапанчасы менен ок атып жаткан Роман тоо жаңырта кыйкырып беркилерге кайрат бергенсийт. Бир оокумда үч зөөкүр аска башына артылган бойдон таш кучактап жерге кулашты. Аска арасы бир азга тымтырс боло калды, Роман чиркелише байланып турган кара кашканы көздөй чоң арыштай басып келатты. Жүздөрү киргил терден улам темгилденип «жоонун мизин кайтардык» дегендей эрдик жышаанасын билгизип турду. Бир кезде ал оң жакка бурула, мылтык үнү азыр эле басылган мемиреген тынчтыкта кере-кере дем алып, баатан берки жер каптаган ыш, түтүн жытын анча жактырбагандай төмөн жактагы шуулдаган токойду колун серепчилей карады. Так ушул учурда

батыш тараптагы сары аскадан мылтык үнү капилет тарс этти да биздин сүйүктүү командирибиз Роман оң колу менен төшүн мыкчый башын кейкейтип, боюн тегерете, жерге боортоктой жыгылды. Мен дароо жетип келип башын жөлөй кармадым. Бирок каарман командирибиз ээрдин бекем тиштеп, өңүн кумсартып жарык дүйнө менен коштошуп баратты...

— Менин кымбаттуу боордош жоокерлерим, жеңишти биротоло колго алгыла! — деди ал акыркы кайратын жыйып бир аз үн катып сүйлөп.

Биз алиги Романга ок чыгарган басмачыны тирүүлөй кармап келип суракка алдык. Көрсө ал бизди аркы өйүзгө өтө албай калсын деп көпүрөгө от койгондордун бирөө — Сармат деген басмачы экен. Ал совет бийлигине каршы чыккандык үчүн, Роман үчүн өз энчисин алып, өлүм жазасына тартылды. Бизден бул салгылашууда Роман командирибиз баштаган 14 жоокер өмүрүн кыйды. Алардын эрдиктерин урматтап мына ушул көпүрөнүн түндүк жаккы тарабына, Роман жыгылган жерге табыттарын койдук. Кийинки жылдары ал жоокерлерге бийик таштан эстелик орнотулду. Аны өз көзүңөр менен барып көрсөңөр болот!

Өмүралы карыя аңгемесинин аягын ушундайча бүткөрдү да:

— Азыркы таалайыңар үчүн күрөшкөн Романдай агаңарды унутпай жүргүлө, кулундарым! — деди.

— Унутпайбыз ата, сиз анык эр жүрөк аталардан экениңизди эми гана билдик. Каап, мурдатан билсек...— деди Ыбыш тамшанып Өмүралы атага суктана карап.

— Биз «Жылдыз» колхозунун алгачкы уюштуруучулары, алдыңкы адамдары тууралында, Совет бийлиги үчүн салгылашкан азаматтар жөнүндө летопись түзөлү. Ага Өмүралы чоң атанын аңгемесин да

кошолу — деди Керим. Ошентип, сөз иш менен айкалышты.

* * *

Сарала-Саздын бетегелүү тулаңында балдардын балбан күрөш оюну күч алып жаш жеткинчектер дуудуу болуп, алардын кумар черин жазган шаттуу үндөрү алыска-алыска угулуп турду.

— Кана, биздин Ыбышка ким чыгат?

Кулактын курчун алган бул үндөн улам Ыбыш эки бөйрөгүн таяна, чогулган топтун арасынан суурулуп чыкты. Курч көздөрү менен иретсиз чурулдаган балдарды тигиле карады. Маңдай көкүлү үрпөйүңкү тартып, көкүрөгүн кере, булчуңдарын буржуйта, өзүн олбурлуу сезип, айланага дагы дугдуя көз жүгүрттү.

— Дегеле кой, өзүн илгерки Суусамыр өрөөнүнөн чыккан Босуке балбандай сезет, ой.

Баса, Босуке балбан дегенибиз мындайча эле. А жөнүндө балдар пионердик лагерден уккан аңгемелерден улам жакшы билишет.

...Илгери-илгери Чоң-Алай тараптан Карагоо өрөөнү жакка бир балбан келет. Аны ат көтөрө албай алдуу-күчтүү буурага мингизишип араң дегенде ушул Сарала-Саз жайлоосуна жеткиришет. Чоң ардак менен мейман сыйын көрсөтүшөт. Жайлоонун чатыраган толук кезинде бир аш өткөрүлүп, анда эр эңиш, балбан күрөш, кыз куумай, ат чабыш сыяктуу мелдештер болот. Мына, балбан күрөш кезеги келгенде баягы Алайдан келген ат көтөрө албаган балбан, тарамыштай түйүлгөн денесине жылкынын майынан жаба сүйкөттүрүп, эл алдына күржүйө чыгат.

— Кана, Төө балбанга ким тең келип чыгат? Же байгени күрөшсүз эле алып кетеби?

Олтурган эл бири-бирин карашып тигил Төө балбандын түрүнөн улам төбө чачтары тигинен туруп, теңдешсиз балбан жоктугуна шыпшыныншат. Ошондо эл намысына жүрөгү күйгөн, суусамырлык жылкычы Босуке деген жаш жигит эл арасынан суурулуп чыгат да төө балбан менен күрөшө тургандыгын билдирет.

— Мени деле эне төрөп өстүргөн. Төө балбан менен кармашам, же жеңем, же быжыдай мыкчылып алдында калам.

— Ай, бечара ай, ийнеликтей болгон неме экен, тигил төө балбандын чыпалагына да тең келбейт го.

— Ким билет, жанынан биротоло түңүлгөн неме го.

— Эл, жер намысы деген кыйын. Намыстанып жатпайбы.

Эл оозу элек эмеспи. Жыйында тургандар тигил эки балбандын кебете кепшир, сындуу мүчөлөрүнөн эле жыйынтык чыгарышып «Төө балбан тезектей ыргытып жиберет го. Тигил чыйбыттай болгон байкуш күрсүйгөн немеге кантип тең келет» дешип ишенишпейт. Чындыгында эле ошондой эле.

Мына, баятан берки уу-чуулар отко суу сепкендей өчүп, балбан күрөш да башталды. Көптөн берки адат боюнча тигил эки балбан бири-бирине кол беришип, бар күчтөрүн сынашмай болду. Эң мурда алиги жылкычы жигит Босуке Төө балбанга оң колун суна берди. Төө балбандын тиштери кычырап, дене тарамыштары көгүш тарта чыкчырылып, дем алуусу кысыла өгүздөй күшүлдөй, Босукенин билегин чытырата кармап айландыра тартты эле колуна жаш балбандын териси сыйрыла кетти. Бирок тигил каккан казыктай бир ордунан жылып койгон жок. Эмки кезек Босукеге келди. Босукенин көздөрүнөн от жалындап, кайратын он эселеп арттырып, төө балбандын оң колунан серпип

айландырды эле, Төө балбандын билеги талдай ийилип, сынып кете жаздады да, жерге көмөлөнө түштү.

Шамдагай Босуке төө балбанды жерге улактай тыбырчылата басып башынан так секире аттап кеткенде кайсы бир көрүп тургандар кубанганына чыдабай көзүнө жаш алып ыйлап жиберишкен дешет.

...Деги ушул биздин Карагоо өрөөнүндө жашагандар ооздон оозго айтылып келаткан уламыштарды, болмуштарды казалдарды, өзгөчө балбан адамдар жөнүндө аңгемелерди даңазалап сөз кылышат.

Айылдагы ушундай адаттан уламбы, айтор, мектеп билимин татышкан, алма жүз жеткинчектер да чоң аталарынан, сөзмөр эне, агаларынан угушкан уламыштарды, аңгемелерди бири-бирине тезирээк жеткирүүгө көнүгүшкөн.

Бала балбандардын кызыгына батууну эңсеген жеткинчектер бири-бирине үймөлөктөшө Ыбышты жардана карап калышты.

— Эгерде Ыбышка тең келер бала жок болсо, ал бүгүндөн баштап лагердеги балдардын «балбан-атаманы» деп аталмакчы.

— Ой, чоң кулак, сага эмне болду? Ыбыш менен таймашып намысты алсаң боло...

— Жөкү коркпо, чыга бер.

Балдардын арасында Жөкү жөнүндө ушундай сөз боло калганда ал чоң кулак жер тиктеп туруп калган жок. Кызгылт чаар көйнөгүнүн алкым жактагы бүчүлөрүнүн топчуларын шашыла чыгара баштады да, заматтын ортосунда курсагын торсойтуп, боз шымынын багалегин түрүп Ыбыштын тике маңдайына тура калды.

— Атасы ушундай эр болчу!..

— Ошон үчүн чоң кулак эмеспи!

— Ой, карасаңар, колтугунда бармак басымдай меңи бар экен?!

Жөкү жөнүндө ортодогу мындай сүйлөшүүлөр кулак тундуруп жиберди.

— Тынчтангыла балдар, күрөшкө жол бергиле!

Жайнак ушинтти да колундагы жогору кармап турган кызыл түспөл ышкырыгы менен күрөшкүлө дегендей кулак тундура ышкырып калды. Ышкырык угулар менен бала балбандар бири-бирине короздой так секире атылып, көз отторун аңтара карашат. Адегенде Жөкү шамдагайлык кылып Ыбышты ийинден бурдап өттү эле Ыбыш туурасынан теңселе оң колу менен жер таянып кайрадан турду.

— Ой, Жөкү ыкчыл көрүнөт.

— Анын чоң аталары балбан да.

— Кучүңдү жый, оңкосунан ур, Ыбыш!

— Босуке балбандын ыгына сал!

Эки курбунун күрөштөрүн жан алы калбай сүрөп, котологон балдардын чый-чуй эткен үндөрү иретсиз угулат. Ыбыш ызасына чыдабай кетти көрүнөт, Жөкүнүн мойнунан алып, өзүн көздөй имере тартып, чалып жыгуу амалына өттү эле, бирок Жөкү анын оюндагыдай алдырган жок.

— Ии, ата көрү — ай, аз жерден калды! — Ыбыштын жактоочуларынын бири ушундай бак-бак этти.

— Торой чал, Жөкү!

Сол колу Ыбыштын мойнуна жете түшкөн Жөкү оң буту менен чалайын дегенде согончогу кокустуктан тайып кетти. Бетиндеги булоолонгон киргил тер жүдөтүп жибергенсиди, быш-быш этип күшүлдөп, манжаларынын каруу күчү кетип талый баштады. Мындай көрүнүш Ыбыштан да байкалды. Жөкүнү чалабула эки жолу жерге жыкканы менен каруу күчтөн

тая түшкөндүгү карап тургандарга ачык маалым боло түштү.

— Ии, атакөрү ай, Ыбыш аз жерден жанбашка салалбай калды. — Жөкүдө да күч бар экен, ой. Ыбыштын алдында жатса да жанбашын жерге бир да тийгизбеди. Чиренип, капталдап тура калбаспы!

— Каап, Ыбыштын ордунда мен болсом... Тимеле чоң кулак Жөкүнү камгактай алыс ыргытат элем...

Ыбышка күйөрман болгон классташтарынын бири күйүп-быша үнүн көтөрүңкү таштады.

— А байкуш, көп эле мактаныштын эмне кереги бар. Ыбыштын ордунда сен болсоң, эчак эле жер сүзмөксүң.

Ушундай бака-шака минуталарда ал күчтөн тая жаздап калган Жөкүнүн капталы Ыбыштын жамбашына тиер замат сол колго алкымдалып калган моюн башы кейкее тартып, жан талаша тыбырчылады. Жөкү канчалык аракет кылган менен натыйжа болгон жок. Шалак этип жерге катуу кулар замат көздөрүнөн от чагыла, ооруган башын колу менен мыкчый кармады.

— Акмак экенсиң, акырын жыкпайсыңбы? — Э-нен-ди!..

Ыбыш Жөкүнүн башынан аттап бараткканда алиги жеңилген бала балбандын оозунан жогоркудай суук сөздөр кулакка шак угулду. Бирок тентек кыял балдар ага болобу, Ыбыштын жеңишин ураалап жакташып «Ыбыш биздин балбан! Жөкү мындан ары ага баш ийип жүрүшү керек!» — деп чурулдап жатышты. Ызасы ичине толуп, балдар алдында боз ала чаңга бөлөнүп уят болгонуна чыдабаган Жөкү ичинен кумсара кекенип:

— Сага бирди көрсөтө албасам, Жөкү атым өчсүн! — деп өзүнө өзү ант берди.

* * *

Ыбыштардын үйү бийик коочодо шаңкайып көрктүү салынган эле. Тигил батыш тарабындагы ойдуңда калың өскөн камыш саз, жайы-кышы соолбой жаткан балырлуу көлчө боло турган. Мына ушул көлчөдө Ыбыштардын менчик каз-өрдөктөрү канаттарын улам таранып, карк-карк, кра-кра этип эркинче жайылып жүрүүчү.

Кайсы бир күндөрү беш каз бирин-бири кербен сымак ээрчип түндүк тараптагы, Карагоо жактагы жашыл токойго, шар аккан көк кашка суугa учуп келишип, булуңдагы көк ирим айланпада эркинче сүзүп ойноп, кайрадан баягы балырлуу көлчөгө келише турган. Үйүр алган сүйүктүү жерине каздар учуп келатканда кайсы бир көз оту түшкөн адамдар:

— Ой, берегилер ак куулар турбайбы. Жарыктык ак куулар жер, суунун көркү эмеспи! — деп кобурап калышар эле. Ал эми тигил «ак куулар» Ыбыштардын каздары экендигин билгендер:

«Айлыбыздын көркүн чыгарып, канаттарын калдайтып учкан сайын, ушул аппак каздарды багып өстүргөн Ыбыштын ак эмгеги да көңүлүбүздү куштарлантып салат. Ыбыштын өзү өстүргөн бакма өрдөктөрү канча дейсиң... Деги кийинки эки үч жылдын ичинде Ыбыш минтип бакма канаттуулардын чыныгы досу да болуп калды» — деп, аны даңаза кылгандар аз эмес.

Мындан беш жыл мурун Ыбыштын атасы Байбатыр деген казак жигиттен эки каз сатып алып:

— Балам, бул экөөнү өзүң багып өстүргүн. Жем берип, суугa айдап барып көз сал. Кийин жумурткалайт деген.

Эки каз бир кыйла тукумдайт.

Моюндары койкойгон, кызгылт, тегерек шакекчелүү көздөрү жайнаган аппак каздарды көргөндө Ыбыш эмне кыларын билбей так секире сүйүнүп:

— Өзүм эле багам, тукумдатып өстүрөм! — деп толкунданган.

Чын эле эки каз арадан эки жыл өтпөй ондон ашык кедеңдеген балапандарын чыгарды. Энелери чыйпылдаган кичинекей сары ооздоруна өтө эле кароо болуп, үндөрүн бекем чыгара, карк-карк этишип, жандарына караан жолотпой кызганышып моюндарын улам бир жагына толгой карап, канаттарын үрпөйтүп, айтор, бар кыялын көрсөтүүчү. Ошол жылдары Ыбыш мектеп босогосун жаңы эле аттаган болучу. Эси акча кире элек жаш бөбөк бир күнү каздын кичинекей балапандарын балырлуу көлмөгө айдамакчы болду. Колундагы кыска тал чыбык менен кичинекей балапандардын алдын имере «чыйт» «чыйт» эттирип үндөрүн чыгара айдап келатты. Энесине көнүккөн балапандар «биздин тынчыбызды алып уруп жатат, жардам бер, жардам бер, энеке» — дегендей чурулдашып эки казга ык сала беришти. Баятан берки Ыбыштын «орой мамилесине» жаны ачып, балапандарына боору ооруган эки каздын бирөө «карк-карк» этип үнүн айыл жаңырта бийик чыгарып, эбелектеп чуркаган Ыбышты тик куушура качырып сала берди. Канаттарын чаң ызгытып, жерге каккылап, кызыл тумшук оозун араандай ачып, карк-карк этип дабыш сала, Ыбышты сүрдүү качырган каз өзүнүн каршылашына бат эле жетип келди да, шымдалбай кийген көк чаар көйнөгүнүн өңүрүнөн тиштеди. Ооба, Ыбыш канаттарын талпынтып сүрдүү качырган каздан адегенде чымынкуюн болуп жакшы эле жалт бере сызган эле, бирок ызалуу каз чап кенедей жабышып, анын көйнөгү айрылганча тиштеп тарткылап, канаттары менен жерди

чапкылап, ызгыган чаңды пайда кылды. Ыбыш көмкөрөсүнөн түшө жер тепкилеп бакырып, каары кайнаган каздын алдында жатты. Анын чырылдаган үнүнөн улам сыртка чыга калган энеси Ыбыштын көйнөгүнөн өжөрлөнүп тиштеп, бүркүтчө канатын каккылаган казга заматтын ортосунда жетип келип, баласын ажыратып алды.

— Кайдагы балакеттүү каздарды алып келди эле. Баламдын жүрөгү түшүп калды го, катыгүн!

Эне бети-башы топуракка көмүлө калган Ыбышты бооруна сыга кучактай калып, күрмөсүнүн этеги менен баласынын бети-башын тазалап, жалынып-жалбарып чекесинен чопулдата эки жолу өптү да, алиге ыйы тыйыла элек уулун сооротуп, апаптап жиберди.

— Садагаң кетейин каралдым, аман-эсен жүрсөң болду.
Каздан да киши коркобу, катыгүн!

— Сволуч каздар турбайбы! Аларды карап тур, балапандарын бүт кырып таштабасамбы.

Көздөрүнөн мончок куюлган чолок жаштарын колунун жеңи менен сүрткүлөгөн кичинекей Ыбыш алынын келишинче энесине эркелегендей, өпкө-өпкөсүнө тийбей бакырып-бакырып алды.

Мына ушул күндөн баштап Ыбыш каздарды көрсө тээ алыстан имериле басып, «кубалап келбегей эле» деген сезимде жүрөгү «дүк-дүк» этип, алактап коркуп, арадан үч жыл өтүп, төртүнчү класска барганда гана каздар менен теңтайлаша чуркап, аларды сууну көздөй чимирилте кубалап, же чачып, айтор алардын «сазайын» колуна берүүчү болгон.

Андан бери Ыбыштардын үйүнүн алдындагы байтеректер нечен ирет бүчүр жарып, жашыл жалбырагын теңселтти. Ыбыш тестиер тартып өстү. Эки каз улам балапан басып чыгарып, жыйырмадан ашты.

Элүүгө да жетет эле, бирок жыл сайын экиден, үчтөн кадырлуу меймандарга союп берип отуруп, анчалык көбөйө алган жок көрүнөт. Ошондой болсо да колдо бар каздарды ардактап багыш оңойго турбады.

— Жарыктык каздар кыштын кыраан чилдесинде килкилдеген май алып семирет экен. Декабрдын акырына чейин мыкты асырап, согумга беш казды союп алалы, балам. Ага чейин бирин да жоготпой, арыктатпай аман асырап көз сал,— деген атасы Ыбышка.

Мына кечээтен бери үч каз жок. Аларды издеп Ыбыш суй жыгылды. Колхоздун тоок фермасына, эски кырманга чейин барды. Кошуна-колоңдордон издеп сурамтырды. Үйлөрүнүн алдындагы көлчүктүү саз, шуудураган камыш арасын нечен ирет тинтти. Акыры эч дарек болбогондуктан, буту шилтемге келбей чаалыккан Ыбыш ашкана үйдө башына куш жаздык коюп жамбаштап эс алып жаткан. Аңгыча терезенин тушунан дүбүрттөтө басып бирөө келди да айнекти черткиледи. Ыбыш так секирип тура калды да терезенин пардасын ачып, сырт тарапты үңүлө карады. Аңгыча эрбеңдеген бир караандын кулакка тааныш үнү угулду:

— Ыбыш байке, эшикке чыга калсаңыз?

— Ой, сен Насыкесиңби?

— Ооба, менмин, Насыкемин.

— Азыр...

Ыбыш энеси экөө тең эшикке чыга калды. Күүгүм кирип, каш карайып калган мезгил эле. Насыкенин оң колтугундагы мешоктон сүттөй аппак тыбыт жүндүү, жан серек болуп муудалган бир каз жерге кулап түштү.

— Мына, сиздердин жоготкон казыңар. Калган экөө Жөкүнүкүндө.

— Апаке, чын эле биздин каз турбайбы. Кайсы карасанатай ушинтти экен?

Ыбыш өлгөн казды кармалап, Насыкеге назар таштады. Аңгычакты:

— Бул күнөөсүз бейкапар казды кайсы мууздалып калгыр өлтүрдү экен? — деди Ыбыштын энеси эшик алдындагы лампочканы жарык кылып жатып.

Көрсө окуя мындайча болуптур. Өткөндө Сарала-Саздагы пионердик лагердеги балбан күрөштөн жыгылып, ызасы ташкындап, кандай каршылык көрсөтүү амалын таппай жүргөн Жөкү бир күнү тоокторуна жем чачып калат. Аңгыча Ыбыштын үч казы келет да жемге ортоктош болуп, айдаса да кетпей Жөкүнүн айласын кетирет.

— Булар Ыбыштардын казы көрүнөт. Эң жаман үйрөнду. Дайыма биздин тооктордун тынчын алып, жемин колдон талашып жедирбейт. Ырас гана кезеги келди. Ким көрдү кылайын.

Жөкү шалкылдаган темир илгичтери бар суу көтөргүчтү колуна шып ала коюп четте капарсыз жем жеп жаткан каздардын бирөөнү күч менен арка моюнга бир чабуу менен жыкты. Экинчисин да ошондой жайлады. Үчүнчү казга темир көтөргүч жаза-буза тийди эле, байкуш каз карк-карк этип жанталаша четти көздөй качууга аракет жасады, бирок «өч» алууну көптөн бери эңсеген Жөкүдөн запкы жеген аппак каз кутула албады. Оң канатын бүлк-бүлк эттирип соолуктап, жер сүзүп жатты.

— Я, балам, мынча болду, эми адалдап мууздап койгун,— деди атасы Жөкүгө кошумча болуп.— Кокус көрүп калышса шермендебиз чыгат, короого алып барып кат!

Учу шиш, жалаңдаган устарадай курч миздүү сары сап маки үч каздын кекиртегинде заматта ойноктоп,

аппак жүндөр кыпкызыл канга боёлду. Так ушул маалда Жөкүнүкүнө жумуштап кирип калган Насыке канга боёлгон каздарды көрүп, боору ачыгандыктан, жан-алы калбай көз отторун өлүү жаткан жандыктарга таштап:

— Ой, ийй, байке үч казды удаасы менен...— деп сөзүнүн аягына чыга албай калды.

— Тшш-ш... үнүңдү бас. Туугандыкка санасаң, бул каздар жөнүндө оозуңдан чыгарба...— деди Жөкү сырткы дарбаза тарапты элеңдей карап, болгон окуяны кичинекей Насыкеге түшүндүрүп.

— Мм,— деди Насыке бир нерсени ойлогондой,— демек, каздар Ыбыш байкемдики турбайбы. Каап, кыйын болгон экен.

— Эмнеге кыйын болмок эле. Жумуртка тууп турган тоокторубуздун жемин талашып күн көрсөтпөй койду.

— А кокус Ыбыш байкем каз көрдүңбү? — деп сурап калса кантем.

— Көргөн-билгеним жок деп ийиниңди куушуруп кой. Биздин абийирибизди кетирбе. Каздын бирөөнү алып, үй-бүлөңөр менен сорпосуна тоюп, этин билгизбей жеп койгула,— деди Жөкү Насыкеге көздөрүн алаңдата, сөзүн андан ары улай, жалбара,— азыр кара күүгүмдө мешокко салып кет! Эч ким көрбөйт, билбейт.

Жөкү чоң акылды чукуп тапкандай алаканын шак коюп, кыймылы тездей түшүп, Насыкеден жакшылыктуу жооп күттү. Насыке так кесе жооп бералбай бир аз тайсалдады.

— Жөкү байке, чоң атам «кайдан алып келдиң» деп үйдөн кууп чыксачы?

Насыке башын жерге сала жооп берди. Чоң атасынын «бирөөнүн бирдеңкесин алып кара санаба. Колуң

туткак болуп жаман үйрөнүп кетесиң» деп, эртели-кеч какшап айткан сөздөрү кулагына шак угулуп жаткансыды. Себеби, өгүнү эле Турсун деген баланын «Волга» оюнчугун таап алдым деп шылтоолоп кытып келгендигин чоң атасы билип коюп кайра өз колу менен Турсунга жеткиртип кечирим сураткан. Куйрукка эки-үч жазгай чапкан. Ошондон улам Насыке тартынчыктап турду.

— Болуптур эмесе Насыке, казды өзүбүз эле жеп коёбуз. Баятан бери бааланып каласың,— Жөкү мешокту өзүнө тарта сөзүн улады,— кечээ ак баштыктагы чүкөлөрдү сураганың эсиңдеби. Эми ал сенин колуңа тийбейт.

Упай чүкөгө кызыккан Насыке ошол замат макул болду.

— Мейли, мешокко батыраак ороп салгыла,— деди ал алдында жаткан каздын бирөөнү аянычтуу карап.

— Ошент садага! Тууганды кыл. Билгизбей бышырып жеп койгула.

Жөкүнүн атасы Насыкени сыртта жөнөтүп жатып, жарпы жазыла ушуларды кобурады.

Насыке мешокко оролгон каздын бирөөнү көтөрүп алып, ойлуу келатты. Ал мешокту көтөрүп үйүнө келсе анын аки-чүкүсүн, кайдан, эмнеге алып келгендигин билмейинче чоң атасы үйүнө киргизбейт. Ошон үчүн ал башты катырып олтурбай чечкиндүү максатка келди. Ал мешокту аркасына көтөрүп өз үйүн көздөй эмес, түз эле Ыбыштыкына келгенинин себеби ушул эле.

— Ыбыш байке, мен жаңыдан октябрят болдум. Ал карасанатай болбоо керек, чындыкты сүйлөө керек эмеспи. Ошондуктан жоголгон казыңардын өлүгүн алып келдим.

— Ыракмат, сендей ак ниет балага! — Ыбыш анын чекесинен сылады.

Эртеси жолдоштук сот алдында Жөкү жана анын атасынын адамгерчиликке сыйбаган карасанатайлык иши талкууга алынып, абийири ачылып күнөөгө жыгылды. Үч каздын куну үч эселенип төлөндү.

— Насыке, сен өз тууганыңды эмне үчүн аябадың? Же жаман көрөсүңбү? — деп суроо беришти жардаган эл.

— Жок, мен тууганымды эң жакшы көрөм, бирок чоң атам үйрөткөндөй чындыкты кантип жашырам. Алардын алдоосуна кирип, өзүм да ууру болуп кала жаздадым,— деди Насыке ойлоно сүйлөп.

— Сендей кара кылды как жарган балдар көбөйө берсин, Насыке!

Жардаган көп элдин арасынан ушундай сөздөр угулуп турду. Каздар тууРасындагы окуядан кийин жолдоштору арасында Жөкүнүн бедели түшүп жүрдү. Кээде аны «Эй, каз өлтүргүч!» — деп да кыйкырышчу болду. Мындай сөзгө өтө арданып чыдабаган Жөкү өңү гана эмес, түшүндө да:

— «Чындыгында мен түшүнбөстүк кылыптырмын, кечирип койгула достор, экинчи башымды кесип алса да андай кирдүү ишке барбайм, бул акыркы сөз, акыркы...!» — деп кыйкыра сүйлөчү болду.

Жөкүнүн чын жүрөктөн чыккан бул убада сөзү анын курбуларынын ишенимин акырындык менен бекемдеп, активисттик кыймылы да артыла баштады. Бара-бара каз менен болгон эски жарат унут болуп, Жөкүнүн ак ниеттик сезими күч ала берди. Жөкү экинчи чейректе эсеп сабагынан жана кол эмгектен «4» деген бааларды алып, аз жерден отличниктердин катарына кошулбай калган.

— Эми үчүнчү чейректе чыңдангын,— деп айткан окуткан мугалими Фатима.

— Үйдөгү оокат-кечеге аралашып, жалкоо болбо-

гон адам эле кол эмгектен «5» ти албайбы? Ата, ушу сени окуткан мектебиңе рахмат! Ак кол кылбай, ак эмгекке үйрөтүп...— деген апасы да.

— Ыбыш,— деди бир күнү Жөкү ар намысы нурдуу жүзүнөн байкалгандай,— апаңдын кийим тигүүчү кол машинасынын чөнтөгүндө кайчыңар боло турган эле. Алып бере турчу, тезирээк. Кечээги эжей айткан желекчелерди жасап коёюн.

— А, бала бакчадагы балдар үчүнбү?

— Ооба, ошолор үчүн. Алардын майрамы жакындап келе жатпайбы?

Ыбыш элпектик жана шамдагайлык менен терезе тарапта туруучу кийим тигүүчү машинанын чөнтөгүнөн курч кайчыны Жөкүгө алып бере салды.

— Кайра ылдамыраак бер. Мен картон кагаздан батперек жана самолёттун моделин жасаймын,— деди Ыбыш.

Жөкү үйүнө келди да сабак даярдоочу столуна олтуруп алып көпөлөк канаттай жумшак, кылбырчак сары, кызыл, көгүш түстөгү кагаздардан бир формада болгон желекчелерди оюп кесип жатты. Адегенде көгүш кагаздан жасалган желекче кыйгачынан туура эмес кесилип калды. Аны Жөкү бүктөп-бүктөп, колу менен ушалап таштандыларды салуучу торчону көздөй ыргытты. «Мына, колумдун эби жоктугу азыр эле байкалып калды. Мейли, бузулса да кайра жасайын, көнүгөйүн, апам айткандай кичине ишти баштасам да жакшы болобу же жаман болобу аны аягына чыгарайын.»

Жөкү атайын бирөө менен сүйлөшүп жаткансып өзүнө өзү сын бере, ушундайча кобурады. Желекченин бирөө бузулду, экинчиси, үчүнчүсү да бузулду... Бирок төртүнчүсүндө Жөкү «бракка» жол берген жок. Бир формада кесилген татынакай желекчелер үстү-

үстүнө үйүлө баштады. Анан аны эрикпей олтуруп, желекченин бир жак учунан жип өткөндөй кылып кайрып желимдеп, аны калың китептин арасына салып жатты. Мындай көрүнүш жарым сааттан ашык кайталанды...

Мектепке жакын турган колхоздук бала бакча бар эле. Тигине, анын чоң залы бөбөктөрдүн ыр, күлкү, шаңына бөлөнгөн. Кызыл-тазыл желекчелер залдын көркүн чыгарып, каршы-терши илинип коюлган.

— Биздин бала бакчадан торолуп өскөн, мурдагы тарбиялануучубуз Жөкүгө ыракмат! Эсинен чыгарбай мына бул желекчелерди жасап келиптир.

— Ыраазыбыз Жөкүгө!

— Мыкты окушун каалайбыз!

Жөкүнүн кол эмгекке болгон алгачкы аракети, өзүн-өзү сыноого алуусу жаман болгон жок. Мектепте эмгек сабагы өткөн сайын анын жөндөмү артылып, шык учкуну тутана баштады. «5» деген баалар күндөлүк бетинде бадырайып, үйдөгү ата, эне көңүлүн өргө чапты.

— Жөкү картошка аарчып жиберчи.

— Электр самооруна чай коё сал.

— Жарма жасап, ачытып койчу?

Үйдөгүлөр Жөкүгө ушундайча талаптарды коюп, анын эмгекке бышыгуусуна назар салып, бош убактыларынын бекерге өтпөөсүнө далалат кылышчу. Ал эми Жөкү болсо айтылгандардын бардыгын элпектик менен орундатып, алкыш сөздөр жүрөгүн толкутчу болду.

Бир күнү кичинекей кошунасы Насыке үңүлдөп ыйлап кирип келди. (Ал кээде балдардан ыза көрүп, таяк жегенде бир боорундай жакынсып, Жөкүнүкүнө кирип келүүчү адаты бар эле.)

— Сени ким ыйлатты, Насыке?

— Асек деген акмагыңар дилдирегимдин бир жак канатын жулуп кетти.

Ал көз жашын мөлт-мөлт эттирип дагы төктү. Колундагы таякчанын башына тең салмактап кадалып, 10 сантиметрче келген, өңгүл-дөңгүл жонулган, тегеретип койсо жеңил айланган жука жыгачка желимделген экинчи канатчаны ачуулуу түр менен жулуп алды.

— Баары бир, Асекти атама айтып сойдуртам. Карап эле турсун. Үйүнүн алдындагы жаңы тиккен көчөттөрүн сындырып таштайм. Эчкилеримди коё беремин.

— Кел, көзүңдүн жашын сүртчү. Дилдирегиңди азыр оңдоп бере салайын.

Жөкү Насыкенин бетин жүз аарчысы менен сүрттү да дароо дилдиректи оңдоого киришти. Сүрөт тартуучу калың ак кагаздан бирдей формада эки баракчаны кесе салды да берки таякчага, туурасынан кадалган жука жыгачка кайчылаштыра бекитип ак чарык жип менен тыкыз беките жамады.

— Бар эми, Төлөн таякеңдикине чейин тызылдап чуркап дилдиретип кел.

Насыкеден бир кезде көңүлү суу сепкендей калып, жаап-жашырган айыбы ачылса да, өз боорундай көрүп, «кичинекей эмеспи» деп Жөкү ага көп көңүл буруучу болду. Баарынан да сабактарына жардам бергеничи. Тамгадан сөз, сөздөн сүйлөм түзүп үйрөткөнүчү...

Күн бешим болуп калган учур. Насыке Жөкүнүкүнө келип, анын тынчын ала баштады.

— Жөкү байке, мына, шамал болуп келди. Баягыны качан жасап бересиң? — деди Насыке табышмактуу түрдө. Жөкү болсо эки ийнин куушуруп На-

сыкени тике карады. Эмнени айтып жаткандыгын түшүнө албады.

— Ой, тентек десе, эмнени айтып жатасың?

— Асмандан учкан узун, ичке куйруктуу кушчу?

— А, баягында айткан батперекти айтасыңбы?

— Ооба,— деди Насыке башын ийкегилеп.

— Батперек демекчи...

Жөкү көптөн берки ою эсине түшө калгандай, бир аз ойлоно, сөзүнүн аягына чыкпай Насыкени айландыра карады да сөзүн улады,— эсиңдеби Насыке, мындан жарым ай мурда «Кыргызстан пионери» газетасына чыккан «Арипти үйрөнүү» дегенден «А» тамгасын үйрөнгөнбүз. Кел, бүгүн «Б» тамгасын үйрөнөлү. Жана сен айткан Батперектен баштайлы.

Насыке буга жым дей түштү да алгачкы сөздү биринчи алды.

— Бала күлдү.

— Байкап койдум аны.

— Батыштан шамал жүрдү,

— Байкап көрдүм аны.

Насыке күлүң-күлүң этип Жөкүнү сынга алды:

— Байкап койдум дей бересиңби?

— Башкача да айтам.

— Бадыраңды кайдан алабыз?

— Базардан.

— Бакыт силердикине качан келет?

— Базар күнү.

— Байкесине эмне алып келет?

— Ботинка, көйнөк, китеп,

Насыке дагы кандай сөздөрдү айтарын билбей күлүңдөп үй ичиндеги буюмдарга көз жүгүртүп «б» тамгасы башына келүүчү перселерди дагы иликтей баштады.

— Баасы канча пальтоңдун?
— Байкабапмын анысын.
— Батперек жасап берчи?
— Базар күнү келерсиң...
— Бачым жасап бер дейм.
— Байкаштырып көрөйүн.

Насыке батперек жөнүндөгү суроосун чындыкка айлантсын дегендей эки көзү төрт болуп, Ыбыштын батперегин учура албай жиптерин үзүп тил укканы, «Батперек жасап бергиле» деп ата-энесин кыйнаганы элестей калды.

— Жөкү байке, чын эле жасап берсең?

— Базар күндү күт. Баарыбыз тең окуудан колубуз бошойт. Ошондо убадамды аткарайын,—деди Жөкү жылмайыңкы түр менен.

Базар болоруна эми үч күн бар. Насыке аны чыдамсыздык менен күтүп жатты. Жука кардон тапты. Эки түрмөк кара чарык жипти энесинен жашырып Жөкүнүкүнө алып келди.

— Сурап алдыңбы, же?... деди Жөкү.

— Ооба,— деп бошоң жооп берди Насыке башын төмөн шылкыйта.

— Чыныңды айт, болбосо апаңа өзүм барамын.

— Чын эле! — деп күлмүңдөдү Насыке ичине белгисиз бир сырды каткандай. Бирок ал сырды батперекке болгон ой—санаасы, аракети, сүйүүсү жеңип кеткенсиди. Насыке экинчи жолу улутуна Жөкүгө бир нерсе айтайын деди эле, анын көңүлүн үйгө энтиге кирип келген Ыбыштын кобураган үнү бузуп жиберди.

— Жөкү, мен жылан өлтүрдүм.

Жылан дейсиңби?... Оо, койчу. Каяктан, кантип? Насыке жыландан укмуш коркчу эле. Жөкүнүн чочуп сураганынан улам анын көзү алайып, Ыбыштын жанынан оолактай бурч тарапка тура калды.

— Кантип өлтүрдүң, айтсаң?

Насыке Жөкүгө удаалаш ушинтип чолок кайыра сүйлөдү да оозун ача чыдамсыздык менен жооп күттү. Ыбыш эки колун жогору көтөрө, манжаларын арбайтып, жыланды кандайча өлтүргөнүн туурап, ичке үнүн бирде жогору, бирде акырын чыгара, жомок сыяктуу кооздоп айта баштады.

— Биз Өмүралы чоң атанын огородунун тушундагы сазда батперек учуруп ойноп жүргөнбүз. Аркыраган шамал басылгандан кийин, кайырмак салып балык кармай баштадык. Мен көбүктөрү күмүштөнүп, улам ийриле, тездик менен оргуп жаткан көк ирим айланпада кайырмагымдын булк этип тартыларын күтүп олтурган элем. Бир кезде оң тарабымдагы саздын жылжып аккан суусуна көз чаптырдым. Ал жердеги оюкта кендир жипке тизилген алтын боор сазандар булт-булт этишип, «туткунда» жатышкан эле. Кайдан- жайдан жетип келгенин байкабапмын, узундугу бир метрден ашкан бооз чаар жылан куйругун жээкти көздөй чапкылап, башын улам көтөрө алтын боордун бирөөнү жутуп жибериптир. Эми экинчи алтын боорго оролуп асыла баштаганда жетип бардым. «Суу жылан адамды чакпайт» деп далай жолу чоң энем айтып калчу. Ал тургай биздин ун, талкан, эт сакталчу склад бөлмөдөн бир кара чаар жылан чыкканда, чоң энем аны эч кимге тийгизбей сүт чачып чыгарганы күнү бүгүнкүдөй эсимде.

— Бекер кылгансың, ал уулуу жылан. Өлтүрүп эле койсоңуз болмок, башка бир адамды, же айбан жандыкты чагып алып зыянга учуратты го... Жан кейитип жабыркатты го,— дешкен кай бир кары адамдар. Ошондон кийин жылан дегенде төбө чачым тик туруп, итиркейим келүүчү. Мына эми чоң энемдин

«Суу жылан адамды чакпайт» деген сөзүнө карабастан алиги зор чаар жыландын башын ташка жанчып өлтүрдүм.

— Ташка дейсиңби? И-ии, эмне болду анан?

— Өлдү. Биздин мектепте зоологиялык музейди уюштуруп жатышпайбы. Жыланды ошол музейге алып барып берем.

Кичинекей Насыкенин жүрөгү элеп-желеп болуп Ыбыштын жанына баргысы келбей, жылан жөнүндө укканда өзүнчө бушайманга түшө калды. Коркуу сезими жүзүнөн байкалып, Ыбыштын жылан тууpaсында айткандарын экинчи уккусу келбей, сөздү башка темадан сүйлөөнү чыдамсыздык менен күттү. Батперек жасатып алып, жашыл сазда учурууну ойлогон Насыке андан күдөр үзгүсү келди. Анткени жардын алдындагы жылжып аккан саздын жылуу суусунда жыландар бар турбайбы.

«Жок,— деди өз ичинен кайратын жыйган Насыке,— баары бир мен батперекти жакшы көрөм. Аны учуруп ойноо кандай сонун. Максатымды аткарышым керек.»

— Баса, Насыкенин батперегин жасап бердиңби, Жөкү?

— Жок, бүгүн жасап беремин.

— Давай, мен да жардам берип жиберейин.

Ошентип Ыбыш да ишке киришти. Анын көңүлү кандайдыр жайдары. Туурасы 3,5 узуну 10 сантиметрдей келген жука мукабанын 4 жаккы чеке бурчтарынан тешти да ага чыйратылган ак жиптерди өткөрүп байлап, төртөөнүн учун бирдей өлчөмдө бириктирди. Аны ошол замат жашылга боёду. Бир аз кургатты. Берки Жөкү менен Насыке да бекер карап турган жок. Эки кара чарык жиптин эки учун бириктирди да аны жандырышып, чыйратып кайрадан экинчи бир ичке

жыгачка түрө баштады. Ишке кызуу аралашкан Насыкенин жанагы коркуу сезими анча байкалбайт.

Ошондой болсо да кай бирде Ыбышка сырдуу карап айрым суроолорду берип калат.

— Ыбыш байке, батперекти сазга учурбай эле колхоздун кырманына учурбайлыбы?

— Эмне үчүн, кырман үйдөн алыс эмеспи? — деди Ыбыш.

— А сазда жылан бар турбайбы. Андан мен аябай корком. Насыке көк шапкесинин кырын жогору чыгара кийип, кабагын чытып койду.

— Байкап көрөбүз. Эң мурда батперекти жасап бүтөлүчү. Учурар жерди табарбыз. Андан көрө батперектин куйругу үчүн ичке кыйынды чүпөрөктөн таап келүү керек.

Ыбыштын ушул сөзүнөн улам Насыкенин оюна бир нерсе кылт дей түшүп, үйүн көздөй чуркады. Батперек дегенде ак эткенден-так эткен кичине тентек машинага шырылган ак, көк жашыл, сары, кара түстөрдөгү ар түркүн кездемеден жасалган ичке, узундугу эки метрге жеткен куракты учуп-күйүп алып келе койду.

— Ой, бул апаңдын керектөөчү курактары болуп жүрбөсүн?!

— Апам керектебейт. Көптөн бери эле үйдө жүргөн — деп, кол шилтеди ал.

Анан сөзүн дагы улады.

— Батперекке куйрук кылып тиге бериңиз, Ыбыш байке. Картондун бетине кызыл жылдыздын сүрөтүн тартышты. Ага «Жер—Марс-Жер» деген сөздү жазышты. Балдардын багына жараша күн түш оогон мезгилде Карагоонун аркыраган шамалы да жүрүп берди. Батыш тараптан соккон шамал тигил күңгөй жактагы Каргоо этегиндеги чополуу жолду алай-дүлөй түшү-

рүп, чаңын асманга көтөрүп, жаңыдан бүчүрүн жарган жылаңач бак-дарактардын бутактары жерге жүгүнүп, этек-жеңдерди делбиретип, шуу-шуу эте баштады.

— Насыке акылдуу бала экен. Батперектин ачык жерден бийик, мыкты учарын билет окшойт. Анын тилин алып кырманга эле баралы.

— Анын үстүнө кырман бийик жерде,— деди Ыбыштын сөзүн кубаттоого алган Жөкү колундагы батперекти көтөрө кармап. Ыбыш, Жөкү, Насыке баштаган жети бала бат эле кырманга келишти. Батперекте бадырайган кызыл жылдыздын сүрөтү да бар. Балдар аны «Марс» деп аташты.

— Бул батперек Насыкеге арнап жасалбадыбы. Кана, өзү учурсун! — дешти балдар.

— Мен жакын кошунасы эмесминби. Учурууга жардамдашайын,— деди Жөкү так секире эдиреңдеп сербейген көкүлүн оң жаккы алакандары менен сылап.

— Мейлиң,— дешти балдар. Мына, Жөкү жипти 20 метр аралыкка чейин жандырып келип, чыгырыкты Насыкеге карматты.

— Азыр мен батперекти жогору көтөрүп асманга ыргытамын. Мен ыргытар менен жипти жылдырып жогору карай чуркагын.

Насыке Жөкүнүн айтканындай кылды. Жүзү муздак шамалга бир аз тамылжып бөжөң-бөжөң эте жогору карай чуркап, чыгырык жибин улам жандыра берди. Батперек асманга акырындык менен көтөрүлүп баратат.

— Кайта түшүп кетмей болду. Чурка, Насыке, тезирээк!

— Мага бере салчы, анан кармаарсың!

— Өзүм учурам! — деп кыйкырды Насыке үнүнүн бардыгынча.

— Келе, мен жардамдашайын... Тигине, батперек кайра жерге түшүп кетмей болду.

Ыбыш ачуулуу мүнөздө Насыкеге жетип келип, анын колунан чыгырыкты ала коюп фронттогу атакага чуркаган баатыр солдатча аркыраган шамалды улам жирей, этегин делдектете батыш тарапты көздөй зымырады. Батпеfunction куйругу шамал агымы менен улам бир жакка булгалактап, чексиз асмандын түпкүрүнө жетүүчүдөй арылайт. Улам көтөрүлгөн сайын батперектин карааны кичиреет.

— Эх, жыргал ай, кандай сонун! Биз жасаган батперек асмандап... дейт Насыке канат бүтүп азыр эле асманга учуп кетүүчүдөй толкундап.

Чынында эле Ыбыштар учурган батперек мурдагыга караганда бийикте, алыста жүрөт. Чыгырыктагы жипти улам тартып койгон сайын шамал күүсүнө октос берип, бирде оң жакка, бирде сол жакка талпынып теңселет. Бозоруп турган кырман ичи заматтын ортосунда шаңга бөлөнүп күз күнүндөй берекеге чулгана калды.

— Балдар, жүргүлө, тигил дубалдын далдаасына барып отуралы. Чарык жипти аягына чейин коё берели.

Ыбыштын ушинтип кыйкырганынан улам бардык балдар дубалдын далдаасын көздөй келишти. «Жазгы суук жандан өтөт» деген кеп бар эмеспи. Карагоонун шамалы канчалык топурак учуруп шуулдаганы менен аны берки мадыра баштар тоото турган эмес. Тигил көк асман тарапта бирде ылдый, бирде өйдө кайкып, кызгылт түстөгү куйругу бирде оң, бирде сол жакка булак этип желбиреген батперекти кичинекейлер күлкү чыгара жылмая карашат.

— Ураа, тигине, «Марс—1»...

— Кырмандан батперек мыкты учат экен, ошондуктан бул жерди «Космодром» деп атайлы.

— Батперек ээси Насыкени «космонавт» деп жүрөлү.

— Ал эми батперекти жасашкан Ыбыш менен Жөкү конструктор-инженерлер болсун!

Балдардын мындай кыйкырган тилек, ойлору шамал илеби менен алыска-алыска тарап жаткансыйт.

— «Марс-1» батперегине радиограмма жиберебиз! — деди Ыбыш так секире сүйүнүп.

— Кантип? — дешти балдар ага жарданып карашып.

— Азыр көрөсүңөр.

Ыбыш Жөкүнүн китебинин арасындагы жарты барак ак кагазды ала койду да, мектептен үйрөнгөн батперек жөнүндөгү ырдын бир куплетин төмөнкүчө даана жаза баштады:

Асмандагы батперек,
Айлыбызга шат берет.
Аэроплан жасоого
Ар кыл илим так керек.

— Бул ыр саптарын азыр батперекке жөнөтөбүз.— Ак баракчаны төрт бүктөп, анын бир жак булуңун айрып тешик чыгарып, чарык жипке өткөрдү да коё берди.

Ак кагаз акырындап чарык жип менен асманга көтөрүлүп жылып баратат. Жарданып карап турган балдар Ыбыштын бул акылына аябай таң калышты. Арадан көп убакыт өтпөй алиги «радиограмма» батперекке келип такалды.

— Мына, «Радиограмма» жетти,— деди ал. Ошол замат берки балдар да өз аттарын, ошондой эле «Салам сага, Батперек,» Марс-1» — деп жарты бактарга

жазышып, ортосунан тешик чыгарып, чарык жип аркылуу жөнөтүп жатышты. Ызылдаган шамал алиги «Радиограммаларды» заматтын ортосунда батперекке жеткирип турду. Кичинекей Насыкенин божурап сүйүнгөнүн айтпа. Чарык жип учун Ыбыш менен бирдикте кармашып, ага ыраазы болот. Бир кезде ак бөртмө жоолугун алкымына орой салынып, колтугуна кандайдыр бир буюмду кысып, сол колуна солкулдаган көк тал чыбыкты кармап, Насыкенин апасы келип калды. Насыке жана анын жанында топтошуп турган балдардын оюнда «тигил солкулдаган көк чыбык бирөөнүн жонунда ойноктойт, ээ» деген сезим пайда боло калды. Кичинекей Насыке күнөөлүү адамча топтошуп турган балдардан обочолой калды.

— Ыя, берекем, бооруңа суук өтүп кетти го. Жылуу кийинип алсаң болбойбу. Санаам тынчыбай келбедимби,—деди уулун мээримдүү аяп.

Насыкенин апасынын мындай мээримдүү боорукерлиги, баласына болгон камкордугу берки балдардын көңүлүн кубантып оюндагысын тайманбай айтууга дем берди.

— Биз Насыкенин батперегин учуруп жатабыз. Караңызчы, асманды!

Жөкү беркилерден мурда озуна, эки кадам алдыга обдула, кулачын көккө жая божурады.

— Ээ шумдук, мунуңарды мен байкабапмын! — Насыкенин апасы ушинтти да тигил асман тараптагы батперектин учканын кубануу менен карап турду. Балдардын ишин чыныгы көңүл менен, жүрөк менен жактырды. «Насыкенин батперегин учуруп жатабыз!» деп айтылган сөзгө жетине албай ичи элжиреди. Уулунун балдар турмушуна аралашканына ыраазы болуп төбөсү көккө жеткенсип турду.

— Насыкеге эки чарык жип, анан курак чүпүрөк

бергениңиз чын беле? — деп сурады Жөкү Насыкенин апасынан.

— Жок, ботом,— деди эне бүгүнкү убара болуп издеген курагын кайталап айтып, — сурап албайбы, курган бала. Убара болуп көзүмдү теше курак курасам. Аны сен асманга учурсаң...

Эне уулуна бир аз бак-бак этти. Бирок берки Жөкү менен Ыбышта эмне күнө. Батперекти жасап берген гана айыбы, эне алардын ишин кубаттагандай көзүн кысып, эрдин тиштеп анан уулун дагы катуураак опузалагансыды.

— Муну көр калп айтып...

— Анда калп айткандыгы үчүн атайылап жасаган батперекти бербейбиз! — деди Жөкү терс бурула.

— Ооба, ошентебиз! — деди Ыбыш анын сөзүн коштоого алып.

Баятан бери батперек деп толкундап өпкөсү көөп калган Насыке тигилердин «бербейбиз!» дегенинен улам көз жашын төгүп өңгүрөп кирди. Аңгыча «ГАЗ-51» машинасы кырмандын тушуна келгенде токтой калып, андан Ыбыштын атасы Үсөк түшүп балдардын жанына басып келди.

— Ой, сен кайдан, балдар менен бала болуп? — деди Үсөк Насыкенин апасын тамашага чалып, бүгүн балдардын жанына келип калганына таң калып.

— Насыкени издеп, пальтосун кийгизейин деп келгемин,— деди Насыкенин апасы курак чүпүрөктү уулунун сурабай алганын экинчи жолу да эскерип.

— Эч нерсе эмес, курак табылар. Балдардын оюнуна тоскоол болбочу.

— Алардын оюндарына ким тыюу салсын. Бирок биздин Насыке калп айтпасын да...

— Экинчи калп айтпайм, апаке! Сурамайынча үйдөн буюм албай жүрөйүн, апаке. Мен батперекти жак-

шы көргөндүктөн...— деп, Насыке энесинин эки колун кармай, анын пальтосуна мөлтүлдөгөн жашын дагы сүртө, үнүн муңайым чыгарды.

— Батперекти алып кетели да. Мага жасап беришпедиби, аны.

— Калп айткан кишиге бербейбиз,— деди Ыбыш да күлүң-күлүң этип, тамашага чала.

— Калп айтпайм дебедимби?

Насыке туйтуң эте удаа-удаа кыйкырып алды.

— Кой балам, оройлонбо,— деди энеси аны тыйып. — Батперекти өзүңө бердиртем. Насыке экинчи калп айтпайт,— деди Үсөк бак-бак этип Жөкүнүн колундагы батперектин жибинин учун, чыгырыкты колуна кармай,—кана, мен да учуруп көрөйүнчү!

Ал чарык жипти улам өзүнө ыктай тартып койду эле батперек ойкуп-кайкып, куйругу да булактап көз ирмемде учуу калыбын өзгөртө салды.

— Ой, Насыкенин апасы, жүрү кеттик. Кабинага отуруп ал. Балдар өздөрүнчө ойносун,— деди Үсөк, бир кезде батперектин учун Насыкеге бере сала.— Батперек учурууну сүйгөн уулуң балким учкуч болор!

Алар машинага олтурушуп шыр жөнөштү. Кабинанын терезесинен батперектин удургуп учканы даана байкалып турду.

— Биздин мекендин асманы аба жарып, кулак тундурган бомба, от, ок үнүнөн алыс болуп, балдардын батперек сыяктуу оюнун коштоп турсунчу.

— Ээ, Үсөк, согуш бетин кудай экинчи көрсөтпөсүн. Далай азапты тартпадыкпы, ал кезде. Эми өзүң айткандай асманыбыз таза турса экен.

Алар кырмандан сол жакка имериле бергенде тигил батперек учуруп ойноп жаткан балдардын караан сүйкүмдүү көрүндү.

* * *

...Жай саратаны. Күн кубаттуу нуру менен айлананы магдырата тер булоого алып келаткан. Чабандык кесип менен тоо-ташка, мал багууга ысык-суукка көнүгүп калган Керимдин таяжездеси Иман койлорун, ысык илеп уралекте салкында оттотууга камынып таң жаңыдан куланөөк болгондо эле койлорун короодон айдап чыгып жаңы конушунан анча алыс узаган жок. Койлорунун алдын кайрып коюп секиче өңдөнгөн ташка көчүк басып, тээтиги төмөнкү өзөн тараптагы жашыл токойду, жайык талааларды, ага жаңыдан гана шоолаланып түшкөн алтын кирпиктүү күн нурларын кызыгып карап олтурду. Көк турнабайын көз алкагына сала койду эле Сорто-Бай тараптагы өзүнүн кыштоо сарайы бүлбүлдөп көрүндү.

«Ээ, ак жолтой сарай. Үч жылдан бери малымда бир да чыгаша жок. Өкмөт алтын жылдызын төшүмө тагып баатыр кылды. Буюрса быйыл жеңил машинасын да бергени турат. Келечек тиректерим — эгиз уулдарым Асан менен Үсөндүн тилдери булдурап чыгып, кыял-жоруктары да өзүнчө бир кино-театр. Мындан артык сыймык, мындан артык бакыт болобу! Бул демиңе шүгүрчүлүк, кудайым!» — деп өз алдынча кобурады. Анан ал чоң кызыл аска түбүнөн конуш алган ак боз үйүнө көз кырын таштап, андан аялы Гүлайдын гана чыгышын күтүп аны көрө сала кыйкырды.

— Э-эй, Гүлай, Керим менен Ыбышты ойготтуңбу. Жакадагы жумуштарына эртелеп жөнөшсүн!

— О-ой, эчак эле турган, тамактанып жатышат.

Аңгыча Керим менен Ыбыш да сыртка чыга калышты. Ал экөөнү шашыла ээрчип чыккан Асан менен Үсөн кедеңдеп чуркашып Гүлай энесинин жанына жетип келишти.

— Кетүүгө даярдык көрүп тургула. Азыр мен барамын! — деп кыйкырды тигил секидеги таштын үстүндө олтурган Иман үнүн созолонто.

— Биз да-яр-бы-з, та-я-жез-де! — Эки алаканын көңдөйлөтө, оозуна такап, Гүлай таяжесинен мурда озуна кыйкырган Керимдин үнүн «Кызыл Аска» кайталап туурап, алыска-алыска жаңырды. Аны байкап турган эгиздер Асан менен Үсөн тим туруп калышкан жок. Ошол замат жүрөктөрүн кубаныч аралап:

— Ыбыш байке, көйдүңбү, биздин «Кызыл Аска» адамча сүйлөй алат,— деди Үсөн аскага көз жиберип.

— Ии, ал гана дейсиңби, «Кызыл аска» козунун маараганын, музоонун мөөрөгөнүн да айталат. Кечөө биз жаңы көчүп келгенде ошенткен,— деди Асаны көкүлүн сылай.

— Атаңды чыкырчы?—деди аңгыча апасы Үсөнгө. Баятан бери атасынын кайда отурганын Үсөндөн мурда көрүп турган Асан:

— А-та-ке-оой, ке-л! — деп ичке үнүн чыйылдата чыгарды.

— Атакем мени атына өңөйөт,— деп, секи тарапка көз отун таштады Үсөн да өз алдынча мактана.

— Асан, сен ата-энеңе кандай жардам көрсөтүп жатасың? — деди Керим ага күлүңдөй карап.

— Сайдан кичинекей чайнекке суу алып келем.

— Оо, азамат турбайсыңбы, анда!

— А сенчи Үсөн?

— Мен кечээ отун тейип келбедимби,— деп көңүлдүү жооп берди ал.

— Булдураган тилиңден айланып кетейин! — деп жалынды эне ичи элжиреп.

Чын эле кечээ ушул «Кызыл-Аскага» көч жаңы келип, Керим менен Ыбыш маңдайларынан тер куюл-

та чимирик болуп кол кабыш кылып жүргөндө тигил экинчи бир эски журттан чычала болуп күйгөн эки, үч төө куйрук калдыктарын терип келген Үсөнгө энеси өпкө-боорун чаап:

— Алдыңа кетейин медеримдин өз үйүнө алып келген биринчи кирешесин көрбөйсүңбү! Аман болсоң ушинтип жүрүп оокат- кечеңе көнүгүп кетесиң! — деп жүрөгү ысыган. Анда кичинекей Үсөн ого бетер толкундап:

— Апаке, чоңойгондо сага тоодон бийик үй куюп бейем ээ,— деген.

— А мен болсом — деп, чыйылдап сүйлөгөн Асан да намысы келгендей үнүн бекем чыгарып,— дайыма жойго, машине мингизем!

— Асан менен Үсөн экөө тең жакшы балдар экен, жүргүлө эми үйгө, Керим менен Ыбыш байкеңерди кыштагына жөнөтөлү, курут май берели. Аларды көп жумуштар күтүп турат,— деди ылдый карай энтеңдей басып келген Иман.

* * *

Жол бир кыйла алыс эле. Тор жоргосун минип, дагы бир ат коштогон Иман эки баланы — Керим менен Ыбышты Кара-Тоо этегине курулган кашарга чейин жеткирип коюп кайра жайлоого тартты.

— Мындан ары аз эле жер калды. Токой аралап, зым көпүрөдөн өтүп, өзүбүз эле кете беребиз,— деген эки курбу. Алар кырчын талдар өскөн жашыл токойду аралап жалгыз аяк жол менен келатышат. Аба бир аз үп тартып, түркүн чөп жыты бур эткен токой ичи ар кандай куштардын сайрандуу үнүнө толгон.

— Чырп-чырп-чырп.

— Кра-кра-кра.

— Кү-күк-кү-күк, кү-күк.

Айтор, бал тилдүү, кооз канат түркүн куштардын мындай үндөрү бирде музыкага окшоп кетсе, бирде зоопарктагы канаттуу куш, айбанаттардын кубулган үндөрүн элестетет. Эки бала оң жакка имерилип анча чоң эмес кара суудан секирип өтмөй болду. Керим таяжеси берген кургатылган эт, сүзмө, курут салынган баштыкты Ыбышка кармата салды да күрмөсүн чечип, ороп аны тыкандап беките байлап, аркы өйүзгө Ыбыш экөөлөп ыргытты.

— Мына эми, өзүбүз бой секирип өтөбүз.

— Керим, эң мурда сен баштачы.

— Жарайт.

Керим артын көздөй 15 метрче желип келди да анын чымын-куюн болуп зымырап келип ичке тарткан өзөндөн секирди эле аркы жээкке араң эле келип түштү.

— Ой-иий, анча чымырканбасам суунун ортосунда калмак экем,— деди ал бир аз күшүлдөй.

— Кана, туурасы канча метр экендигин байкап көрөйүнчү?

Ыбыш килемдей төшөлгөн саздуу жээкке келип кара суунун туурасын көз божомолу менен өлчөдү.

— Менимче эки жарым метрге жетет.

— Жок, эки эле метр болуш керек — деп, Керим секирген жерин эңкее карады. Ошол учурда суу үстүндө өлүү болуп калкып келаткан алты, жети алтын боорго көзү түшүп ошол замат турсичен боло коюп сууга кирип аларды сыртты көздөй бирден ыргытып алып чыкты.

— Ой, булар соо балыктар эмес!

— Уйкусураган мас балыктар го,— деди Ыбыш Керимдин сөзүн тамашага чалып.

— Андай болуусу да мүмкүн. Бирок,— деди Ке-

рим чечкиндүү ойлоно, тигил жан серек болуп сулк жаткан алтын боор османдарга көз отун таштап,— буларды изилдөөгө алуу керек. Балким, кутурган бирөөлөр Карагоо суусуна уу химикаттарын чачып жиберип байкуш балыктардын тукумун курутайын дегендир.

Аңгыча кара суу бөлүнүп агып чыккан көк айланпа тараптагы коюу өскөн сөгөт талдардын далдоосунан эки кишинин билинер билинбес кобураган үндөрү угулуп, бир аздан соң машинанын моторунун от алган үнү токойду жаңыртты.

— Баса, Шакир аганын же Үсөн байкенин машинасы болбосун!

— Балким, чөп тартканы келишкендир.

— Жүрсөң, жакындап баралы. «Жылдыздын» машинасы болсо түшө кетербиз.— Эки курбу чытырман токойдун чыйырларын аралап тигилерге жакындап келишти. Чытырмандан баш багып карашса «Жылдыз» колхозунун машинасы эмес эле, райондун киномеханиктери экен.

— Балыктарды кыргынга түшүргөн ушулар болбосун.

— Ыбыш, биз жаратылыш байлыктарынын жаш коргоочулары экендигибизди унутпайлы.

— Мен эмнени айтып жатам. Анда тигилерди көрүнбөй аңдыйлы.

Алар калың чытырманды этиеттик менен аралап көк айланпага жакындашты.

— Тааныдым,— деди Ыбыш так секире,— тигил айланпаны тиктеп, анан белги бергендей кол шилтеп койгону Суусамырдан келген Өтөгөн деген жигит. Атама тааныш. Райондо киномеханик. А беркисин тааныбайм.

Керим да үңүлө карады.

— А мен тааныйм. Ал да киномеханик. Аты... фа-

милиясы... иий, ким эле, баса Негодаев. Мурдагы жылы биздин колхозго «Эненин жүрөгү» аттуу кинофильмди коюп берип кызык болгон...

Анда өңчөй мадыра баш балдар тыйындары жок көчмө кинону айланчыкташып:

— Борис, байке, киноңузга кирет элек? — деп сагалашкан.

— Ар бир бала он тыйындан?

— Тыйыныбыз жок болуп турбайбы.

— Анда ар бир бала экиден жумуртка алып келсеңер киного бекер эле кире бересиңер.

Заматтын ортосунда элүүдөн ашык жумуртка Бористин этегине толуп далай бала киного кирген. Бул иш эртеси айылга шамалдай тарап:

— Борис, эгер сен минтип жүрсөң, планыңды аткара албайсың, экинчи мындай «тапкычтыгыңды» көрбөйлүк. Мен иштеген жериңе билгизем! — деген Керимдин атасы Бористин адамкерчиликке сыйбаган жоругун сынга алып,—экинчи биздин колхоздун балдарынан жумуртка чогултуп кино коюучу болбо, экинчи келбе — деп, кесе сүйлөгөн.

Бул жемеден кийин Борис «Жылдызга» келген эмес. Мына азыр Карагоо суусунан Өтөгөн экөө балык кармап жатат. Кармаганда да кандай? Кайырмак мененби, тор мененби? Жок, ток менен. Болгондо да кино коюучу аппарат движок менен, байкуш балыктарды жалпы кыргынга учуратып...

Ыбыш баятан бери тигилерди тирмийип карап олтуруп эми чыдабай кетти көрүнөт:

— Ой, убакытты уттуруп эмне кылабыз. Жүрү, тигил ГЭС тараптагы токойчу Чодонго кабар кыла коёлу. Ал булардын сазайын берсин. Билесиңби, баягы жылкы экөөбүз токойго баштаңып, көмөч бышырып жегендеги айткан сөздөрүн.

— Дагы бир аз аңдыйлы — деп, жооп берди Керим Чодон менен болгон окуяны көз алдына келтирип. Анда токойчу Чодон:

— Ээ, куруган балдар. Токой — бул эл мүлкү, эл байлыгы. Ага минтип ээнбаштык менен от койсоңор өрттөнүп кетпейби. Анткендин ордуна ар бир жаш чырпыгын, суудагы ак боор балыгын, кызыл канат кыргоолун аябайсыңарбы. Коргобойсуңарбы, мага жардамчы болбойсуңарбы,— деген эле. Ал сөздөр азыр эки курбунун кулагында кайрадан кайталанып жатты.

Керим чытырмандын арасында тигилерди карап олтурган калыбында чүчкүрүп жиберди эле алдындагы жылгындуу жашыл бадалдын түбүнөн күрөң моюн, кызгылт канат кыргоол пырпырап учуп жөнөдү.

— Бул кыргоолдун корозу,— деди Керим.

— Ой, тигил Борисиң чып этмесин ала койду. Кыргоол учкан жерди аңдып калды көрүнөт, бизди жайлабасын.

Ыбыштын чындыгында эле өңү бозоруп, көзү алактайт. Балдар кобурашып жатканда тигил жылгындуу жашыл бадалдан дагы удаа-удаасы менен боз күрөң кызгылт чаар кыргоолдор «балыкчылардын» үстүнөн кайып өттү эле көзгө атар мерген Борис чып этмеси менен бирөөнүн оң канатын түшүрө атты. Ал салпак этип жерге кулап түштү.

— Өтөгөн, көрдүңбү, кудай берип жатат. Бүгүн олжобуз көп боло турган.

— Кел ийгилик үчүн ичели,— деди Өтөгөн Бористин кубанычын коштоого алып.

Алар суу боюнда ырахаттана олтурушуп газетаны жайышты да чамгыр, көк пияз, нан, жумуртка жана чочконун майын алдыга коюшту. Арак куюлду. Сегиз кырдуу стакан да өз ордун тапты.

— Снайпермин, мыкты аткычмын дегениңдин жөнү бар экен досум, Борис. Көрчү, кооз канат кыргоолду ыргыта атканың!

Борис болсо Өтөгөндүн мактоосуна маашырлана жаны жыргап толкуп кетти көрүнөт:

— Куйчу, дагы бир жүздү! — деди.

Ал жүздү тартып, бети-башын ачууркана бырыштырып, туз себилген чамгырдан бирди алгандан кийин:

— Досум, кыргоолду кузовадагы резина таарга ороп катып кой. Кокус кишилер көрүп калса балакетке калабыз. 50 сомдон 100 сомго чейин штраф салынарын билесиңби?

— Ой, кыргоолго дагыбы... Мен аркар, кулжаларга эле штраф деп жүрсө...

Борис Негодаев өткөн жылы бир кыргоол атам деп эскертүүсү менен 50 сом штраф тартканын беркиге бажылдап баяндап берди. Өтөгөн болсо кыргоолду Борис айткандай резина таарга жашырып келди.

— Кыргоолду кармаганымда эмнегедир колдорум калтырап кетти,— деди Өтөгөн эки жагын шекшине карап.— Боз челек балыктарга толоруна аз калды. Дагы бир аракет жасап, анан олжо-буйлабыз менен аман-эсен кетели.

Өтөгөн бул ойлорун досуна кобураганда үнү кандайдыр каргылданып чыкканын өзү да байкабай калды.

— Болуптур, ошентели.

Алар ишке киришти. Борис сырты 10 метрче резина менен капталып, калган 8 метрчеси жалаңкат болгон сары жез зымды күнгө чагылыштыра көк айланпаны көздөй ыргытты. Бир чоң түп талдын далдаасында, суу жээги тараптагы машинанын жанында турган КДП—2 движогу жана бир аз от алып, кайра өчүп калган эле. Ток өткөрүүчү зым движокко сайы-

лар менен «КДП-2» да үнүн безеп тилге кирди. Дал ушул движоктун үнүн эле күтүп тургансып жакын эле жерден кыргоолдор бырпырап учуп тигил Кара-Тоону көздөй сапар тартып жатышты.

Нанга жана челекке салынган курттарга үйүлө түшкөн форелдер айланпага ток баргандан кийин жан серек болуп, ак боор, көк чаар тартып суу үстүндө калкый баштады.

Борис, эми движокту токтот. Балыктар суу үстүндө жайнап кетти. Тигил жайылган торго баралы. Антпесек балыктар жанагыдай суу менен агып эмгегибиз талаалап кетет.

— Баса, ал балыктар бирөөнүн көзүнө чалдыкпады бекен?

— Чалдыкканда эмне кылмак эле. Движокту суу жээгинде көлөкөдө «ремонттоп» жаттык эле деп шылтоо айтпай жаныбыз жокпу.

— Туура айтасың, Борис!

— Келчи досум, мына ушул сонун акылың үчүн дагы бир жүздөн согуп, анан тордогу балыктарга баралы.

Алар айткандарын орундатышып, эми суу үстүндө калкыган балыктарды кармоого киришти.

— Атаңдын көрү ай,— деди Өтөгөн каткыра күлүп,— балыктарды кармай турган скафандр киймим болсо, тимеле суу түбүндө ойноктойт элем.

Эки балыкчы браконьердин жоругуна Ыбыш менен Керим эми чыдабады.

— Ыбыш, давай, тигилерге түз эле кирип баралы?

— Бизди баласынтат, Керим. Анын үстүнө кызыган немелер ким көрдү кылып жүрбөсүн. Чодонго эле кабар бере салалы.

* * *

Мына, эки жаш өспүрүм жашыл токойду өрдөп, Кара-Тоону этектеп, батыш тараптагы ГЭС орногон жердеги Чодондун үйүн көздөй көл-шал боло энтеңдеп барышат.

— Ой сен билесиңби? — деди Керим Ыбышка чеке терин колу менен сыдыра аарчып.

— Эмнени?

— Эмнени? Эмнени? дейсиң. Жанагы эки берен кармаган балыктарды.

— Билем, ал осман,— деди Ыбыш.

— Кой, көп тамтаңдаба, сен географияны жакшы билбейт экенсиң.

— Кантип?

— Ушинтип.

— Билсең айтпайсыңбы?

— Айтам — ал Севан көлүнөн Ысык-Көлдүн, Жети-Өгүз, Тоң суулары менен биздин Карагоонун шар аккан сууларына коё берилген балыктар.

— О, форелби?

— Анан эмне деп ойлодуң эле?

— А мен... анча таназар албапмын.

Керим жолду карата Ак-Таш тараптагы суу сактагыч, ага коё берилген форелдер жөнүндө да кобурады.

— Ошол суу сактагычтагы форелдер жайкы суу ташкындарында жогору өрдөп Сөөккө чейин келет имиш. Ошондо жанагыдай байлыкты бүлдүргүчтөр айры менен сайып, ток менен урдуруп, кыргынга учуратып кармап жатпайбы. Анан дагы бир кызыгы бар — форелдер Севан көлүндө араң эле 4 килограмм болсо, биздин сууларга коё берилгендери 14 килограммга чейин жетет экен. Форелдин батыраак чоңоюшуна, көбөйүшүнө биздин суулар абдан ыңгайлуу, суу

түбүндөгү өсүмдүктөр, көзгө көрүнбөгөн майда курттар, өзгөчө мидит деген курт алардын мыкты азыгы экендигин окуп билгем,— деди Керим.

— Балыктар дүйнөсүн дурус билет окшойсуң.

— Окуп билгемин да!

Алар сүйлөшүп олтуруп Чодонго да келишти. Болгон окуянын баарын уккандан кийин Чодондун жүзүндө каары ойноктоп, кер торусун чапкан боюнча жөнөдү. Асынган кош ооз мылтыгы жонунда сороктойт.

— Ой, жүрү кеттик,— деди Керим.

— Кайда?

— Артынан.

— Эмнеге?

— Эмнеге? Балыкчылар экөө, тигил Чодон ага болсо жалгыз.

Балдар да Чодон агага жардам берүү үчүн жүгүрө жөнөштү. Анын үстүнө чытырманга катып койгон баштыгы, кийимдери бар эмеспи.

Чодон жеткенде эргулдар бир челек балыкты машинага жүктөп, көк майсаңга «жуушап» отурушкан экен.

— Эй, жолдош балыкчылар, тургула! — деди Чодон жай гана.

Борис менен Өтөгөн ыргылжың көтөрүлүп, тигини көрүп көздөрү алачакмактанды. Алар там-туң басып машинага жүткүндү.

— Силерге азыр кетүүгө уруксат бербейм. Эң оболу акт түзөм. Ага кол коёсуңар... Анан... дагы сүйлөшө жатабыз. Өтөгөн менен Борис акт жазууга макул болбостон моторун от алдырды.

— Биз киномеханикпиз. Баятан бери движокту ремонттоп жаттык,— деди Борис билмексен болуп.

— Баатырлар, баятан берки онорүңөрдү көрүп турган күбөлөрүм да бар.

Орто жашап калган Чодонду эки чайнап бир жутчудай болгон «балыкчылар» бири бирине ийиндерин куушура карашты.

— Чын айтып жатам, күбөлөрүм бар.

— Эмне кылайын күбөлөрүң болсо. Билгениңди жаса, -- деди аракка тоюп, ыктыткан Өтөгөн.

Аны Борис жоошутту.

— Кандай үтүрөңдөгөн эмесиң сен. Чодокем менен жайынча сүйлөшөлүчү — деп, жайдарыланды Борис.— Чынын айтыш керек. Кудайдын суусундагы балыктарды кармаганыбыз ырас.

— А балыктарда Чодондун эмне иши бар экен. Сен кыйын болсоң токоюңду кайтар! — деди Өтөгөн дагы кычап.

Чодон сөзгө арданбай, шашпай гана чөнтөгүнөн кызыл тыштуу күбөлүгүн алып чыгып Өтөгөнгө көрсөттү. Ал жаратылышты коргоо боюнча инспектор экендигин далилдеген күбөлүк болучу.

— Эми болор иш болду. Чодоке, кечирип коюңуз.

— Жок, мен кечире албайм. Актыга кол койгула. Эгер машинаңар менен кача турган болсоңор артыңардан барам. Эч жакка кете албайсыңар, менден.

— Ой, деги сенин кыларың эмне—? деди Өтөгөн. Чодонго каршылык көрсөтүп кол салчудай бой тиреше.

— Өтөгөн дейм,— деди Борис ажыратымыш болуп,— Чодокем менен жай сүйлөшөлүчү. Балыктын теңин, кыргоолду берели. Андан көрө алып кел, көңүл ачарыңдан. Даам татышалы, чырдашкандан не пайда.

— Жок, мен силер менен келише албайм.

— Келишкениңде сага мобу да жок!

Өтөгөн оң колунун баш бармагын ортону менен сөөмөйүнүн салаасына кыса коюп көрсөттү.

Аңгыча алардын жанына Керим менен Ыбыш да жетип келишти. Эми эки «балыкчы» жалгыз Чодонго каршылык көрсөтүүдөн жазганышып шалдайып калышты. Чодон тигил каяша берген Өтөгөндүн эски жаратын чукуй сүйлөдү.

— Билемин, сени жигит. Суусамырдагы жоруктарың да жүрөгүмдө жазылуу. Эми сот алдында гана жооп бересиң.

Өтөгөндүн өңү өзгөрүлүп көзү ачыла түштү. Суусамыр суусундагы Алайдан алып келген османдарды аммонит жардырып зыянга учуратканын, аз жерден сот жообуна тартылып кете жаздаганын эсине түшүрүп, денеси суу сепкендей муздап, калтырак баса калды.

— Чодоке!...— Анын бутунун алдына жыгылды,— мен ит, шерменде болуп...

— Карагоо суусуна форелдер коё берилип, корукка алынганын билесиңерби?

— Билебиз.

— Анда байкуш балыктарды эмнеге куруттуңар. «Новаторлугуңарды» балык кармоодон баштабай, элди маданий жагынан мыкты тейлеп, кино көрсөтүү, кино механиктик жагынан баштасаңар болмок экен.

Эки «балыкчы» акыры актыга кол коюшту. Күбөлөрдүн, Ыбыш менен Керимдин да колдору коюлду.

Мына эми, табигат байлыгына таш боордук менен мамиле жасагандарды сот закону гана күтүп турат.

— Ыракмат, айланайын уулдарым, өз жериңердин байлыгын ушинтип коргой билгиле. Силердин бул ишиңер сыйлыкка татыктуу,— деди Чодон эки баланы эркелете, жайдары күлүңдөп.

## ЭПИЛОГ ОРДУНА

Мезгил канаты укмуш турбайбы! Жылдар жылып дайра суулары ташкындап аккан сайын Карагоо айылы да өзгөрдү. Баягы секидеги балдар чурулдап окуган, балалык күлкүлөрү жаңырып, түнөк алган бир тууган мектебинин ордуна үч кабаттуу, буу менен жылытылган, терезелери жарык билим үйү курулган. Бир кездерде Жөкүнүн кара-санатайлык ишинин бетин ачып, анын келечек өмүр, жашоо жолуна актык тилегин каалаган, өзүнөн улуу агаларына далай жолу батперек, дилдирек жасатып учурган кичинекей Насыке азыр шадылуу бой азаматтардын бири. Ал — Харьков шаарындагы авиациялык институттун акыркы курсунда өзгөчө стипендия менен окуган студент. Келечектеги Ала-тоолук шумкар.

Керим политехникалык институттун энергетика, Ыбыш болсо гидрология факультетин бүтүрүп келишкен. Керим Карагоодогу жогорку вольттуу электр линиясын башкарган инженер, ал эми Ыбыш болсо Ак-Такырга канал курдуруп, суу чыгарып, миңдеген гектар жерди жашыл килемге айлантып жаткан гидролог. Ал эми Жөкүчү...

Ал өзүнүн эңсеген кесиби боюнча физкультура институтунун студенти болуп чыга келди. Аны ийгиликтүү аяктоо менен эркин күрөш боюнча спорттун мастери деген ардактуу наамга ээ болду. Азыр ал Карагоодогу үч кабаттуу мектептин физкультура сабагынын мугалими болуп иштөөдө.

Ошентип, бир айылдын жаш өмүрлөрү, жаш канаттары билим, эмгек менен жетилип, өз айылынын беделдүү азаматтарынын катарына кошулган.

# БИЙИК ТООНУН БАЛДАРЫ

## 1. Өз жерин сүйүү.



Береги күнгөй беттеги тоо гүлдөрүнүн жыпар жыты эрке жел менен кошо агылып ары-бери бассаң каңылжаарыңды өрдөйт. Улам төш таяна өөдөлөсөң, бирөө атайлап атыр сээп кеткенсип, дагы эле жыпар жыт. Көңүлүң көтөрүлүп дүйнө рахатынын кучагында бара жаткандай болосуң.

Ушул Семиз-Бел тоосунун күнгөй аймагын жайлаган малдын кесип алар карасы жок, кылкылдаган эле ак май болот имиш. Ошондуктан, колхоздун эки короо кою

ушул күнгөй бетти жайлап, кышкысын болсо, төмөнкү өзөн боюна түшүп келет. Андагы атайын салынган сарайда, таш короодо кыштайт.

Көп мезгилден бери чабан болуп иштеген Шакиндин атасы Дүйшөкенин быйылкы жылы геологдор менен болгон байланышы улам артылып, күч алган. Окууга быйылкы күздө баруучу кенжеси Шакин да атасын көбүрөөк ээрчип, геологдордун штабына барып келүүчү болду. Шакин кичинекей болсо да, анын ой-санаасы геологдордун иштерине байланып, аяктай таштар асманга учуп, күркүрөгөн дабышы кулак тундурган жарылууларды өз көзү менен көрүп, селт этип чочуган күндөрү да болгон. Геолог жигиттердин көк мелжиген тоолорго чыгышы, түркүн түстөгү таштарды таап келиши, бургулоо иштери, капчыгайды жарып аккан көк кашка дарыянын агышы — бардыгы көзүнө үйүр-тааныштай болуп калган. Атасы алдына өңөрүп, көк-кашка сууну бойлой, түркүн гүлдөрдү аралай бастырып келатканда ар кандай балалык суроолорду бермей адаты бар:

— Атаке, береги жайнаган гүлдөр эмне үчүн атыр жыттуу?

— Бардык адамдар, анын ичинде балдар да ырахат алып кубанышсын, гүлдөрдүн жыпар жытына көңүлдөрү көтөрүлсүн деген да!

— А суулар эмне үчүн түгөнбөй агат?

Дүйшөке уулунун мындай суроолоруна жетине албай, тезирээк жооп берүүгө аракеттенет.

— Жер бетин саймалайын, элге эгин берейин, жер жемиштерин жайнатайын дегени да!

Күндөрдүн биринде кичинекей Шакин түш көрдү. Түшүндө аны узун куйрук, тик кулак карышкыр кубалап жөнөдү. Декилдеп качып келаткан Шакинге бир кезде канат бүтө калды да, учуп жөнөдү. Карышкыр

да учуп-күйүп кууп келе жатат. Ал кишиче сүйлөп, кезде-кезде ыркырап, тиштерин шакылдатып коёт.

— Токто дейм... мен сени жеймин...

— Курч тиштериң таш капсын. Мен сага жеткирбеймин!

Жерге үч-төрт метрдей жакын учуп, канаттары шуулдап келаткан Шакин көз ачып-жумганча атасын жана анын 28-мылтыгын эстей калды. «Карышкыр карбаластап мени кууп келатканда атакем алдыман чыга калсачы, тарс эттире сулата атып салсачы...»

Тик кулак карышкырдын жетерине аз калды. Бирок Шакин да үйүнө жакындай баштады. Ана жетем, мына жетем деп өпкө-өпкөсүнө тийбей декилдеп келаткан Шакин Көк-Жайыктан имериле бергенде төрт тарабы көк тиреген бийик аскаларга курчалып калды. Мына, эми айла-амалынын кеткен учуру. Сол тарабы күркүрөп аккан дарыя.

— Оо, байкелер! Мени карышкырдан сактап калгыла!

Аңгыча оң тараптагы асканын башынан кимдир бирөө узун шатыны коё салды.

— Шакин, шашылбай этиеттик менен чык. Эгер учуп кетсең, карышкырга жем болосуң.

Чын эле Шакин шашылган жок. Шатыны бир-эки аттады. Ушул учурда тик кулак карышкыр аз жерден бурдап кете жаздады. Шакин шаты менен жогору көздөй чыгып бара жатканда асканын үстүнөн анын энесинин чырылдаган үнү угулду:

— Тик кулак карышкыр койлорго да тийип жүрөт. Ата көргүлө, кагылайындар. Уулумду аз жерден жем кылып жеп кете жаздаган тура.

Шакин заматтын ортосунда асканын башына чыгып кетти. Ал жерде өзүнүн тааныш агалары геологдор жана апасы да бар экен.

— Кагылайын балам, экинчи бейжооп кетип калганыңды коюп жүрчү. Кокус кырсыкка чалдыгып каласың,— деди уулун маңдайынан сылап, бетинен өөп.

— Туура, ата-энесинин тилин албай кол шилтеп коюучулар жаман жакка барышы мүмкүн,— дешти геологдор да.

— Мен силерге келип жүрсөм болор бекен? — деп сурады Шакин алардан.

— Албетте, келип тургун. Бирок, биринчиден, апаңдан уруксат алышың керек, бейжооп кетип калсаң, ал кайгыга батып убара болот да,— дешти алар.

* * *

Шакин таңкы уйкудан ойгоно калса, күн көтөрүлүп калган экен. Баятан берки көргөн түшүнө жүрөгү лакылдап, тик кулак көк жал карышкырдан аман-эсен кутулганына сүйүнүп, башын жылуу жууркандан кылтайтты. Алагай көздөрүн алаңдата, от жагып, казан асып жаткан апасына көргөн түшүнүн баарын айтып берди. Акырында энеси:

— Эсен чоңоюп, даражаң көтөрүлүп, тоо кенин издеген азамат болот экенсиң, оомийин,— деди алакандарын жая.

Күндөрдүн биринде Шакин атасы менен Фрунзе шаарында кызматкер болуп иштеген таякесиникине келди, Таякеси Үмөттүн үйү 5-кабатта экен. Кичинекей ойноок Шакин үйгө келер менен балконду кызыга карап акыры ага чыкты.

— Көрдүңбү, биздин үй абдан бийикте турат. Айланага көз жүгүртсөң, алаканга салгандай көрүнөт.

Шакин таякесинин бул сөзүн жактырбагандай колун серпип, оозун чормойто мындай деди:

— Ооба сага, силердикине караганда биздин үй бийик жерде турат.

— Кантип?

— Биз Кара-Тоонун жайык жонунда жашайбыз. Ал жерден бардыгы көрүнөт.

— Биздин балкондон деле бардыгы көрүнүп турбайбы!? Карачы, бак-дарактарды, үйлөрдү, көчөлөрдү, көчөлөрдү... тигил аэропортту...

— Баары бир биз жашаган тоого жете албайсыңар. Ал жерден күн да чыгат. Ал бардык аймакты жылытат, сулуу нурларын чачыратат.

— Күндүн жанына бардыңбы?

— Жок, бара элекмин. Бирок күн биздин тоодон чыгат. Атам мени күнгө жакын турган бийик тоонун баласысың деген. Билесиңби, мен бийик аскаларга шаты менен чыгып кетем.

Шакин өгүнчөрөөк көргөн түшүн эсине салды. Аларды таякесине айткысы келди.

— А тентегим десе, тиги уялбай түшүн айтып жатпайбы? — деди аны байкаган атасы.

— Демек, сен бийик тоонун уулумун дечи?

— Ооба, таяке, биздин үй күнгө жакын турат да!

— Эмесе мен дагы бийик тоонун баласымын. Сендей кезимде тоодо өскөмүн. Тоодо чоңойгомун. Тоону, өзүм жүргөн бийик аскаларды жакшы көрөмүн, аларды сагындым...

Таякесинин бул айткандарына Шакин да сыймыктанып, өзүнүн жүргөн жерлери энесиндей мээримдүү көрүндү. Өз жерине болгон чексиз сүйүүсү кичине бөбөктүн жүрөгүн толкутуп тургансыды.

## 2. Сабырдын түбү сары алтын.

Биринчи класстын босогосун жаңы гана аттаган Айгүмүш алгачкы күндөрдө эле жакшы окууга аракет кылды. Көздөрү бакыракай, шамдагай мүнөз илбериңки кыздын ата-энеси райондун борборунда кызмат иштөөчү. Аларга эң ынак, эң ынтымактуу, жарты нанды бир жеген, кайгысы болсо тең бөлүшкөн коңшуларынын бири, шофёр Үсөктүн уулу Асек да Айгүмүш менен окуйт. Сумкасын жерге сүйрөп көтөргөн Айгүмүш шашыла басып Асектикине келди да:

— Асек, окуудан кечикпейли. Саат бир болуп калды. Ак жакаңды жуудуруп, үтүктөтүп алдыңбы? — деп тыпылдады.

— Апама кечээ эле даярдатып койгом.

Чындыгында Асек да өз боюна бүйрө, ар нерсени тезирээк сезген, чыйылдап сүйлөгөн кара каш, карагат көз бала эле. Ал дароо күрөң сумкасын колуна алды да, шыпылдай басып чоң күзгүгө боюн түзөп карады. Тигил күзгүдөгү кара каш бала менен тамаша кылып сырдашкандай көздөрүн улам ирмеп, каштарын серпе күлүң этип оң колун көтөрө сөөмөйүн кезеди:

— Ии, уктуңбу, жакшы баа алып кел.

— Кызык, ким менен сүйлөшүп жатасың? — деди Айгүмүш.

— Күзгүдөгү бала менен,— деди Асек.

Алар өз ара кобурлашып эгиз козудай ээрчише мектебине бат эле жетип келишти. Сабак да башталды. Мугалим эсеп жана жазуу боюнча текшерүүгө алып кеткен дептерлерди балдарга таратып берип жатты.

Айгүмүш менен Асектин дептерлери да өз колдоруна тийди. Экөөндө тең «5» деген баалар. Өзгөчө Асектин кубанычы койнуна батпайт. Жүздөрү тамылжыйт. «5» деген бааларын балдарга көрсөткүсү, мак-

тангысы келет. Башын койкойто мугалим тарапты карап, анын суроолоруна шарылдата жооп бергиси, дагы мактоо, алкыш алгысы келет.

Мугалимдин айтуусу боюнча бардык балдар «Алиппе» китебин жана жазуу дептерин олтурган парталарынын үстүнө коюшту. Ошондой эле колдорун чыканакка чейин ие, партанын алдыңкы ачмасына таяна тартиптүүлүк менен досканы карап олтурушту. Мугалим жаңы сабакты өтүүгө киришти да, «Л», «М» тамгаларынын элементин туура жазууну үйрөнүү керектигин балдарга эскертип, ал тамгаларды досканын эки четине сулууу кылып жаза баштады.

— Эжей,— деди Асек ичке үнүн чыйылдата бийик чыгарып, оозун чормойто.— Сиз жазган тамгаларды мен билемин. Аны мен билемин.

Асек балдарга өзүн тааныта оң колун серпип койду. Сол колуна суу чүпүрөк, оң колуна бор кармаган мугалима балдар тарапка бурула калып, Асекке бирдеме деп жооп айтканча, Айгүмүш да шашыла мындай деп калды:

— Эжей, мен деле билемин.

— Андан көрө башка тамгаларды үйрөтсөңүз?

Айгүмүштүн кол көтөрүп, классты жаңырта сүйлөп обдулганына берки балдар да өзүнчө кайыл боло калды. Класстагы балдардан өзгөчөлөнүп кол көтөргөнүнө бир чети ыраазы болушса, бир чети «кыйын билген кыз окшойт» деген ички сезим ойду билдиргендер болбой койгон жок.

Мугалим кыз парталаш олтурган Айгүмүш менен Асекке кубанычтуулук менен жылмая карады да:

— Силер билгениңер менен класстагы 34 бала жазып үйрөнө элек. Бир аз сабыр кыла тургула. Кайра да жазгыла. «Сабырдын түбү сары алтын»,— деди жайдары.

«Сабырдын түбү сары алтын»... ушул макал сөздүн маанисин анча ажырата албаган Айгүмүш менен Асек үйлөрүнө келгенде ата-энелерине айтышты.

— Эжейиң көрсөткөн тамгаларды, үйгө берилген тапшырмаларды жаздыңарбы? — деп сурады ата-эне эки баладан.

— Ооба, жаздык. Жазганда да мугалим мактагандай, сулуу, таза жаздык.

Эмесе макал маанисин эртең билесиңер?! — дешти ата-энелер.

Эртеси эки кошунанын — Асек менен Айгүмүштүн дептеринде «5» деген баалар дагы жаркырап турду.

— Мына садагалар, «М», «Л» тамгаларын мурда жазганды билсеңер да ага мактанып, алабармандап кетпей, мугалима көрсөткөндөй кайталап, шашпай, так, туура, таза жаздыңар эле, минтип «5» деген бааларды алдыңар,— деди Айгүмүштүн энеси.

* * *

— Сабыр кыла тур. Эртең эле жөнөөрсүң. Караңгы түндө машинаң жардан учуп кетпесин, Үсөк.

— Жок, түнү менен жөнөп, эртең күндүз кайрадан үйдө боломун. Жол алыс, шашуу керек.

Аба ырайынын маалыматына караганда Калмак-Ашууда катуу жаан болуп, кыян да жүрөт имиш. Шашылбай эле койсоңчу.

Үсөк көшөрүп тил алган жок. Машинасын от алдырып, алыс сапарга, «Туура-Суу» жайлоосуна жөнөп калды.

Арадан үч саат убакыт өтпөй Үсөктүн машинасынын күүлдөгөн дабышы угулду.

— Атам келди, атам келди,— деп чебелектеп чуркап чыккан Асек, атасынын муңайым тартып чаалык-

кан, көңүлсүз, кубарыңкы жүзүн көрө коюп, кушча талпынганы сууй түштү.

— Карангүн, эмне жорук болуп кетти. Аман-эсен келдиңби? Асектин апасынын үнү бийик угулду.

— Аман-эсен келдим. Бирок аз жерден өлүп кала жаздадым.

— Эмне болуп...

— Калмак Ашууда күн алай-дүлөй болуп кыян жүрүп туруптур.

— Сабыр кыл, эртең жөнө дебедим беле. «Сабырдын түбү сары алтын» дегенди билбейсиңби?

Ата-энесинин бул сөздөрүн угуп турган Асек сабыр этүүнүн маанисине эми гана түшүнгөндөй, ар бир иште токтоолук, сабырдуулук керек экендигин дагы бир жолу эсине бекем түйүп жатты.

## 3. Кол узарганда.

Жашыл килем жамынган жаз айы баш багып муз кемелери эрий баштады. Түркүн куштардын үнү сулуу жазды мактоого алгандай сайрандуу. Кышкы жыпжылаңач дарактар бүчүрлөрүн жарып, аземдүү назик жалбырактарынан өзүнчө бир аромат жыт төгүлөт.

Айгүмүштүн таятасы Токон жаз шиберин кучак жая тосуп алып, Семиз-Бел жайлоосуна көчүштү.

— Окуусунан тараганда Айгүмүш менен Асекти биздикине жибергиле. Жакага караганда тоо салкын, жайлоонун таза абасы балдарга жагымдуу. Эркинче ойноп-күлүп дем алышсын. Денелерин чыңашсын. Жайлоо турмушу менен таанышып, ага көнүксүн,— деген эле таятасы.

Бул сөздү угуп, жайлоого барууну самаган Айгүмүш менен Асек:

— Окуудан ылдам эле тарасак экен! — дешти. Жайлоого барар күндү чыдамсыздык менен күтүп жүрүштү.

— Бирок жайлоого барыш үчүн окууңарды жалаң гана «5» деген бааларда аяктооңор керек.

Адегенде Айгүмүштүн апасы ушундай шартты койгон.

— Анда биз «5» деген бааларды алсакчы... Отличник болсокчу...— деп туйтуң эткен Айгүмүш.

— Анда жайлоо силерди ыракаттуу тосуп алат.

— Ошентебиз, отличник болобуз!

Асек менен Айгүмүш мына ушинтип жарыша жооп беришкен.

Күндөр өтө берди. Жашыл жайлоону өзүнчө бир сонун дүйнө, кызыктуу турмуш катары элестетишкен эки кошунанын балдары Айгүмүш менен Асек окуучулук бекем убадаларында турушту.

Биринчи классты «5» деген баалар менен аякташып, «Мактоо баракчаларын» да алышты.

— Мына, машина алып келдим, бүгүн түштөн кийин «Семиз-Бел» жайлоосуна жөнөйбүз,— деди бир күнү Үсөк.

Алар жолго чыгышты. Балдардын жанында Токон карыя да бар. Жанараак жакадан көйнөкчөн жүрүшкөн, ысыкта чыдай албай тердешкен балдар азыр сууктан коргологон чымчыктай үрпөйүшүп, жаак эттеринин түктөрү бозомтук тартып көрүнүп турду.

— Жайлоодо телевизор барбы, чоң ата? Мультфильмдерди көрүп турабызбы?

— Тоодо, бийик жердеги жайлоодо электр линиясы жок эмеспи. Ошондуктан ал жерде телевизор иштебейт. Ал эми таятаңдын талаа радиоприёмниги күнүгө сайрап турат. Андан балдар үчүн берүүлөрдү, ырларды угуп турасыңар.

...«Семиз-Бел» жайлоосуна баруучу жол Айгүмүшкө да тааныш эле. Кыш айларында малчылар ылдыйлап түшүп, береги Ак-Тектирге конушуп, суук чилденин мезгилдеринде бул аймакта төрт түлүктү аман-эсен асырап багышчу. Кыш айларында да чөбү тушардан келип, мал багууга өтө ыңгайлуу боло турган. Өткөн кышта Айгүмүштүн таятасы Токон да ушул Ак-Тектирге кыштаган. Ошол мезгилде Токон аксакал жээни Айгүмүштү кер торуга өңөрүп алып, эки жолу Ак-тектирге келген болучу. Анда кыш аязы өкүм сүрүп, береги шаркырап агып жаткан Ак-Тектир суусу көк жылгаяк музга айланган эле. Кер торуга Айгүмүштү өңөргөн таятасы көпүрө муздан акырын бастырып өтүп бара жатып кызык окуяга туш болгон.

Такасы жок ат төмөн карай алты метр аралыкка чейин төрт аяктап тайгаланып отуруп, аз жерден күбүргө кирип кете жаздап, кой-эчкилер өтүүчү топурак себилген чыйырга келгенде араң токтогон да, жээкке чыгып кеткен. Анда эч нерседен бейкапар келаткан Айгүмүш:

— Ыя, таята, аттын конькиси укмуштай тайгалак экен, ээ. Бизди далай жерге зуулдатып барып токтоду,— деген.

— Аттын конькиси эмес, туягы болот балам, бүгүн экөөбүздү кудай колдоп, аман калбадыкпы.

Ошентип Айгүмүш менен таятасынын ортосундагы аңгеме далайга созулган. Токон аксакал жээнине бирде акыл үйрөтсө, бирде анын ойлонулбай айтып жаткан балалык сөздөрүнө күлкүсү келип, «аттын конькисин» айылдаштарына далай сыр кылып айткан эле. Азыр газик машинасы кышкысын көк күзгү болуп тоңуп жаткан «Ак-Тектир» суусун жээктеп баратты. «Ак-Тектир» суусунан улам өткөн кыштагы жогорку бир окуя Айгүмүштүн оюна кылт этип түшө калган. Андагы

кышкы көрүнүш — кышкы табийгат көз алдынан чубап өтүп жатты...

...Алар күн бата «Семиз-Бел» жайлоосуна жетип барышты.

Тамак желип бүткөндөн кийин меймандар уйкуга кам урушту. Кичинекей Айгүмүштүн уйкусу келип жыгылганы турса да, чыдоого аракет кылды. Анткени, аны атасынын «акылы жокту алып урам, көөдөнү жокту көтөрүп урам» — деп айткан ылакабы намыстантып турду. Анын себеби мындай эле: Бир күнү Токон карыя Асектикинде мейманда болду. Анда Айгүмүш да бар эле. Баятан бери тамакка нык тойгон Асек эми жатууга кам урду. Аябай чарчап, көздөрү жабыша калган бала карайлап барып духовканын тушуна, жылууга бой таштады.

— Асек, тамак ичкенден кийин бойго сиңирип, ары-бери сейилдеп бас. Тамак ичер замат эле жатып калуу — ден соолук үчүн да зыян. Ичкен тамагың аш казанга барганда минтип айтат имиш: «Акылы жокторду алып урам. Анткени, алар тамак ичер менен эле эркин бош кармап, бир аз сейилдеп олтуруудан эринип мага баш ийип калат. Көөдөнү жоктор да ошондой...»

Айгүмүш өз ичинен: «акылсыз экен, көөдөнү жок экен дедиртпейинчи» деп уйкусу келсе да, көшөрүп олтурду. Асек да ошентти. Акыры үйдөгүлөр менен бирге уйкуга кирди.

* * *

— Кана, бүгүнтөн баштап менин жана таянеңдин жетегинде болосуңар. Биздин үйдөгү тиричиликти да үйрөнгүлө,— деп таятасы Айгүмүш менен Асекке акыл-насаатын айткан.

Эртеси күн чайыттай ачык болду. Түштүк, түндүк тарабы аска-зоолор менен курчалган «Семиз-Белде» мемиреген тынчтык.

— Таяне, бизге жумуш бөлүштүрүп бериңиз. Биз бекер тамак ичпей, сизге жардам берели,— деди Айгүмүш.

Кичинекей Айгүмүштүн бул талабына таянеси ичи жылып жалынып-жалбарды. Айгүмүштү үйдү шыпырып, идиш-аяктарды жууп-тазалоо милдеттерине, ал эми Асекти болсо, музоолорду айдап келүү, колунан келишинче тезек терүү (жайлоо эмеспи, жаан-чачын көп болот) сыяктуу жумуштарды иштөөсүн айтты.

— Таяне силердин жайлоодо почто болобу?

— Эмне экен? — деди таяне таң калгандай.

— Үйгө кат жазып турбайбызбы?

— Оо, алдыңа кетейин десе, почточу гезит алып келип турат. Ал аркылуу жазган катыңарды жакага жиберип турсак болот.

...Айгүмүш чоң көк чарага идиш-аяктарды, кашыктарды салды да, ысык сууну куюп зыпылдатып жууй баштады. Таза жуулган чай чыныларды улам ирети менен жыят да, улам бирден алып суу жоолук менен жаркырата сүртөт. Анан ал чыгдан тарапка барып, идиштерди коёр жерди алдын ала иреттейт. Кызыл үкөктүн ичин тазалап, сүртүп, анан таянесине сөз катат:

— Ыя, таяне, силердин буфетиңер жокпу?

— Керегенин түбүндө чоң кызыл үкөк турбайбы. Ошол, биздин буфетибиз!

— Кызык, ушундай да буфет болобу?

— Таятаң экөөбүзгө боло берет.

Арадан бир саат өтпөй үй ичи иретке келтирилип, чаң басты кылып бир аз суу себилет да, боз үйдүн ичи таза шыпырылат. Коломто тарапта турган темир меш-

тин кулу да чыгарылат. Ушул жумуштардын бардыгын кичинекей Айгүмүш бүткөрүү менен алек.

Бир кезде Асек да кирип келди. Колунда көтөргөн илегендин капортосунан кургаган тезек. Маңдай тери чыбырчыктап, дегеле эрдемсинип болбойт.

— Энеке, мен өзүм эле тердим. Дагы терип алып келем...

Таяне түшкү оокатка карата даярдык көрүп, ынак сүткө кесме жасады. Тамактануу алдында Айгүмүш менен Асектин бүгүнкү жардамдарына кубанып мындай деди:

— Асек менен Айгүмүш өмүрлүү болсун. Ал-күчтөрү келишинче жардам берип, колу-бутумду узартып койбодубу!

Бирок эки бала колу-буттун узарганы жөнүндө түшүнүшкөн жок. Суроо беришпеди, шорулдатып кесме ичүү менен алек болушту.

Жайлоо турмушу алгачкы мезгилдерде көңүлсүз сезилгени менен бара-бара Асек менен Айгүмүшкө жагып калды. Ышкын терип келүү, жөргөмүш терип аны каймакка чылап жеп алуу, көпөлөк кармоо, музоолорду кайтаруу — бардыгы эки баланын көңүлүн чөгөргөн жок. Кайрадан алардын эмгек аракетин курчутту. Балалык эрк сезимдерин, намыстануулардын чыңады.

Айгүмүш кээде кичине чакаларды ала коюп илгич менен мелт-калт суу алып, чайпала басып келет, же үйдү шыпырат, же идиш-аяк жууп «буфетке» коёт. Анда таянеси баягы адатынча:

— Алдыңа кетейин, колу-бутумду узартып койду,— дейт.

Ал эми Асекчи. Ал да жөн турбайт. Музоолорду эмизбей айдап келет, тезек терет, кой тосушат. Анын элпектигине өзгөчө кубанган таята:

— Садага болоюн, Асек колу-бутумду узартып койду. Өмүрлүү болсун! — деп жалынат.

Күндөрдүн биринде Айгүмүш менен Асек почточуну атайын токтотуп алышты да, жакага кат жазышты. Ал катта жайлоо жакшы экендигин, дени сак жүрүшкөндүгүн айтып келишип,... «Кыскасы таятам менен таянемдин колу-бутун узартып койдук. Таятам жакында жакага барасыңар деп жатат. Ошондо силердин колу-бутуңарды да узартабыз.... Кош көрүшкөнчө...

*Айгүмүш, Асек» деп жазышты.*

## 4. Түнкү от.

Кабыргасы ката элек балапан балдарга ар түрлүү тамак керек, байбиче. Жалаң эле айран, сүт, эт боло берсе, кичинекейлерди тажатып жиберебиз. Кез-кезде курут, момпосуйдан да даам таттыра жүр.

Айгүмүштүн таянеси эжигей кайнатып, курут катырууга уста эле. Тигил чыгдан тарапта ак мүшөктүн белине чейин катырган курут, эжигей туруучу. Таяне эптүү олтура калып мүшөктүн буулган оозун чечип андагы кургатылган эжигей, куруттан балдарга чеңеми менен уучтап бере турган.

Абышкасынын азыркы сөзүн уккан таяне эки балага эжигей, куруттан дагы берди. Айгүмүш көздөрүн жайната, чоң чөнтөгүнө колун ыкшап сала койду да кечээ күнкү терип жеген жөргөмүштүн калдыктарын тазалап, таянеси берген курут, эжигейди ошол жакка жапшырды. Аны туурап Асек да ошентти.

— Ой, абышка,— деди Айгүмүштүн таянеси, этеги кең балбалактаган ак сатин көйнөгүнүн жака топчусун

чыгара, чыбырчыктаган терин кол жоолугу менен аарчый,— тигил Кызарттын түшө калышындагы жолчулардын дүкөнүнө барып келе кой. Анда жаңы капуста менен помидор түшө калчу эле. Эгер болсо, балдарга шаардыкындай борш жасап берейин.

Токон карыя курсагы эки жагына салаңдаган тору бээни токунуп минди да, Кызарт тарапка жөнөдү. Үйдө балдар менен таяне гана калды. Арадан көп убакыт өтпөй береги түштүк тараптагы жашыл белестен уйдун өңгүрөгөнү угулду.

— Айланайындар эшикке чыгып карагылачы, музоосун сагынган байкуш жетип келген го. Күн түш болуп калса керек,— деди таяне. Айгүмүш менен Асек орундарынан шып тура калышып сыртты карай жүгүрүштү.

— Таяне,— деди шашып сүйлөгөн Айгүмүш энтиге,— көк музоонун мамасы келип калыптыр.

— Эмизбей казыкка байлай коёлу,— деди Асек анын сөздөрүн коштоого алып.

— Ошенткиле, тиректерим. Музоо мамасын көп ээмп алып чычкактабасын.

Таяне кичинекейлердин эмгек аракеттерине ичи жылып, жүздөрү ажарланып очок жанында жылып турган кумгандагы суу менен колдорун самындап жууй салды да, ак чаканы колуна иле майпаңдай басып сыртка чыкты.

— Байкуштун желини чатырап кеткен го. Азыр саай коёюн. Силер музоосун салып бергиле.

Бирок Айгүмүш менен Асек куйругун сороңдотуп, энесин карай жулунган музоону моюнчасынан байланган боюнча өз жайына коюшту.

— Ой, тентектер, музоону салбайсыңарбы? Эмчеги ийисин.— Асек Айгүмүштөн тыңдуусунуп, казыкта

оролуп байланган көк музоонун моюнчасын жандырып чыгара баштады.

— Айгүмүш, оозуңу ачып карап турбай жардам бербейсиңби?

Музоону казыктан чыгарышка Айгүмүш да аралашты.

Ошентип уй да саалып бүттү. Көк музоо энесинин эмчегин көөдөй тумшугу менен улам түрткүлөп, кактай ээмп жатты.

— Таяне, башка уйлар келбесе деле эмне үчүн көк музоонун энеси эртелеп келип калды?

— Жаш музоосун сагынып келген да, баласын сагынбас эне, энесин сагынбас бала болобу? Ушул сенин мамаң деле сени издеп жайлоого бир келбеди го, чиркин!

— Ошону айтсаң, а менин мамам келип кеткен ээ таяне? — деди Асек.

— Ооба, ошенткен, айланайын.

Таяне тигил Айгүмүштүн энесин сагынып куса болгондугун, ыйлачудай түрүн байкап, сөз кыябын башка жакка бурду.

— Айгүмүштүн апасы деле келет. Азыр отпускасынын маалы боло элек да. Жумуш деген кыйын эмеспи. Бейжооп кетип калса, ачандиги эмне деп айтмак.

Арадан көп убакыт өтпөй таята да келди. Айтор, ак куржундун эки көзү толтура базарлык: жашылча, жемиштер. Чарадай болгон капусталар, кызыл помидорлор, жыты буруксуган аппак алмалар балдардын көзүн кызыктырды.

— Таята, капуста бактын башына өсөт, ээ?

Капустанын кайда өсүп жетилерин билип көрбөгөн Айгүмүш ушундай суроону берип калды эле Асек боорун тырмап күлдү.

— Жерге эле өсөт эмеспи.

Өзүнчө ойго баткан Айгүмүш дагы суроо берди.

— Таята, айтыңызчы, помидор эмне үчүн кызкызыл. Ал кантип кызарып калган?

Токон аксакал бул суроонун жообун башка жакка айландырып, жомоктоп айтып бергиси келди.

— Илгери-илгери Дыйкан деген эмгекчил адам болуптур. Ал жашылча-жемиштерди көп айдачу экен. Бир жылы помидор эгип, аны мыктылап багат. Помидордун уругу жерге себилер менен сыртка көк жашыл тартып өнүп чыгат.

— Менин айланамда арам чөптөр болбосо экен. Эгер алар болсо, анда мен өнүм алалбай саргайып, бук болуп тумчугуп кетем. Түбүмү жумшартып, суусунумду өз убагында кандыра көр, Дыйкан аба! — дейт экен ал.

Помидордун мындай өтүнүчүн Дыйкан жандили менен орундатып, күмүш миз кетменин колунан түшүрбөй эчен ирет жумшартып, мөл булактан суусун берди.

— Катар аралыгым эркин болмоюн, жер азыгына жетишерлик канмайын дан байлоого кудуретим жетпей калат,— дейт помидор.

Ошентип помидордун катар аралыгы да жумшартылат. Бирок күндөрдүн биринде Дыйкан катуу ооруп калып, помидор да багуудан жабыр тартат.

— Суусап өлмөй болдум, суусап... Суу бергиле?!

Помидордун өңү саргайыңкы тартып, жаңыдан ачылып келаткан гүлдөрү жерге учуп түшүп, улам бозомук тартып солуп, айтор, ал-кубаттан кете баштайт. Анын мындай абалын байкаган ак булут көл үстү менен каалгып, бийик чокуну көздөй сапар чегет да уйгу-туйгу болуп, чагылганын жаркыратып, жер жарып жиберчүдөй күркүрөйт, көнөктөтүп жамгыр

төгөт. Жамгыр суусуна жан сергиткен помидор саргыч гүлдөрүн кайрадан үлбүрөтүп:

— Ыракмат! Ак булутка! — деп алкышын да айтат.

Күндөр өткөн сайын бутактанып, жалбырак кучактап, бою түзөлүп өсүп, саргыч тарткан үлбүрчөк гүлдөрүнүн ортосунан көк түйүлдүк пайда болуп ал улам чоңоё берет. Кийинчерээк ардактап өстүргөн Дыйкан эмгегин бат эле эстен чыгарып, өз боюна жанды теңебей, дөөгүрсүп, өзү менен жанаша өскөн алтын кылкандуу ак буудайга минтип кыйкырат:

— Ой, сен бат эле саргарып кеттиң да. Мындан жарым ай мурда менчилеп эле көк жашыл тартып турууччу элең. Ай, байкуш ай. Күнгө күйүп куурап кеткен экенсиң.

— Оозуңа карап сүйлө, помидор. Мен Дыйкан эмгегин, Дыйкан камкордугун сая кетирбедим. Алымдын жетишинче актадым. Ак данымды элге, журтка тартууладым. Ал эми сен болсоң, алиге көк бойдонсуң. Дыйкан мээримин, жаратылыштын ырайымдуулугун эстен чыгарып, бул жарык дүйнөгө өзүң эле келип калгансып бой көтөрүп кеттиң.

Бир кезде тигил асман тараптан кирпиктерин жайнатып, күнгө тил бүтүп, ал үнүн бийик шаңдуу чыгарып мындай деди:

— Кымбаттуу ак буудай, мен бардыгын билем. Помидордун бой көтөрүп, мактанганы да эсимде. Аны бардык өсүмдүктөрдүн алдында ошондой эле эмгекчил Дыйкан абамдын көзүнчө аябай уялтып, кызартайын. Экинчи бой көтөргүс кылайын!

— Ошент! Оттуу Күн, ошент! — деди Дыйкан да анын талабын жактырып, Күндүн ысык илеби улам күчтүү тийген сайын помидордун жүзү кызарып, деми

кыстыгып, жарылып кетүүчүдөй барсайып, акыркы сөзүн айтууга кудурети араң жетти.

— Кагылайын, Дыйкан аба! Эмгегиңе баш ийип жүрөйүн, уятыма чыдабай кызарып өлүп баратам. Мен да эми бышып калдым. бутагымдан үзүлүп, жерге чирип жоголбоюн. Андан көрө ардактап үзүп ала көр.

Дыйкан помидордун айткандарын орундатты.

Ошентип помидордун кызарган жүзү күндүн илебинен пайда болуптур, балдар.

Күүгүм кирип, каш карара баштады. Түнкү тынчтык өкүм сүрүп, берки маңдай тараптагы өзөндүн күрүлдөгөнү даана угулат.

Азыр эле берегиги жондо музоосун ээрчитип оттоп жүргөн күрөң уй жок. Аны Асек менен Айгүмүш издеп, берки өзөн боюна чейин келишти да таап алып, тектирчени көздөй айдап келе жатышты. Түнкү караңгылык айлананы каптаган сайын берки кичинекейлердин жүрөктөрү лакылдап, коркуу сезимдери пайда боло баштады. Тигине, маңдай тараптагы чоң таштын алды жагынан бүл-бүл этип, кара чырактын билигиндей от күйө баштады.

— Көрдүңбү, Асек,— деди Айгүмүш үнүн басыңкы чыгарып,— тигине, бирде жогору көтөрүлүп, бирде басыла калып жатат.

Тигил отту Асек да көрдү.

— Атакебай, бул албарстынын оту болуп жүрбөсүн. Албарсты талаага от жагарын, анын тегерегине бийлеп ойнорун чоң энем айткан болучу.

Айгүмүш менен Асектин көз алдыларына укмуштуу жалаңкычтар, жез тумшуктар, аларды кыйратып жеңип чыккан баатырлар элестей калды.

— Албарсты бизди кармап алып жүрбөсүн.

Асектин бул сөзүнөн улам Айгүмүштүн денеси дүр

этип, берки жалгыз аяк жол менен аңды-дөңдү карабай зымырап качууга даяр эле.

Бирок тигил күйгөн отту дагы бир жолу коркуу сезими менен карап алды да:

— Жүрү, качабыз! — деди.

— Кеттик эмесе.

Алар биринен сала бири ашып, улам артта калганы бакырып жиберүүчүдөй декилдеп келатышат. Мына, эми бир кезде үйгө да жетип келишти. Таята өзү келген күрөң уйдун музоосун байлап, балдарын күтүп турган эле. Биринчи жетип келген Айгүмүш күйүккөн демин токтото албай:

— Таята, биз чоң таштын алдынан күйгөн отту көрдүк. Ал албарстынын оту окшойт,— деди демиккенин баса албай.

— Жүрсөңүз, сиз чоң кишисиз да, барып көрөлү. Таягыңызды унута көрбөңүз.

Айгүмүштүн айтканын сүрөөгө алган Асек да:

— Таята, батыраак баралы да. А балким, албарстыны кармап аларбыз,— деди чепилдеп.

Алар баягы чоң таштын алдына келишти. Чын эле көйкөлүп өскөн бадалдуу чөптүн арасынан от соймоңдоп күйүп турат. Бирок анча чоң эмес.

А дегенде Айгүмүштүн таятасы да оңой чочуган жок. Ал киши үйдөн күрөк кармай чыккан эле. Аны таяна басып, баягы ичке жалындын жанына барып, тегеректеп чие салды. Ал тегеректеп чие салганда баягы ичке жалын төмөн карай кулап кетти. Төмөн түшсө да дагы эле жанып күйүүдө.

— А, балдарым — деди, таята күлкү аралаш үнүн чыгарып,— бул чөпкө жабышкан жылдыз курттар турбайбы. Бири-бирине чырмалышып алыптыр. Жалтырак коңуздар менен жылдыз курттар түн ичинде жарык чыгарып күйүп турат. Булардын баарын мек-

тебиңер үйрөтөт, кагылайындар. Силер жаш чырпыксыңар. Билгениңерден биле элегиңер көп,— деди таята балдарды үйүн көздөй эрчитип.— Жанагы мен алып келген капыста, помидордун кайдан келгендигин, кандайча эгилерин, кантип бышарын да мектебиңерден үйрөнүп, өз колуңардан өстүрөсүңөр.

Айгүмүш менен Асектин дүкүлдөгөн жүрөктөрү басылып, таятанын жанында бара жатканына шерденишип, үйдү көздөй көңүлдүү келишти.

— Жакага барганда бул күйгөн от жөнүндө балдарга айтып беребиз ээ,— деди Айгүмүш.

— Ооба, айтып беребиз!

Айгүмүш ойго баткандай жайынча жооп берди.

## 5. „Ала-Тоо“.

Ала шалбырт мезгил эле. Аба ырайы бир калыпта болбой, кээ күндөрү кар аралаш жамгыр урса, кай бир күндөрү жарк этип, ачыла калып жер кабаты эрип кетүүчүдөй ылайлап, айлана жылымдап, жаз көктөмү жыбырай баштады. Ушул көктөм күндөрүнүн биринде Айгүмүштөр кошуна турган Жумаш деген бала энтеңдеп чуркап келди да оозун чормойто мындай деп калды:

— Биздин сарала кунаажын маңдайында агы бар кара музоо тууду, апам саап ууз бышырып берем деп айтты.

Жайлоодо, таятасынын үйүндө жүрүп малга ынак болуп калган Айгүмүш токтонуп тура албады. Жумаштардын короосуна барып жаңы туулган музоону көргүсү, жонунан сылап эркелеткиси келди.

— Азыр энеси жокпу? — деди Айгүмүш.

— Жок, эртең менен бадага кошуп жибергенбиз.

— Жүрү, эмесе мен да барып көрөйүнчү.

Айгүмүш өзүнөн беш жаш кичүү Жумашты колунан жетелеп тыпылдай басышып тез эле короого кирishti. Тигинде, бийик дубалдын түбүндө күнгө боорун кактап жылбырс кара, мыңдайында аппак кашкасы бар жаш музоо жатат.

— Ай, иий таятамдардын музоосуна окшош турбайбы? — Айгүмүш сол колу менен ээгин таяна сөзүн улады. — Жумаш, силердин музоого шоколад берип көрөлүбү?

Шоколад дегенде оозуна шилекейи келе түшкөн Жумаш Айгүмүшкө улам жакындай басып, анын колдоруна, пальтосунун эки чөнтөгүнө көз кырын таштады.

— Шоколад жумшак да, берсе берели. Бирок тамагына тура калбас бекен. Кана, шоколадың барбы, көрсөтчү?

— Азыр үйдөн алып келе коём.

Айгүмүш тыз коюп жөнөдү. Ал кайрадан Жумаштын жанына бат эле келди. Айгүмүштүн ишенимдүү түрдө чуркап келгенин Жумаш да абдан жактырды. Калдырак, кызыл, жашыл түстөгү кагазга оролгон эки шоколаддын бирөөнү Жумаш ыракаттануу менен соруп жатты. Экинчисин болсо Айгүмүш кара кашкага берүү менен алек. Кичинекей музоо адегенде шоколадды жыттагылап, энемдин эмчеги дегенсип бир аз жандана, анан башын чулгуп-чулгуп алды да, кулактарын калдайта Айгүмүштү карады.

Айгүмүш колундагы шоколаддан бир аз тиштеп чайнады да, аны кайрадан ала коюп, кара кашка музоонун оозуна салууга аракет кылды. Кара кашка шоколаддын таттуу даамын бир аз тата койду окшойт, көөдөй тумшугун чулгуй, алкымын бүлкүлдөтө там-

шанып Айгүмүштүн кичинекей манжаларын быш-быш эте жыттагылады.

Жумаш эртеси да Айгүмүштүкүнө жетип барды. Айгүмүш болсо эки жума бою кашка музоого колдон тамак берип жүрдү.

— Айгүмүш, жаңы туулган музоого ат коёлу дебедик беле? Жумаш үнүн басыңкы чыгарды Анткени, үйдө Айгүмүштүн апасы бар экен. Ал жумушуна жөнөгөнү жатыптыр. «Кечеги музоого берген шоколад жөнүндө оозуңдан чыгарба, үйдөгүлөргө да айтпа?» — деген болучу Айгүмүш. Жумаш башкалардан сыр жашырып, Айгүмүштүн айтканын орундатканын өз ичинен кубаттап, бүгүн да бир шоколадды соргусу келип, бүгүн да кара кашка музоосуна колдон даам таттырууну самады. Бул ишке өзү да аябай кызыгып калды. Ички үйдү шыпырып, иреттеп алагды болуп жаткан Айгүмүш Жумаштын айткандарын укпай калды. Бирок анын келишинен эле кара кашка музоо жөнүндө эстеди.

— Бир аз күтө тур. Үйдүн ичин иретке келтире коёюн.

Арадан көп убакыт өтпөй Айгүмүш менен Жумаш кара кашка музоонун жанында болушту.Дагы эки шоколад, эки печенье. Бир шоколад болсо Жумашка тийди. Калгандарын Айгүмүш музоого жедирүү менен алек болду. Ырас эле кара кашка музоо алгачкы күндөгүдөй эмес, куйругун шыйпаңдатып бирде Айгүмүштү, бирде Жумашты жыттагылап жан алы калбайт. Кара кашка музоо Асекке да үйүр болуп кетти.

— «Заря» деп ат коёлу,— дешти үч кошуна балдар чуулдашып.

— Жок, «Ала-Тоо» деп атагыла, балдар анткени бул кашка музоо зоот уйдун тукуму эмеспи. Кийин чакалап сүт берүүчү малдан,— деди Асектин атасы.

Ошентип кара кашка «Ала-Тоо» деп аталды. Бирок, «Ала-тоо» бир ай боло электе ууз сүттөн айрылып жетим калды. Байкуш энеси мөндүрдөй арпадан аябай жеп, суу ичип алып ичи көөп өлөөрдө адалдап мууздап коюшту.

Эми «Ала-Тоонун» айласы эмне болот?—деп кайгырды Жумаш чебелектей.

— Эч нерсе эмес, аны өзүбүз эле багып алабыз. Ансыз деле шоколад печенье жеп бизге үйүр алып калган,— деди Айгүмүш эки кошуна бир үйдө чогулуп тамак ичип отурушканда.

— Шоколад дейсиңерби? Аа арамдар десе. Үйдөгү буфеттеги шоколад менен печеньени Айгүмүш жеген экен десе, «Ала-Тоонун» курсагына кеткен турбайбы,— деди Айгүмүштүн апасы.— Таттууну эмнеге эле жакшы көрүп калган деп ойлогонумчу...

—«Ала-Тоо үйгө да кирип келет. Керек болсо колдон нанды талашып жейт,— деди Жумаш мактана.

Күндөр өтүп жатты. Май айы баш багып, дарактар гүл тагынып, түркүн куштардын үнү айлананы жаңыртып өзүнчө бир шаңдуу күү угулат. «Ала-Тоо» да мурдагыдан тыңып калды. Колдон эмне берсе: картошкабы, кантпы, момпосуйбу, айтор, бардыгын жей берүүгө дайым даяр.

Айгүмүш ак бантигин байланып, 4 класстагы балдар менен мектебин көздөй жөнөмөй болуп үйдөн шашыла чыкты. Бийик жалдын үстүндөгү жалгыз аяк жол менен артын карабай шашып бара жатат. Колундагы сумкасы кээде жерге тийип сүйрөлө калат. Жол боюндагы жыты аңкыган көк чөптөр жаз көркүн ого бетер сулуулап, көңүл кубанычын өргө коштойт. Айгүмүштүн сезиминде да кубаныч. Ал 3-классты эң жакшы деген баалар менен бүтүп, жайкы каникулга тарап, быйыл да жайлоого, таятасыныкына барат. Жакшы

дем алат. Тоо гүлдөрүнөн кагазга катырат. Аны мектебине белек кылып туртуулайт. Алды жакта аны өмүрдөгү көп кубанычтар күтүп турат.

Баятан бери ушуларды ойлоп, өзүнчө толкундап келе жаткан Айгүмүш «Ала-Тоонун» билинбей ээрчип алганын байкаган жок. Ортоңку көчөгө келгенде топтошуп турган балдардын арасынан кимдир бирөөнүн какшык сөзү угулду:

— Айгүмүш «Ала-Тооң» эченчи класста окуйт?

Ал артын жалт карады. Мойнун созуп, кулактарын жапыра, көздөрүн жайнаткан «Ала-Тоо» да тык токтой калды

— Ой, уятсыз, мени ээрчип мектепти көздөй келатканын көр. Бар, үйгө, кет.— Айгүмүш тентек Азимге атасынын сүйлөнүп жатканындай бак-бак этти да «Ала-Тоону» күрөң сумкасы менен капталга аянычтуулук менен бир коюмуш этти. Айгүмүштүн айбатына «Ала-Тоо» бир аз жалтангансып, бирок эркелеп башын төмөн чулгуй бир ордунан жылбады. «Ала-Тоонун» мындай кыялын чын жактырган Айгүмүш үн катты:

— Адашып кетесиң, ушунчаңда үйгө бар.— Аңгыча Айгүмүшкө аябай үйүр алган «Ала-Тоонун» жанына окууга бара жаткан майда балдар чогула калды.

— Биздин музоолорубуз жаныбызга жолобой качат. А Айгүмүштү көрсөң...

— Капырай десең! Сонун музоо экен!

— Адамдай акылдуу окшойт!

— Колго мыктап үйрөткөн да.

Тигилердин мындай сөздөрүн жактыра бербеген Айгүмүш үнүнүн бардыгынча кыйкырды.

— Ой, эмне эле бакылдайсыңар. Тынчтык бергилечи. Бул «Ала-Тоо» Жумаштардыкы экенин билбейсиңерби. Ал эмдиги жылы окууга барат эмеспи.

— А билебиз, жанагы чулдур Жумашты айтасыңбы?

— Ал жакшы бала.

Айгүмүш мурдунун үстүндөгү жараларына зелёнка сүйкөгөн, жалпак мурун, костюмунун жакасы шакмарланып кир болуп кеткен баланы алая карады да кайрадан үйүн көздөй басты.

— Жүрү, «Ала-Тоо», сени үйгө жеткирип коёюн, анан окууга кетейин. Булар мал, жан көрө элек балдар турбайбы. Ал туйтуң этип шашыла басып бара жатканда анын артынан «Ала-Тоо» да жете келди. Бер жактагы чуулдаган балдар анын колго үйрөнүп калганына таң калыша, чуулдаган үндөрүн иретсиз чыгарышып жай жыла чоң жолго чыгышты.

«Ала-Тоо» Айгүмүштү бүгүн гана ээрчип отурган жок. Ал Айгүмүштү далай жолу убара кылган эле.

Күндөрдүн биринде кичинекей Жумаш апасын ээрчип Айгүмүштүкүнө келип калды. Алардын артынан билинбей келген «Ала-Тоо» кой-айы жок эле далиске баш бакты. Терезенин текчесинде Айгүмүштүн таянеси бышырып койгон сүт жайпак табакта эле. Аны көрө койгон музоо бүт көңтөрүп ичип алды. Табакты бышылдап жалмалап жатканда үйдөгүлөр көрүп көчөгө айдап чыгышты.

* * *

Арадан үч жыл зымырап өттү. Кошуналардын турмушунда да көп өзгөрүүлөр болду. Айгүмүш комсомолго кабыл алынды. Үйдө дагы бир чоң кубаныч пайда болду. Байчечекей жайнаган жаз айында Айгүмүштүн апасы көз жарып эркек төрөп, атын Марат деп коюшту. Кичинекей Жумаш болсо, мектепте жалаң «5» деген баалар менен окуп жатат.

...Күн кызгылт нурлары менен асман тиреген тоолорду, жер бетин көркүнө чыгарып батып бара жаткан. Жүздөрү күн нурундай албырып, энтиге чуркаган Жумаш кошунасы Айгүмүштүкүнө жетип келди. Үйдө бардык үй-бүлө олтурушкан экен. Жарык дүйнөгө келгенине үч жылдын жүзү болуп калган Марат энесинин жанында көшүлүңкү, уйкуда экен.

— Сүйүнчү! — деди Жумаш үйдөгүлөрдү жылмаюу менен карап,— биздин «Ала-Тоо» кунажын эркек төрөдү. Өзүнө окшош. Маңдайында кашкасы бар экен.

Жумаш шашылган түрдө кыска кырдуу шапкесин башынан аткып ала коюп, маңдайындагы мончоктогон терин жеңи менен эки ирет сүртүп алды.

— Болсун айланайын, болсун. Бирок уйду төрөдү дебейт, тууду дейт. Кана, Сапыйна, Жумашка сүйүнчү береличи. Айгүмүштүн атасы тура калды да, Жумаштын көңүлүн улап буфетте турган бир кутучаны алып бере койду. Анын сыртында «Мармелад» деген чоң жазуу бар эле.

— Жүрү, барып көрөлү Айгүмүш.

Алар тең жарыша чуркап корооѓо кириштп. «Ала-Тоо» өзүнө окшош кара кашка музоосун жыттагылап, ага улам айланчыктап туруптур. Айгүмүш менен Жумашты көрө коюп, алардан музоосун кызгангансып башын чулгуду.

Аңгыча Жумаштын апасы да корооѓо кирип келди:

— Айгүмүш, эми буюрса бул жаман кунажын, кичинекей бөбөгүң Маратты сүт менен камсыз кылып турат. Сен да убараланып жогорку айылдан сүт алып чуркабайсың,— деди.

— Ой, кандай жакшы болду! — деди Айгүмүш сөзүнүн аягына чыкпай,— биз «Ала-Тоонун» музоосун да колго үйрөтүп багабыз, ал сүттүү уй болот.

Айгүмүштүн көз алдына ынак сүткө тоюп чуркап ойногон бөбөгү Марат, береги жаңы туулган кара кашка музоонун так секиргени тартыла калды.

## „АЛИППЕ“ МАЙРАМЫ.

**Сахна-аңгемелер**

— Кана, тынчтанып уккулачы, балдар. Жакында окуунун жарым жылдыгын аяктап, китептердин төл башы, силердин эң жакын досуңар, сүйлөөнү, сөз өстүрүүнү үйрөткөн сүйүктүү жолдошуңар «Алиппе» менен коштошобуз. Төл башы «Алиппеңер» менен коштошуу алдында өзүбүзчө кеңири сүйлөшүп алалы.

Биринчи класстын мугалими, арыкчырай, кырдач мурун, кызыл жүз, сол кашынын үстүндө чоңдугу буудайдай болгон кара меңи бар Фатима үнүн салмактуу чыгарып, кулүңдөй сүйлөп, бөбөктөрдүн партада туура олтуруштарын ырааттуу байкап, алардын ынтаа, көңүлдөрүн өзүнө бура, аңгемесин улантып жатты.

Ал эми балдар болсо Фатима эжейинин айткандарын көңүл коюп угушту. Класста мемиреген тынчтык. Бир гана Фатима эженин айткан сөздөрү класс ичине жаңырыктап балдардын оюн өзүнө тартууда.

Ал өз сөзүндө ар бир бала «Алиппеден» үйрөнгөн ырларын, табышмактарын, жер, суу, мектеп, транспорттор, мектеп окуучулары, жашылчалар жөнүндө жазылган кызыктуу сүйлөмдөрдөн «Алиппе» майрамында айтып, ошондой эле китептен окуп берүүлөрүн өтүндү. Мындан тышкары «Алиппе» майрамына ата-энелерди да чакыруу керек экендигин, кимдер кандайча билим алгандыгын ошол жыйында, кандай деңгээлде көрсөтө ала тургандыгын эскерди. Ата-энелер-

дин «Алиппе» майрамына келишин береги кичинекей гүл өмүрлөр өзгөчө жактырып калышты окшойт, кайсы биреөлөрү буттарын тыбырчылатып, тамактарын жасашып Фатима эжейине:

— Мен «Алиппе» майрамында «Тилек» деген ырды айтып берем!

— А, мен «Жашасын улуу ынтымакты» билем!

— «Торпогум» деген ырды жатка айталам, эжей!

Фатима балдардын иретсиз сөз талаша кыйкырып, топурай түшкөндөрүн бир аз тартипке чакыра сөзүн улады:

— Демек, ар ким билген ырларын айтып берүүгө жарайт экен. Ошентип даярдык көрөлү. Ата-энелерге «Ленин», «Шайыр балдар» деген хорлорду жалпы аткарып беребиз.

Анан ал балдар менен алиги өзү айткан «Ленин» жана «Шайыр балдар» деген ырларды кайталап ырдады. Коңгуроо болоруна жакын калганда «Алиппе» китебин да, кайсы бир бөбөктөргө бирден куплет ырларды жаттап келүүгө тапшырма берди.

Экинчи партада олтурган сары көкүл Жумаш колун күндөгүдөн өзгөчө жогору көтөрө салды да, эжейи сүйлө дегендей ишарат кылганда:

— Мен «Эч качан согуш болбосо»... деген ырды жаттап келейин эжей! — деди.

— Оо, эң жакшы болот, ошент Жумаш!

Мугалим ага ыраазы болуу сезими менен көңүлүн көтөрө ушинтип айтты да:

— Бирок уятка калтырбагын. Биздин алдыдагы «Алиппе» майрамыбызга ата-энелер да келет эмеспи,— деди.

Ал мындайча эле:

Алганда билим кенчин биринчи ирет,
Ардактап тереңинен сүйгөн жүрөк.
Алгачкы менде калган элестериң,
Алиге унутулбай эсте жүрөт,
эсте жүрөт.
өсүп, гүлдөп
Талбагын, окугун деп алга үндөп.

* * *

Тартуулап сени берген менин өлкөм,
Үйрөткөн ар нерсени нуруң көркөм.
Чынында эне күчтөй эмгегиң зор,
Курчутуп ой-сезимдин гүлүн эккен.
Гүлүн эккен,
Сен — «Алиппем»
Жүрөккө таалай нуруң таасир эткен!

Ошентип арадан бир жума өттү. Жумаш баягы ырды болсо туура жаттап, жыйналыш болор күндү чыдамсыздык менен күтүп жүрдү.

Мына айтылган убакта ата-энелер мектепке чогулушту. «Алиппе» майрамына арналган чогулушту Фатима ачык деп жарыялап, 1-класстын окуучулары жарым жылдыкта тамгаларды курап сүйлөм түзүп окуп калгандыгын, бөбөктөргө алгач ирет билим даамын берген «Алиппе» экендигин айтып берди.

— «Алиппе» биздин эң жакын досубуз болуп калды. Ал жөнүндө ким ыр айтып бере алат!

Мугалимдин мындай суроосунан улам алдыңкы тарапта олтурган Таалайбек колун көтөрүп, доскага чыга калды да «Алиппем» деген ырды такалбай айтып берди.

— Ошентип сүйүктүү «Алиппеңерден» эмнени билесиңер? — деди мугалима.

— Биз алфавит боюнча бүт 36 тамганы билебиз.

— Кана, 36 тамганы айтып көргүлөчү?

Биринчи катарда олтурган бала «А» деп баштады эле, анын жанындагы окуучу тартип менен тура калып «Б» деди. Мындан улам ар бир бала катары менен тура калып алфавит боюнча бүт 36 тамганы айтып чыгышты.

— Сүйлөм сөздөрдөн турат,— деди Мусин.

— Сүйлөмдүн аягына чекит коюлат,— деди делдең кулак сары бала шып тура калып.

— Пароход көлдө, деңизде сүзөт,— деди Бакыт.

— Мэн мектебимди чексиз сүйөмүн.

— Жок, Жумаш, сен жаңылып кеттиң,— деп ошол замат оңдоп кайталады Фатима.

— Мен мекенимди чексиз сүйөмүн! — деди Жумаш эжейинин түзөп айткандарын кайталап.

Мындан кийин ар кайсы партадан бирден бала тура калып, доска тарапка шыпылдай басып келип «Алиппеден» үйрөнгөн ырларын көркөмдөп жатка айтып берип жатты. Кезек Болотко келди:

Жолдун дагы жолу бар,
Ойдун дагы ою бар.
Кыйын болсоң бизге окшоп,
Айга барып конуп ал.

Күчтүн дагы күчү бар,
Иштин дагы иши бар,
Карагыла Ай бетин
Лениндин иши ал.

Болот улам бир колун шилтегилеп, өзүнчө толкундануу менен аткарды.

— Баракелде, ыракмат Болотко! Жакшы жаттаптыр! — деди эжейи анын көңүлүн көтөрө. Мындан кийин «Ынтымак» деген ыр аткарылып, кезек Жумашка келди.

Анын фамилиясы аталганда жыйналышка келген эжесинин жүзү да өзгөрүлө түштү. «Беш алты күндөн бери ырас жаттап жүрдү эле. Кибиреген неме сүрдөп кетип дагы эмне болор экен. Мени да жер кaратпаса болду» — деп өз ичинен күбүрөдү.

Бирок Жумаш сүрдөгөн жок, доска тарапка шыпылдай басып келип, берки олтурган ата-энелерди, бирге окуган курбуларын бир карап алды да, башын бир жагына кыйшайта, бир аз сүрдөгөнсүп буула калды. Анан үнүн ачуу чыгара бакылдады:

Түбөлүк тынчтык орносо,
Эч качан согуш болбосо,
Дүйнө эли чексиз жыргалда,
Кайгыны билбей ойносо...

— Ооба, Жумаш туура айтат. Түбөлүк тынчтык болсо силер да ушинтип алтын мектептен талыкпай билим алып самаган оюңарга жетип, эркин күлүп ойнойсуңар,— деди эжейи.

Жумаштын ырынан соң билим жолуна биринчи кадам шилтеген ойноок кыял окуучуларына ыраазы болгон Фатиманын жүзү улам нурланып, «Ленин», «Шайыр балдар» деген хорлорго өзү берилүү менен кошулуп ырдап, класс ичин шаңга бөлөштү.

Бир кезде сыртына «Алиппе» деп бадырайта жазылган калдайган чоң китеп доска тарапта пайда боло калды. Мынча чоң китеп кайсы тараптан көз ачыпжумганча жетип келди.

Аны эч ким байкоос албаптыр. Көп узабай зыңкыйып бир калыпта туруп калган «Алиппеге» адамча тил бүтүп салмак менен сүйлөй баштады.

Аны ар бир бала таң калуу менен кабыл алып татымдуу сөздөрүн зор ынтаа коюп тыңшап жатышты. «Алиппе» өзүнүн жарык дүйнөгө кандайча келгендигин кыска баяндап келип:

— Мекенибиздин атактуу академик, профессорлору, илимпоздору, учкучтар, баатыр дыйкандар, жумушчулар, космонавттар, толуп жаткан инженерлер алгачкы окуу эшигин ушул менден — «Алиппеден» ачып, анан илим деңизине, улуу максаттарга кадам шилтеген.

«Алиппенин» мындай кереметтүү сөздөрүн доска тарапта калдайган «Алиппе» китебинин жанында турган Фатима эжей андан ары улап кетти.

— Ошентип, кымбаттуу балдар, сүйүктүү китебиңер «Алиппе» сентябрь айында силер менен кошо кол кармашып таанышкан. Алтын барактарынан ар түрдүү көркөм сүрөттөрдү көрүп, ар бир арип тамгасын ардактап окудуңар. Адептүүлүк, акылдуулук, эмгекти урматтоо, улуу адамдар, көл, дайра, деңиздер, табийят байлыктары жөнүндөгү элестүү сүйлөмдөрүн, макал-лакап, табышмактарын, жүрөккө жагымдуу ырларын эжелеп, муунга бөлүүдөн шар окууга үйрөндүңөр. Класстагы 36 баланын бардыгы «Алиппени» таза кармоого, сүйүүгө, кирдетпөөгө аракеттенди.

Кыскасы «Алиппенин» эмгеги чоң экен, балдар. Кана, кымбаттуу досуңар менен коштошуп жатып эмне деп айтмакчысыңар? — Фатима эжейинин оозун тиктеген балдар бирдей хор менен мындай дешти:

— «Алиппеге» чоң ыракмат!

— «Алиппе» өмүрлүү болсун!

Арадан жарым минута өткөн жок. Көк мукабалуу,

узуну бир, туурасы жарым метрдей келген калдагай — «Эне тили» даяр боло калды.

— Бизге жаңы кымбаттуу мейман келди, балдар, саламдашкыла! — деди Фатима эжей.

— Саламатсызбы, келишиңиз менен, сүйүктүү «Эне тил»!

Класстагы балдар доска тараптагы «Эне тил» китеби менен жылмая, үндөрүн бирдей тегиз чыгара, саламдашып учурашты.

— Мындан ары силер менен коюн-колтук алышып бирге жүрөмүн. Ошондо чыныгы сырдашып, кеңири таанышабыз,— деп сөзүн баштады «Эне тил» жай гана. Олтургандардын көңүлү ага магниттей тартыла калды. Жаңы келген ардактуу мейман сөзүн андан ары улады. Ал сөзүн баштаганда балдарга ийиле калды.

— Менин атым «Эне тил». Ар бир бала сүйүп окуу керек. Биздин ата-бабабыз сүйлөп келген эне тилибиз бай жана угумдуу. Бул тилде улуу «Манас» эпосу айтылып, белгилүү акындар Токтогул, Тоголок Молдо ушул тилде ырларын жазышкан, ырдашкан. Өз эне тилиңди мыкты үйрөнүү маданияттуулуктун белгиси. Аны жакшы билсең — башка көптөгөн тилдерди үйрөнүүгө өз көмөгүн тийгизет. Мени сүйүп окугула:

Эне тилин билбеген:
Эси жогун аныктайт.
Эне тилин сүйбөгөн
Элин сүйүп жарытпайт.
Орус тили жылдыз да,
Биздин жыргал заманда
Бирок кыргыз кыргызча,
Билбегени жаман да,— деди

«Эне тил» үнүн көркөм жана бийик чыгара.

Ошентип, Жумаш окуган 1-класстагы «Алиппе» майрамы көңүлдүү болуп өттү. Жүрөк сезимдерде жакшы элестер калды. Жанагы «Алиппе» болгон Айгүмүш, «Эне тил» болуп сүйлөгөн Асек экен. Аларды Фатима эже 1-класстын балдары менен тааныштырды.

— Булар мындан 6 жыл мурда менин колумдан окушкан. Анда Айгүмүш менен Асек силерге окшоп биринчи класста эле. Азыр кызыл жагоо тагынган активисттер, отличник комсомолецтер!— деп сыймыктанды Фатима.

Айгүмүш, Асек баштаган үч пионер «Алиппе» майрамына катышкан 1-класстын окуучуларын куттуктап, өздөрү атайлап чогулткан көркөм адабий китептерден, дептерлерден, боёк карандаштардан кичине бөбөктөрүнө сый кылып берип жатышты.

## ӨГӨЙ ЭНЕ

**Тамсил-аңгеме**

Ысык-Көл кыргыз жеринин күзгүсү эмеспи. Айланасы ак селделүү чокулар менен курчалган. Биздин үй ушул кереметтүү Ысык-Көлдүн күнгөй тарабындагы кумдуу жээк тараптагы бийик секиченин үстүнө салынган. Үстү шифер менен жабылган сүттөй аппак там. Үйдүн батыш тарабында Кара-Көл деп аталган өзүнчө бир булуң бар. Суусу көлдүкүндөй терең эмес. Кандайдыр мөңгү суусунан жаралгандай, Кара-Көлдүн айланасы төө кирип кетсе көрүнгүс калың камыштар менен курчалган. Анда жапайы өрдөктөр көп уялайт.

Күндөрдүн биринде биздин чаар төок жоголуп кетти. Ары издедик, бери издедик, бирок таппадык.

— Жакшы тоок эле, ит, куш илип кетсе керек,— деди апам чебелектеп.

— А балким күрп болуп жүрбөсүн. Анда былк этпей жумурткаларын басып бир жерде жатат да.

Атам да чаар тооктун жоголуп кеткенине кейигендей ушинтип кобурады.

Күн аркан бою көтөрүлүп калган убак эле. Райкан, мен экөөбүз көк музоону Кара-Көлдүн сазын көздөй айдап келе жатабыз. Жел кыбыла тараптан бир аз жортуп, камыш баштары бир аз шуудурап, улам төмөн карай жүгүнгөнсүйт. Түркүн куштардын үндөрү кубулжуйт. Жадырап тийген күндүн ыракатын ырга кошконсуйт. Көк ирим көлдүн алыскы горизонтунда «Жаштык» пароходу чыгышты көздөй баратат. Көк жээкте жапайы каз, өрдөктөр канат сермеп кыргыз жеринин сулуу күзгүсүн ого бетер ажарлантат.

— Райкан! — дедим мен оюмдагыны 2-класста окуган агама билдирип,— мына бул Кара-Көлдүн камышынан каз, өрдөктүн жумурткаларын карай кетеличи.

— Эртең карайбыз. Азыр апам менен базарга барам. Жаңы окуу жылына китептеримди даярдаймын,— деди Райкан байкем.

Көк музоону Кара-Көлдүн сазына жеткиргенден кийин Райкан чымылдаган бойдон үйгө кетти. Мен болсом калың камыштарды аралап каз, өрдөктүн жумурткаларын издеп жүрөм. Жээк тараптан удаасы менен жашыл моюн эки кыргоол пыр этип учту эле, чочуп кеттим. Үйгө кетким келди.

Бирок каз, өрдөктүн аппак жумурткалары кежигемден артка тартып тургансыды. Камыш аралашкан тулаң чөптөр бутума ороло түшүп, ылдамыраак кадам шилтөөгө тоскоол кылат.

Улам бир жерди, уюлгуп өскөн камыш арасын кол менен аңтарып карайм.

Мына, бир кезде күтүлбөгөн окуяга туш болдум. Баягы биз жоготкон чаар töок канаттарын кеңири жайып, ачуу үнүн чыгара кук-кук этип, балапандарды жылуу колтугуна калкалап, дүпүйгөн шыралжындын түбүндө жатат. Жанына жакындай бассам балапандарын менден коругансып, мени көздөй жүткүнө канат жүндөрүн жайып, чапчып алуучудай комдоно калды. Мен сүйүнүп кеттим.

«Апама тезирээк кабар кылайын, атам айткандай күрп болуп бир жерге жумурткалап, балапандарын чыгарган тура жаныбар»...

Мен болгон окуяны үйгө айтып келдим. Чаар тоокту атам балапандары менен үйгө алып келди.

— Бирок бул өрдөктүн балапандары,— деди атам. Биз оозубузду ача таң калуу менен жарыша үн катып мындай дедик:

— Эмне үчүн андай?

— Кара-Көлгө жапайы өрдөктөр көп келет эмеспи. Алардын жумурткаларын күрп болгон чаар тоок таап алып, басып чыгарган тура. Күндөр өтө берди. Чаар тооктун балапандары ирденип, чоңоюп калышты.

Күндөрдүн биринде энесинен бөлүнүп калган эки балапанды айры куйрук илип кетти. Ошентип чаар тооктун беш балапаны калды.

— Эми жанымдан чыкпай жүргүлөчү, кагылайын жан жүрөктөрүм,— деди чаар тоок балапандарына жалооруй карап. Беш балапандын экөө өтө эле үрпөгөй жүндүү болду. Анын үстүнө берки үчөөнө күн көрсөтпөй басмырлап тамактарын талашып жеп, тентектиги ашына баштады.

«Канча болсо да сууга сүзүүгө мыкты көнүккөн канаттуулардан эмеспи. Көлмөгө барып ойнотуп келейинчи».

Чаар моок өз ичинен ушинтип ойлоду да, аларды көлмөгө алып барды.

— Энеке, сен эмне үчүн суугa кирбейсиң. Же коркуп жатасызбы? — деди жарыша сүйлөп эки тентек үрпөк баштар.

Чаар тоок ичтеги сырын жашыргысы келбеди. Ал дүпөйүл болуп жүрбөйүн дегендей мындай деди:

— Кагылайын балдарым, силер чындыгында өрдөктүн тукумусуңар. Канаттууга megaктырбай, тумшуктууга чокуттурбай чоңойтуп өстүргөн мен. Силердин табигый дене түзүлүшүңөр сүзүүгө ылайыкталган. А мен болсо суудa сүзгөндү билбейм.

— Оо,— дешти баягы үрпөк баштар ооздорун чормойто, жээкте ойноктошуп,— анда сен өгөй эне турбайсыңбы.

Өгөй... Ушул сөзгө чаар тооктун денеси ымыр-чымыр болуп, канаты кайрыла калды. Көз кычыктарына жаш толуп, 26 күнү кыйналганы, эрди кеберсип ачка болгону, өрдөктүн жумурткаларын өлүү калтырбай, Райкандарды жок издетип, жумшак жылуу канатынын алдына өрдөктүн жумурткаларын басып жаткандыгы, далай ирет жолбун итке жем болуп кала жаздаганы — бардыгы көз алдына элестеди. Чиркин эне жүрөгү кандай! «Өгөй!» деп айтса да, суудa жүргөн балапандарга мээрими ташкындап, көңүл сергитип ойногондоруна жетине албады. Жаш немелер үшүп кетти го дегендей, сыртка жээк тарапка чакыргысы келди. Бирок балапандарынын оюна койду. Качан оюндары канып кургакка чыккылары келгенде кра-кра-кра этишип теңселе басышып, бири-биринин артынан ээрчише энесинин жанына келишти. Чаар тоок калч-калч этип үшүгөн эки үрпөк башты канаттары менен каккылап, кук-кук этип үнүн бийик чыгара мындай деп ырдады:

Балапандарым — ынагым,
Барыңардан сурарым:
Тартип менен өскүлө,
Ташып акыл булагың.
Энем өгөй дегенди
Экинчи ирет балдарым,
Эч чалбасын кулагым.

— Энеке, биз сизди ар дайым сыйлайбыз. Чыныгы мээримдүү энебизсиң. Жапайы өрдөктүн тукуму болсок да, өз балдарыңдан артык өстүрдүң. Биз сизге ар дайым милдеттүүбүз,— деди эң кичүү балапаны.

Бул жылуу сөздү эки үрпөгөй жактырбагансып, берки кичинекейди кекете көздөрүн аңтара караашты.

— Энеңерди сыйласаңар, силердин өмүр жолуңар да жарык болуп, бакыт-таалайыңар балкысын,— деди чаар воок.

Жадыраган жай айлары өтүп, күркүрөгөн күз келди. Эгиндер орулуп, жер жемиштер жыйналды. Күндүн ысык илеби кайтып, сууктай баштады. Чаар тоок чыгарган өрдөктүн балапандары да чоңойду.

Бирок эки үрпөк баш эненин тилин алган жок. Бир күнү чаар тоокко көрүнбөй кандайдыр батыш тарапка учуп кетишти. Арадан айлар өтүп, жылдар тогошту. Бирок эки үрпөк баштан ушул убакка чейин дайын жок. Берки үчөө болсо аман-эсен чоңоюп, төлүнө төл кошулуп он бештен ашты. Чаар тоокту өз энесиндей урматташып, бир короодо эркин басышып, чогуу тамактанышып сайрандашчу болду.

Ошондой болсо да чаар тоок таарынып учуп кеткен эки балапанын ойлоп:

— Алда алдыңа кетейин үрпөк баш кичинекейлерим аа, кандай гана күндө болду экен. Жаман тентектерим жапайы мергендердин огунан ажал тапты го.

Эмдигиче бир кайрылган жок. Тентек, адепсиз, сугалак болуп өскөндүн кесепети ушул да,— деди.

— Кейибечи энеке. Кейиген ден-соолугуңузга жаман. Биз сизди ар дайым урматтайбыз.

— Ыракмат, ошондой эстүүлүгүңөргө! — Чаар тооктун көздөрүнөн кылгырган жаш анын алыска учуп кеткен балдарына болгон чыныгы мээримдүүлүгүн билгизип турду. Анан ал үнүн жай чыгарып баягы ырын дагы кайталады.

Балапандарым — ынагым,
Барыңардан сурарым:
Таалим алып өскүлө,
Ташып акыл булагың.
Энем өгөй дегенди
Экинчи ирет балдарым
Эч чалбасын кулагым.

— Үрпөк баш балапандарым балким мени издеп келер. Бир уялаштарынын кандай даражага өсүп жеткендигин көрөр,— дейт чаар тоок таарынып кеткен балдарынын жолун ар күн сайын карап.

Эки үрпөк баш келеби же жокпу, силер да байкагылачы, балдар.

## ЖҮРӨГҮМ МОСКВА

**Очерк**

...Дүйнөдө достуктан артык эмне бар. Достук деген кубаттуу сөз кулакка угулар менен көз алдыга керемет турмуш элестейт. Гүлдөгөн кыштактар, шаарлар ар улуттун балдарынын бир үй-бүлөдөй ынтымактуулугу, ырдаган ырлары, бийлери, шайыр жүздөрү ча-

гылат. Мекенибиздин көркү жана сыймыгы болгон Москва достуктун жүрөгү экендигин эч ким унутпайт.

Ооба, сүйүктүү борбор дүйнөгө достук мээримин төгө, өзүнө келген меймандарынын колун кыса тосуп алат. Ар кандай улуттардын достугун бекемдейт. Тынчтык нурларын себелейт.

Жакында биз Москвада болуп калдык. Мына, пионерлер Дворецинин кенен залдарын аралап бара жатабыз. Бүгүн бул жерде өлкөбүздөгү балдардын эң жакын кеңеш берүүчүсү, акылчысы, чыныгы досу болгон «Пионерская правда» газетасынын 40 жылдык майрамына байланыштуу салтанаттуу кече өткөрүлмөк. Салтанат кечеси болор алдындагы пионерлер Дворецинин мүчөлөрүнүн толкундоосун айтпа... Өзгөчө, пионердик ансамблдеги балдардын жүрөктөрү элеп-желеп болуп алып учуп «Биздин сүйүктүү досубуз «Пионерская правда» газетасынын 40 жылдык юбилейине арналган концертибизди мыкты аткарып берсек экен... Олтурган элдер кубанып колдорун чабышса... өзүбүз да кубансак...» деген учкул ойлору канат күүлөбөй койгон жок.

Бир кезде жүзүнөн кубанычтын нуру жанган 50 жаштар чамасына барып калган, орто бойлуу, толмоч, чачын кыроо баскан аялга жана кызыл жагоо тагынып, окуучулук форма кийген күлүңдөгөн көз пионерге жолугуп калдык.

— Сиз Монголиядан эмессизби?

Алиги аял тык токтой калды да ушундайча суроо берди.

— Жок, биз күнөстүү кыргыз республикасынан.

— Эң жакшы болбодубу.

Бет маңдайыбыздан чыккан мээрим жүз аял алыста жүргөн баласы менен сагынып көрүшкөндөй сүйүнүп кетти. Жанындагы кызга «коё тур, садагасы, чо-

гуу барабыз, шашылба» деп эскертти да колундагы көк блокнотун ача коюп калемин даярдап мага тигилди.

— Таанышып коёлу. Менин атым жана фамилиям Серафима Абрамовна Переперзаева. Ленинграддын Ильский районундагы № 348-мектепте директор болуп иштеймин. Окуучу балдарым үчүн адрес алайын дедим эле.

— А адрес дейсизби. Анын кандайча кажаты бар?

Мен адрестин маанисине анча түшүнө бербей Серафима Абрамовнага сырдуу карадым.

— Оо, Москва достуктун жүрөгү эмеспи. Сизден ушул Москва шаарынан Кыргызстандын борборундагы бир мектебинин адресин алсам, аны өзүбүздүн жаш ленинчилерге тапшырсам кыргызстандык тоо балдары менен достук байланышты түзүп алышат. Достук каттарын, белектерин жиберишет.

Достук деген жалындуу сөз бүткүл сезимди бийлеп жиберди. Бүткүл денем достук толкунунда термелип, жүрөккө кубанычтуу ойлор пайда боло калгансыды.

— Эң жакшы болот, Серафима Абрамовна, биз достук үчүн дайым даярбыз!

Серафима эжеге Фрунзе шаарындагы эң мыкты № 38—сегиз жылдык мектептин адресин берип, ал мектеп жөнүндө билгендеримди айттым.

— Мектептин дружинасы жети жылдыктын жандоочусу деген ардактуу наамды жеңип алды. Дружинанын летопистик баракчаларында эң жакшы иштер жөнүндө кеңири баяндалат. Музыкалык ийрими мыкты иштөөнүн натыйжасында 1-февралдан баштап 84 орундуу музыкалык мектеп ачылды.

Серафима менин сөзүмдү бөлүп жиберди.

— А интернационалдык достук клубу барбы?

— Бар. Ал достук клубуна 70 окуучу мүчө болуп өтүшкөн. Бул мектепте дүйнөдө аялдардан биринчи чыккан баатыр космонавт Валентина Терешкова-Николаевнанын өтмө желеги да келген. — Мен айткан маалыматтарды Серафима эже кыскача жазып алды да:

— Рахмат, сизге, биздин Ленинграддагы 348-мектептин пионерлери кыргызстандык жаш ленинчилер менен достук байланыштарды түзө башташат.

Серафима ушундай деди да жылуу жылмайган мүнөздө жанындагы кызыл жагоочон кыздын маңдайынан сылап эркелете, аны колтуктап узун зал менен жогору карай басты. Биз да аралашып бараттык. Алиги кыз ушул пионерлер Дворецинин активдүү мүчөсү Ира Ефимова экен. Пионер Ира бизге өздөрү өткөн окуу жылында дем алган «Жашыл жаңырык» деген пионер лагердеги кызыктуу иштердин фото стендасын көрсөттү. Фото стендада Ира Ефимованын да сүрөтү турат. Ал кулинария жана кийим тигүү боюнча пионер-инструктор деген ардактуу наамды жеңип алыптыр. Вася Сухов жыгач устачылык, Таня Перелишина өздүк-көркөм чыгармачылык, Юрий Зубков авиомоделист, Сергей Миронов радио-техника боюнча пионер-инструктор деген наамды алышып ардак грамоталары менен сыйланышыптыр.

— Ира, силердин Дворецтеги достук клубунун девизи кандай?

Ира такалбай жооп кайтарды.

— «Дүйнөдөгү бардык балдардын достугу үчүн, планетадагы тынчтык, бакыт үчүн» деген девизибиз бар. Клубдун бардык катышуучулары, ар бир секция боюнча катышат. Мында союздук республикалар, социалисттик өлкөлөр, Батыш Европа өлкөлөрү, латын Америкасы, Араб өлкөлөрү жана башкалар боюнча

секциялар бар. Клубдун айрым мүчөлөрү англис, немец, италиян жана араб тилдери боюнча да окуй алышат.

— Клубдун ардактуу мүчөлөрү кимдер?

— Н. С. Тихонов, Альваро Куньян, Эрих Визнер, Генри Уинстон, Анхоло Алонсо, Манолис Глезос жана башкалар.

Пионерлер Дворецинин активдүү мүчөсү Ира пионердик ансамбль жөнүндө да айта кетти.

— Мына, береги «Биздин мурдагы тарбиялануучулар» деген фото газетаны караңыздарчы. Азыр булар театрларда иштеп жатат. Мисалы, биздин пионерлер Дворецинен тарбияланган Ольга Рябцева, Николай Якуб, Станислав атындагы театрда, ал эми Николай Симачев, Юрий Джанов жана башкалар ССР Союзунун академиялык чоң театрында таланттуу артисттерден болуп иштешет. Бир кезде «Пионерская правда» газетасынын 40 жылдык юбилейине арналган салтанат кечеси да башталды. «Пионериянын» тарыхы анын көп миллиондогон жаш окуучу достору, газетада иштеген мурдагы кызматкерлери — балдар жазуучулары жөнүндө сөз болду. Ондогон куттуктоолор, телеграммалар окулду. Бир оокумда биздин катарыбызда олтурган африкалык акын Диаварага куттуктоо сөзү берилди. Ал өзүнүн эң жакын досу болгон «Пионерская правданын» 40 жылдыгын куттуктоо менен бирге, газета улуу орус тилин үйрөнүүгө чоң көмөкчү болгондугун, анын активдүү кабарчысы экендигин айтты. Андан кийин «Пионериянын» урматына арналган эне, гүл жөнүндөгү ырларын өз эне тилинде, орус тилинде көркөмдөп окуп берди. Шаңдуу жаңырган кол чабууларды айтпа...

Биз мына ушундан улам африкалык акын «Пионерканын» активдүү кабарчысы жана досу Диавара

менен тааныша кеттик. Кол кысыштык. Анын көздөрү жайнап, көмүрдөй кара өңүнөн зор кубаныч, толкундоо сезими байкалгансыйт. Жылмайып күлгөндө күрүчтөй тиштери кашкая жайнап, бакыт көлүндө балкыгансыйт. Ал башын ийкеңдете кол алышып, өзүн тааныштырганда коюу тармалданган кара чачы селт-селт эте, орус тилинде сүйлөп ар бир көз карашынан чыныгы мээримдик, бузулбас достук, бир туугандык жалыны чачырап тургансыды.

— Диавара, сиз мекенибиздин жүрөгү болгон Москванын кайсы окуу жайындасыз?

Африкалык дос орус тилинде жооп бере баштады.

— Москва — бул өмүр бою эсимден кеткис улуу достуктун, жаштыктын шаары. Аны жанымдай сүйөмүн. Мында ар улуттан күткөн досторум көп.

Мен быйыл Максим Горький атындагы адабият институтунун 3-курсунда окуп жатамын.

Диаваранын балдар газеталарына, ошондой эле журналдарга ырлары чыгып турат экен. Муну сыймыктануу менен эскерди.

— Мен балдардын турмушунан, өзгөчө африкалык балдардын турмушунан, достук, тынчтык эмгек темаларына арналган чыгармаларды жазууга аракеттенип жатам.

Ал жайкы каникулда өз өлкөсүнө барганда Советтер Союзу, андагы жашаган бактылуу балдар жөнүндө көп аңгемелерди айтып берип, ал жөнүндө көркөм чыгармаларды жаратып жаткандыгын белгиледи.

— Өзүңүз кайсы республикадан?

— Кыргыз!...

Диавара кыргыз деген атты кайталап жылмайып койду.

Бул көрүнүш достукту айгинелеп турду...

...Кече салтанатына арналган ыр-бий ансамблинин

концерти башталды. Концерт «Пионердик дружинанын маршы» деген хор менен ачылды. «Ленин менен сүйлөшүү...» Бул хор аткарылганда музыка жаңырып, сахнанын төрт тарабында кызыл туулар желбиреп турду. Ленин бизге бакыт-таалайды, улуу достукту, жемиштүү эркин эмгекти, бактылуу балалыкты бергендиги ырдан улам көз алдыга тартылып турду. «Биздин балдар», «Талаа, талаалар» деген оркестр менен коштолгон ырлар, ар кайсы улуттун бийлери аткарылганда өзүңдү бактылуу сезип, сахна тараптагы кызыл жагоочон аткаруучуларга кайра-кайра чын жүрөктөн чыккан алкыштарды айткың келип турду.

«Баатыр пионерлер» деген музыкалуу постановка коюлганда залда тымтырстык өкүм сүрүп, жүздөгөн көздөр сахна тарапка кызыгуу менен тигилди. Тигил сахнанын төр жагында пионер баатырлар, алардын эл, жери үчүн көрсөткөн эрдиктери балеттик кыймылдарынан байкалат. Кызыл тууну бооруна кучактаган, жырткыч душмандардан жапа чеккен баатыр пионерди бир топ балдар жараланган жеринен таап алышат. Ошентип сахнада ойногон жаш ленинчилер баатыр пионерлердин сүрдүү элестерин көрүүчүлөргө даана жеткирет. Олтурган адамдардын сезимин душманды жек көрүүгө жетелеп, даңазалуу эрдиктерге, бузулбас достукка үндөйт.

— Мен бул жөнүндө африкалык балдарга сөзсүз айта барамын,— дейт Диавара пионерлердин көркөм өнөрүнө бөтөнчө ыраазы болуп.

— Мен дагы... Жөн гана айта барбастан, өз мектебибиздин сахнасында мындай постановкаларды коёбуз,— деди Серафима Абрамовна.

— А мен болсом... бул достук кездешүүлөр, концерт жөнүндө атайын жазармын дедим.

Биздин жакшы ой-максаттарыбызды айттырып достук сезимин козголткон «Пионерканын» 40 жылдыгына чын жүрөгүбүздөн алкыш айттык. Ильич шамдары балбылдап жанган жылдызлуу шаар Москваны пионерлер Дворецин орношкон Ленин тоосунун чокусунан карап алып өзүмчө толкудум.

— Ар тилдеги миллиондогон адамдардын асыл сезимин достук мээримге, достук шаңына бөлөп, тынчтык нурларын төккөн жүрөгүм Москва, мындан да көрктөнүп сулуулана бер! Сен көп элди баш коштурган Ата-журтубуздун сыймыктуу тирегисиң жана достуктун жүрөгүсүң.

**Мазмуну**


| | |
|---|---|
| Жаш өмүрлөр . . | 5 |
| Бийик тоонун балдары | 132 |
| «Алиппе» майрамы . | 160 |
| Өгөй эне . . . . | 167 |
| Жүрөгүм Москва . . | 172 |



Исабек Исаков

**ЮНЫЕ ГОДЫ**

**повесть и рассказы**

на киргизском языке

ДЛЯ ДЕТЕЙ МЛАДШЕГО ШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА
ТЕСТИЕР БАЛДАР ҮЧҮН

Художник *Т. Ахмедов*
Редактор *Д. Сулайманов*
Худож. редактор *А. С. Мисюрев*
Техн. редактор *С. Сарыгулов*
Корректор *К. Кангельдиева*

Терүүгө 29/III-1973-ж. берилди. Басууга 30/VII-1973-ж. кол коюлду. Кагаздын форматы 70×108¹/₃₂, 7,88 басма табак, 7,42 учёттук басма табак. Д—03759. Заказ № 1104. Тиражы 8000. Мукабасыз баасы 24 т. Мукабасы 7 т.

720461, ГСП, Фрунзе, 5, ул. Жигулевская, 102,
Киргизполиграфкомбинат Госкомитета Совета Министров Киргизской ССР по делам издательств, полиграфии и книжной торговли.